# Мазмун


1 Бөөмбаев Насирдин жана анын кол жазмасы 3

2 Кол жазманын жана тарыхты билүүнүн мааниси 3

3 Автор жана анын ата бабалары тууралуу кыскача маалымат 4

4 Жубайы, балдары жана неберелери 6

5 Бөөмбаев Насирдиндин санжырасы 8

5.1 Нух жана Нухдун үч уулу тууралуу хикая . . . 8
5.2 Хам балдары . . . 8
5.3 Жафас балдары . . . 9
5.4 Коом туранилер . . . 9
5.5 Фасил Йафес балдары . . . 9
5.6 Фазли түрки уруктары . . . 10
5.7 19-бет: Магул тууралуу . . . 13
5.8 Фасил Костон тууралуу . . . 13
5.9 Фасил кыргыз тууралуу . . . 15
5.10 Төбөй балдары . . . 18
5.11 Коогам балдары . . . 18
5.12 Долон бий . . . 19
5.13 Агул балдары . . . 19
5.14 Тагай бий балдары . . . 20
5.15 Моңолдор, черик, коңурат байаны . . . 20
5.16 52-бет: Кылжыр балдары . . . 21
5.17 Жантай балдары . . . 22
5.18 56-бет: Кусеке балдары . . . 22
5.19 Дайырбек балдары . . . 23
5.20 61-бет: Манап баяны . . . 23
5.21 Үчүкө балалары . . . 25
5.22 Маматкул балдары . . . 25
5.23 Болот балдары . . . 26
5.24 Дайырбек балалары . . . 32
5.25 109-бет: Сыдык, Карабай тукумдары . . . 33
6.1 123-бет: Улук тоо . . . 37

6 Эсенаман 1841-ж. 85 жаш курагында каза болгонун Осмонаалы Сыдык уулу да көрсөтөт (кара: О. Сыдыков. Тарыхы кыргыз Шадмания Б., 1990. 87-б.). Солтолор Кошой бийдин ашын өткөрүп, башкалардан кийин көчүп келген. Бул окуялар илимий салыштыруулар аркылуу да такталууда (кара: Турганбаев Э. Казак-кыргыз байланышы тууралуу тарыхый маалыматтардагы кээ бир кемчиликтер. //Эл агартуу. 2004. №11-12; Ошонуку эле. XVIII к. экинчи жарымындагы казак-кыргыз мамилелери –тарых барактарында. //Алымбектин санжырасы.). 37

6.2 137-бет: Тыныбек балдары . . . 41

6.3 145-бет: Токо балдары . . . 42

6.4 Молой . . . 42

6.5 148-бет: Чечей балдары . . . 42

6.6 Абыла балдары . . . 43

6.7 153-бет: Элчибек балдары . . . 44

6.8 Орозбак балдары . . . 45

6.9 Мырзакул байаны . . . 45

6.10 160-бет: Икайа . . . 45

6.11 164-бет: Тынымсейит уругу . . . 46

6.12 Мортук балдары . . . 46

6.13 Токтогул балдары . . . 47

6.14 Шыкмамат балдары . . . 49

6.15 Куртка мерген балдары . . . 49

6.16 Чертики балдары . . . 50

6.17 Фазли солто уруктары тууралуу . . . 50

6.18 Култуу балдары . . . 50

6.19 Чаа уругу . . . 51

6.20 Бөлөкбай балдары . . . 51

6.21 Бүтөш балдары . . . 51

6.22 Канай балдары . . . 51

# 1 Бөөмбаев Насирдин жана анын кол жазмасы

Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер академиясынын кол жазмалар фондусунда №808 шифр менен элибиздин баа жеткис тарыхый жана маданий мурастарынын бири катары Бөөмбаев Насирдинден калган кол жазма сакталып турат. Кол жазманы Илимдер академиясына 1990-жылы Насирдиндин уулу Мукамбет тапшырган. Бирок, аталган кол жазма Мукамбет атага, андан академияга түшкөнгө чейинки тарыхы тууралуу да азыноолак кеп сала кетели. Анткени, автордун көзү өткөндөн кийин кол жазма анын жубайы Бөжөй апанын колунда калып, кантсе да бизге анын бүйрөлүгүнөн жеткендей.

1937-жылы өмүрлүк жолдошунан ажыраган Бөжөй апа, кол жазманы көздүн карегиндей сактап, кишиге көргөзбөй, сандыкка салып, катып жүрүптүр. Ал тургай өз балдарына да карматпагандыгы айтылат. Бир чети замандан коопто нсо, экинчиден эрден эрте калып, үй-бүлөөнүн түйшүгүн жеке өзү тартканына карабастан, кол жазма баалуу эстелик экендигин жакшы түшүнгөн. Ошентип кол жазма өзүнүн купуя сырын катып, сандыкта бир топ жыл жатып, алгачкы жолу 1953–54-жылдары изилдөөчүлөрдүн көзүнө чалдыккан. Ушул жылдары кыргыз элинин этногегезин (келип чыгышы, теги) изилдөө багытында СССР Илимдер академиясы тарабынан комплекстүү археологиялык–этнографиялык экспедициясы уюшулган. Анын Түндүк Кыргызстан боюнча бөлүмүнүн жетекчиси болуп дайындалган С. М. Абрамзон биринчи жолу ушул кол жазманы пайдаланган. Ал өзүнүн «Түндүк Кыргызстандын кыргыз калкынын этникалык курамы» деген изилдөөсүндө эң маанилүү маалыматтарды берген санжыра айтуучу билермандардын катарына кол жазманын авторун көргөзүп: «Боомбаев Насретдин (умер в . в возрасте 46 лет, учитель: запись сделана по рукописи), племя сары багыш, жил в с. Карал-Дёбё Кеминского района» деген[1] кыскача маалымат берген. Демек экспедиция мезгилинде С.М. Абрамзон Насирдин молдонун колжазма-дептери жөнүндө угуп, аны кызы Бөжөй апанын колунан көргөн жана өзүнө керектүү маалыматтарды алган. Кол жазманы Илимдер академиясына тапшыруу жөнүндө сөз ошондо болушу мүмкүн. Бирок Бөжөй апа аны эч кимге ыраа көрбөсө керек. Ал тургай кыргыздын көрүнүктүү жазуучусу Аалы Токомбаев сураганда берген эмес экен. Көзү өткөнчө кол жазманы бекем сактап, кийин аны уулу Мукамбетке калтырган.

Мукамбет карыя араб жазуусун окуй албаса да, кол жазмага өтө аяр мамиле кылган. Болгону өзүнө ишениктүү, эскиче кат тааныган киши болсо дептерин окутуп, айрым бөлүктөрүн көчүртүп алган. Көчүрмөнүн кыскартылган нускасы менен ал киши 1990-жылы күзүндө Ысык-Көлдүн Шалба айылында өткөрүлгөн санжыра айтуучулардын биринчи жыйынына катышып, татыктуу орундардын бирин ээлеген. Баарыдан да Мукамбет карыянын кол жазманын түп нускасын Илимдер академиясына өткөрүп бериши эң туура чечим болгон, башкача айтканда кол жазма тарыхый мурас катары өз ордуна ээ болду.

Эскерте турган бир нерсе – бул санжыранын кээ бир үзүндүлөрүн Нурдин Ысмайыл уулу «Көк-ойроктой көркөм жер барбы: Карал дөбө, Кайыңды айылынын санжырасы» деген китебине пайдаланган. Китеп 2006-ж., Бишкек ш. жарык көргөн.

# 2 Кол жазманын жана тарыхты билүүнүн мааниси

Абалтадан бери эле кыргызда жети атасын билүү парз болуп келген. Жети атаны билүү тарыхты билүүнүн башаты. Элибиз өткөн тарыхын бири-бирине оозеки айтып, кийинки муундарга ушинтип калтырып келген эмеспи. Ушундай салтты биринчилерден болуп, молдо Осмонаалы Сыдык уулу оозеки эмес, кагаз бетине түшүргөн жана аны бастырып, китеп катары чыгаруу

[1]Кара: Труды Киргизской археолого-этнографической экспедиции. М., 1960. Т. IV. с. 93.

менен элге жеткиргиси келген. Тарыхты билүү өнөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүн терең баалаган Осмонаалы Сыдык уулу ошондо эле «жүрөгүндө оту бар жигиттерге тарих билүү керек жана ал тарих абдан бир эске ала турган илим»-, деп жазат. Кыргызда ушул чыйырга жол салган Осмонаалы молдодон кийин атын атай турган адамдардын катарында Белек Солтоноев менен бирге Бөөмбаев Насирдин жана анын кол жазмасын айтууга болот. Ошондуктан Бөөмбаев да учурунда кыргыздын «жүрөгүндө оту бар» жигиттеринен болгон деп айтсак жаңылышпайбыз. Ал кезде азыркыдай маалымат алуунун арбын каражаттары болбосо да, Насирдин молдо эл оозунанан жазып алган санжыралардан сырткары мугалимдик кесибине байланыштуу изденип, көптөгөн китептерди окуп, дүйнөлүк тарыхтан да кабар алгандыгын баамдайбыз. Адамзаттын таралышы, эзелки Вавилон цивилизациясы, байыркы сак, түрк насилиндеги элдердин келип чыгышы, моңгол доору жана Чыңгыз хан тарыхы сыяктуу кол жазмадагы маалыматтар автордун көптөн кабардар экендигин айгинелейт. Алардын ичинен Насирдин молдо өзүнө чейин жарык көргөн тарыхчылар Абулгази Бахадур хан жана Осмонаалы Сыдык уулунун эмгектерине таасирленгендиги, ал тургай айрым маалыматтарды пайдалангандыгы да көрүнөт. Башкы көч кайда барса, кийинки көч ошону ээрчийт дегендей, Насирдин Бөөмбаев аталган тарыхчыларга теңелүүгө аракеттенип, элинин өткөндөгүсүн өз алдынча жазууга бел байлаган. Аны Осмоналы Сыдык уулунда эскерилбеген же айтылбаган автордун кол жазмасындагы бир катар маалыматтар көрсөтүп турат. Айталы, мурда санжыранын башка варианттарында аз көңүл бурулган жантай, таздар, абыла, сабыр, чагалдак, өзүк, молой, чечей, тынымсейит сыяктуу жана башка уруктардын генеалогиялык санжыралары жөнүндө кеңирирээк маалыматтарды табабыз. Андан да манапчылык доордун башталышы, өзгөчө Ормон хан жана анын заманындагы кыргыз уруу-уруктарынын өз ара мамилелери, тышкы жоого каршы күрөшү тууралуу даректүү маалыматтар камтылганы кызыктуу. Ушул окуялардын өңүтүндө кол жазманын автору кыргыз-калмак мамилелерин өзүнүн ата бабаларынын башынан кечирген окуялар аркылуу баяндап берүүгө аракет жасаган. Ал окурмандарды кайдигер калтырбайт. Дегенибиз, Дайырбек тукумдары болгон жантай уругунун бир нече үй-бүлөөсү, бир канча муун өткөндөн кийин гана калмактын туткунунан бошонуп, эл-жер, ата-журтун издеп, таап келиши ошол учурдагы кыргыз калкы үчүн олуттуу маанидеги окуя болгон.

Болбосо тарых көрсөткөндөй, калмактардын карамагында жүрүп, ал хандык кулагандан кийин, 1757-жылы Сибирдин Колыван тилкесиндеги орус бийлигине букаралыкка өткөндүгүнө карабастан, башка элдерге дайынсыз сиңип кеткен 40 түтүн (жалпы саны 220 жан)[2] Ала-Тоолук кыргыздардын кейпин кийип калышы мүмкүн эле. Бул кол жазмада мурда бизге учурай элек оригиналдуу маалыматтар менен камтылганы жана Насирдин молдонун тарыхы, тарыхты жазуунун улуттук маданиятынын башатында тура турган эмгектердин бири экендигин белгилеп турат.

## 3 Автор жана анын ата бабалары тууралуу кыскача маалымат

Теги боюнча Насирдин молдо (1890–1937) сарыбагыштардын жантай уругунан. Насирдиндин атасы Бөөмбай, анын атасы Куталы, анын атасы Байкожо, анын атасы Жакам, анын атасы Дайырбек, анын атасы Акий, анын атасы Кусеке, анын атасы Бөрүчөк, анын атасы Дөөлөс, анын атасы Кылжыр, анын атасы Тагай бий.

Жантайлар сарыбагыштардын ичиндеги чоң уруктардын бири болгону менен XIX к. бөлүндү абалда ири манаптарга көз каранды болуп калган. Анткени кыргыздын көчмөн коомунда бийликти манаптар жүргүзүп, өзүлөрүнүн саясий-экономикалык абалын бекемдөө үчүн кээде башка уруу-уруктарды бириктирип алышкан[3]. Россия империясынын карамагына киргенге чейин Түндүк

[2] Караңыз: Кыргызстан-Россия: История взаимоотношений.XVIII-XIX вв.Сб. док. и материалов. Б., 1998. с. 35-43.
[3] Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча таңдалма эмгектер. Б., 1999. 653– 656-б.

Кыргызстандагы жалпы сарыбагыш журтуна баш кошкон майда топторду жалпысынан эсенгул жана тынай уруусу бийлеп турган. Мисалы, автор көрсөткөндөй Жантайдын бир бутагы болгон Дайырбек тукуму 1852-жылы эсенгул элинен бөлүнүп, тынайларга кошулган. Буга окшогон маалыматтарды XIX к. орус авторлору да эскерет. Саякатчы Ч. Валиханов боюнча Үмөталы манаптын карамагындагы 250 түтүн жантайды Сүйүндүк Кенже, 350 түтүн калмакыны Байсереке Черикчин, 150 түтүн аюкени Баястан Сатубалдин башкарып турганы көрсөтүлгөн. Насирдин молдо да өзүнүн кол жазмасында ушул мезгилдеги жана ага чейинки жантай уругунун башынан кечирген тарых тууралуу кеңири маалыматтарды келтирген. Россиянын карамагына киргенден кийин коомдук-саясий турмуш өзгөрүүгө учурап, болуштук (волосттук) башкаруу киргизилген жана жергиликтүү балдарды окутуу багытында иштер бир аз болсо да колго алына баштаган. Ушундай ишти баштагандардын бири манап Шабдан баатыр 1909-жылы Кеминдин Тар-Суу деген жерине өз каражаты менен медресе курдуруп, мугалим жалдап, балдарды окута баштаган. Учурунда мындай мектеп-медреселер жергиликтүү балдардын билимин ачууга абдан чоң рол ойногон. Анткени ал жөнөкөй эле катардагы медресе болбостон, жаңы методдогу (усулу-жадид) мектеп болуп, анда дин илиминен (кураани каримди жаттоо, шарият жол-жоболорун үйрөнүү) сырткары арифметика, география, чыгыш адабияты сыяктуу жаңы сабактар киргизилип, Уфадагы жогорку окуу жайды («медресе Галия») бүтүп келген мугалимдер сабак берген. Оңдой берди болгон билим алуунун мындай мүмкүнчүлүгүн Насирдин да пайдаланган.

Аталган окуу жай тууралуу Осмонаалы Сыдык уулу: «Чубар агачтык Ямлиха карыны Шабдан баатыр алдырып, миң сомго катын алып берип, бир нече жыл жалдады. «Кыраат» (куранды так окуу) илими өтө эле алга кетти. «Наху» (синтаксис), «Сарф» (Морфология) илимдери окутула баштады. Кыраат андан бетер артты. Кыргыз баласынан «карылар» (куранды жат билгендер) чыга баштады. Тарих жуграпия (география), Эсеп илими, «Улуси Жадид» (жаңы тартип окуусу) ...башталды ...бул күндөрү балдарыбыз чоң шаарларга катышып, «Тарих» жаза тургандар чыкты. Уфа шаарына барып, «медресе Алияны» бүтүрүп келүүчүлөр да чыкты. Жана да чоң шаарлардан вазифа (маяна ) төлөп мугалимдер чакыра тургандар да чыкты», -деп[4] жазат.

Кыскасы, «Шабдания» медресесинен билим алуу Насирдиндин болочоктогу жашоо-турмушунда олуттуу өзгөрүш алып келген. Анткени мугалимдер жетишпей, жакшы окуган балдарды кайрадан мугалим кылып, айыл-кыштактарга жөнөтүүгө туура келген. Ошондой окуусун мыкты бүтүргөн 20-30 баланын бири болгон Насирдин 1912–1913-ж. үчүкө эли, тагыраак айтканда Нарын-Куланактагы балдарды окутуу үчүн жөнөтүлгөн.

Бар күчү жана алган билимин жумшап балдарды окутуу иши менен таалыкпай эмгекетенип жүргөндө 1916-ж. кайгылуу үркүн окуясы башталып, ал дагы аргасыздан эли менен Кытайга качууга мажбур болот. Өз ишине кесипкөй болуп калган Насридин каражат таап, окат кылуу үчүн мекенине кайтып келгенче, Кашкардан балдарды окутуу менен алектенген. 1917-ж. эли менен өз жерине кайтып келип, кайрадан Ат-Башы жана Нарын тарапта балдарды окутуп, 1930-ж. чейин билим берүү менен эмгктенип, совет бийлигине да ак кызматын өтөйт. 1930-ж. Ысык-Көлдүн Чоң-Сары-Ойуна которулуп, сүйгөн кесибин улантуу менен ал жерде 1933-ж. чейин эмгкетенет. 1933-ж. киндик каны тамган жерине жакын, Токмоктун Сайлыгындагы Дүрдүн мектебине орношуп, 1937-ж., же өмүрүнүн аягына чейин ушул мектепте иштеп өткөн.

Бөөмбаев Насирдиндин тарыхка карата болгон кызыгуусу мугалим болуп жүргөндө эле башталган. Ал 1930-жылдардан баштап мектепте тарых жана географиядан сабак бере баштаган. Балким бул илимдердин адиси болуу үчүн даярдоо курсунан өттүбү же өз алдынча үйрөндүбү, айтор тарыхка байланыштуу ар кыл маалыматтарды окуп, эл арасынан чогултуп, анын үзүрү катары сиздер окуп жаткан ушул эмгек жаралган.

[4]Осмонаалы Сыдыков. Тарих кыргыз шадмания. Кыргыз санжырасы. Ф., 1990 . 38-б.).

Насирдин молдо дин илимин да жакшы билген өңдөнөт. Анткени Бөжөй апанын айтуусу боюнча Шабдандын медресесин бүткөн эки бала гана – бири Насирдин молдо, экинчиси Абдраим Чуңкелеев куранды жатка билген «кары» болушкан. Насирдин кыязы медресеге киргенге чейин эле дин илими менен тааныштыгы болсо керек. Болбосо 3-4 жылдын аралыгында куранды жат билиш бардык адамдардын колунан келе бербейт. Тилекке каршы, дин илиминин пайдасын көрбөй, совет мамлекетинин жүргүзгөн атеизм саясатынан улам көптүн бири катары кете берди. Бирок анын бала окутуп, билим берген мугалимдик өнөрү жана бабалардын тарыхы тууралуу жазган эмгегинин бизге жетиши, эл алдындагы гана эмес кудай алдында да ак өтөгөн кызмат катары бааланары шексиз.

## 4 Жубайы, балдары жана неберелери

Молдокенин жубайы Бөжөй апа абдан кайраттуу адам болуптур. Келин болуп келгенден баштап үй-бүлөнүн жеңилин-жерден, орун-колдон алып, өмүрлүк жолдошу Насирдиндин түйшүктүү мугалимдик кесибинде жөлөк болуп, дайыма колдоп, жакасын агартып келген. Бөжөй Бегалы кызы да ушул эле сарыбагыш жантайдын ичиндеги кенже тукумунан болгон. Төркүндөрү Кайыңды айылынан экен. Дүйнөдөн 1965-ж., 75 жашында кайткан.

Чоң энеси Бөжөй тууралуу анын өз оозунан уккан маалыматтардын негизинде Закия Насирдин кызы мындай деп эскерет:

Чоң апам Бөжөй чындыкты бетке айткан, калыс жана кайраттуу адам болгон.

«Сөздү өз учурунда айтпаса, сөз атасы өлөт», -деген макалды көп колдоноор эле.

«Калп ырыс кесет»,-деп бизди туура жүрүп, адамга түз мамиле жасоого үндөчү.

Өзүнүн бала кезин: «атам мени 12-13 чыкканча эркелетип, эркек баланын киймин кийгизип, ат ойнотуп, куш салган жерби же конокко барса да мени ээрчитип жүрүп чоңойткон», -деп эскерчү.

Чоң атам Насирдин экөө Нарын тарапта жашаган учурундагы кызыктуу окуялардан бири катары төмөндөгү окуяны эскерип күлүп калаар эле:

Чоң атаңдын тайкелеринин бирөө абдан катаал, аялга каттуу мамиле кылган киши болчу (5-6 аялы болуптур). Бирдеме дей электе эле аялдарын чыркыратып, сабап жиберчү, ал кезде эч ким болушуп, ага кийгилише алчу эмес. Ал учурда адамдардын, өзгөчө келин менен кайнатанын мамилеси өтө сый болгон. Анан ошондой окуя бир нече жолу кайталанганда, чыдабай кирип барып, ортолоруна түшө калдым. Ошондон кийин мен кирип барсам эле тайкемдин ачуусу келип, камчысын силкип, бурулуп басып кетчү. Ошентип нечен жолу аялдарына арачы болуп, таяктан сактап калгам. Бирок тайакем мени кантип жазаласам деп, ойлоп жүрсө керек, бир күнү жайлоого көчөөр кез, ким кайсы атты минет деп бөлүштүрүп, анан жээн келинге (мага) тигил байталды деп азоо байталды көрсөттү. Көч кетти, чоң атаңар жалтаңдай, кылчактап карап, эч нерсе айталбай көч менен кетти (ал кезде каяша айтуу же андай даражадагы адамдын чечимин талкуулоо мүмкүн эмес болчу). Алар узагандан кийин мен жылкычыга кайрылып: «укурук менен кармап, жарга айдап бер, эптеп минсем эле болду», -деп сурандым. Жардан туруп секирип минип, бир топ узап кеткен көчтү кууп жетип, чапкан бойдон тайакеден да өтүп кеттим (байталдан кара тер кеткен), ошондо тайке айткан экен: «кой бул келинге кол койдум», -деп. Бөлөк ат бердиртти. Ошондон кийин мен аялдарын сабаганын көргөн жокмун.

Чоң апамдын дагы бир кызыктуу окуясы эсте бар: чоң атабыз бала окутууга кетсе эле, ошол айылдан бир киши үйгө келип, олтуруп алчу экен. Анан, шашпа, ушуну кантип экинчи жологус кылсам деп ойлонуп жүрүп, бир күнү чай куюп берип, олтура туруңуз аке, мен баланы тосуп келейин деп, эшикти сыртынан байлап, бекитип, өзү кошунасыныкына кетип калыптыр. Тиги киши чоң атам келгиче олтурган экен.

Кийин түшүнсөм чоң апам жогорудагы окуяларды айтып берүү менен бизди чынчыл, туруктуулук, өткүрдүк жана адамдардын тагдырына кайдигер мамиле кылбоо керек деген маанайда тарбиялооого аракет кылган экен.

Аны менен бирге биздин чоң апалардын тушундагылар акылман, даанышман, жеке өз кызыкчылыктарынан жалпы уруу, эл кызыкчылыгын жогору койгон адамдар болгон деп ойлоном.

Мисалы, кыргыздар илгертен жоокер эл болгондуктан, көп учурда аялдар жесир, балдар жетим калган. Алардын тагдырына кайдигер мамиле кылбастан, кылдаттык менен ойлонушуп, кеңешип туруп, жесир калган аялдын башын башка тууганына байлап коюшкан.Муну менен бир топ социалдык маселелер чечилген: биринчиден, балдар жетим калган эмес, каккы-сокку жебей, өз урусуунда чоңоюшкан. Экинчиден, аялдар көп учурда жаш калгандыктан, төрөтү токтобостон, элдин саны көбөйүп турган.

Чоң апам өңдүү акылман байбичелер мурунку муунда көп болгондуктан, кыргыздар улут катары ушул убакка чейин сакталып келди деп айтсак жаңылышпайбыз. Ага мисал, чоң апамдын көзү өткүчө уруу аксакалдары келип, эмне болсун кеңешип турушчу.

Небереси Насирдинов Эсенгулдун эскерүүсү боюнча Бөөмбаев Насирдинден 3 уул калган. Эң улуусу Насирдин уулу Токтобай. Ал 1924-ж. туулуп, 1941-ж. Улуу Ата Мекендик согушка кетип, ошол бойдон кайра кайтпай, андан бала калган жок. Үчүнчү уулу Кайкы. Ал 1931-жылы төрөлгөн. Жаштыгына карабай «баардыгы согуш үчүн, баардыгы жеңиш үчүн» деген ураан алдында чоң кишилер менен иштеп жүрдү. 13 жаш курагында кырман бастырып жатканда кокустук болуп каза тапкан. Кайкы мектепте окуп жүргөндө эле ыр жазып, Манас айтып, эки классты бир жылда бүтүргөн экен. Кайкы байкең тирүү болгондо андан чоң жазуучу же чоң акын чыкмак деп, Кебеков Балбан агайдын айткандарын унутпайм.

Менин досум Эмилдин атасы Кантай аксакалдын 70 жылдык тоюнда комуз чертип ырдап берсем, Кайкы байкесин ушул Эсенгул тартырыптыр деп Кантай ата айткан эле.

Насирдиндин экинчи уулу Мукамбет 1926-ж. төрөлүп, 1996-ж. 70 жаш курагында каза болгон. Колхоз түзүлгөндөн баштап өмүрүнүн акырына чейин тынымсыз эмгектенип, ар кандай кызматтарда иштеген. Мукамбеттен 10 бала бар:

Эң улуусу Сабыркул. Ал Ысык-Көлдө, Чоң-Сары-Ойдо жашайт.

2. Насирдинов Субан. Бишкек шаарында турат.

3. Насирдинова Зания. Бишкек шаарында турат.

4. Насирдинова Жакшылык. Бишкек шаарында турат.

5. Насирдинова Бурулча. 1985-жылы каза болгон.

6. Насирдинов Кубан (Шатен). Бишкек шаарында турат.

7. Насирдинов Эсенгул. Базар-Коргон районунун аскер комиссары, полковник.

8. Насирдинова Сайрагул. Бишкек шаарында турат.

9. Насирдинов Эмил. Үй-бүлөсү менен Россияда жашайт.

10. Насирдинова Эдил. Ата очогун улантып, Чоң-Кеминде.

Насирдинов Эсенгул Мукамбетович – 1965-жылы туулган.

Асанов Т. И. тарых илимдеринин кандидаты

# 5 Бөөмбаев Насирдиндин санжырасы[5]

5-бет: Өзүнө ээрчиген 80 киши менен кемеге түшүп, кемесине ар жаныбардан бир эркек жана бир ургаачысын алып, кемесине салган[6]. Нухдун[7] кемесине түшкөндөр аман болуп, түшпөгөндөрдүн баары өлгөн. Эски тарыхтын айтуу боюнча жана кеменин ичинде жүргөндө (Оба, Уба ??), жугуш оору болуп, 80 киши бары өлдү[8]. Ошол жер жүзүндөгү элдин баары Нухдун үч уулунан тарады. Ошон үчүн Нух пайгамбарды 2 адам деп айтылат.

## 5.1 Нух жана Нухдун үч уулу тууралуу хикая

Нух пайгамбар үч уулу менен тофон суу тартылып, кеме токтолуп, жер кургагандан кийин жерге түшүп, токойдун арасына келип жатты. Токойдон жемиш жеди жана уктады. Уктап келип, үстүндөгү көйнөгүнүн этегин 6-бет: ауратын ачып кетти[9]. Хам күлүп калды, этегин жаба койду. Жафас[10] Хамды тилдеди.

## 5.2 Хам балдары

Хам балдары Африка, Амрика, Асийа жеринде. Хамдын (Африка ?) деңизинин аралдарында (Охоту) жапайы кийик (?) менен оокат кылуучу хинди, нигерлер. Сам[11] балалары менен Африка жеринде жашачу. Мисир[ге] келди. Аны Финикияны, Сирияны, габриани (?) Гариблар, армениялар, сам уруктары [деп] аталат.

[5]□ Эскертүү: Пунктуациядан башкасы оригинал боюнча сакталды. Бирок, кол жазма өткөн кылымдын башында араб алфавити жана анын лексикасы менен жазылып, «ө», «ү», «ң» тамгалары дээрлик колдонулбай, «п» тамгасынын ордуна «б» тамгасын (мисалы, «болуп» деген сөздүн баары «болуб» делет) пайдалангандыктан, ушулар гана оңдолду. Мындан тышкары башка санжыраларда кайра-кайра кайталанган окуялар, кээ бир белгилүү адамдардын ата-бабаларына кенен түшүндүрмө берилген жок. Аларды азыркы учурда жарыкка чыккан башка маалыматтар менен салыштыруу аркылуу түшүнүүгө болот. Ал эми түшүнүксүз сөздөргө (?) белгиси, окулбай калган жерлерге (...) коюлду.

[6]Сөз уламыштарда көп кезиккен «топон суу» жөнүндө жүрүп жатат. Алгачкы варианты байыркы шумер, аккад эпосторунда, ал эмес майя элинин уламыштарында кезигет. Кийинки окумуштуулар адамзаттын тарыхында бир эле эмес, бир нече жолу топон суу каптаганын эскертишет. Бирок, уламыштагы топон суунун мезгили так аныктала элек.

[7]Динге байланышкан санжыралардын бардык түрүндө кезигет. Инжилде Ной (ивритче ,□□□Нóах (Быт. 5: 29) «сооротkуч, элдештирүүчү» деген мааниде; байыркы грек тилинде Nῶε,) Адам Атанын тукуму — топон суугa чейинки акыркы (онунчу) патиарх. Ламехтин (Лемех) уулу, Мафусаилдин небереси, Сим (Шем), Хам, Иафеттин (Яфет) атасы. Куран боюнча (араб. ,□□□ Нух) – Алланын беш пайгамбарынын биринчиси. Кудай-Таала Нухту жиберип, адамдарды ар кандай идолдорго эмес, Жараткандын бир экенине ишендирүүгө чакырган. Бирок алар Нухту кубалай башташкан (Куран, 71: 23), ошондо ал: «Оо Жараткан! Жерге бир да каапырды калтыра көрбө!» (71: 26) деп жалынган. Ошондуктан Кудай-Таала жерди топон сууга каптатып, кеме жиберип, Нух менен бирге Кудай-Тааланын бир экенине ишенгендерди сактап калган (к. Абул-Гази бахадур хан. Родословие тюрков. Казань. 1908). Курандын көптөгөн аяттарында да кезигип, 28 аяттан турган Курандын 71-сүрөөсү атайын Нухга арналган.

[8]Абу-л Газы Бахадур хандын «Шажарай-и-түрк» («Түркмөндөрдүн санжырасы») аттуу эмгегин кайталап жатат.

[9]Инжил боюнча Хамдан Хуш, Мицраим, Фут, Ханаан тарайт (Быт. 10: 6). Иосиф Флавий – Хуш бул эфиоптор, Мицраим — египетттиктер, Фут — ливийлыктар, Ханаан — еврейлерге чейин Иудейде жашаган элдер деп эсептеген. Ошентип, бүткүл африкалыктар (хамиттер) Хамдын ушул төрт уулунан тараган деген көз караш жаралган. Мындан тышкары Инжилде атасы Ной мас болуп калганда Хамдын уят ишке барганы айтылат. Биринчиден бир туугандарына атасынын жылаңач жүргөнүн айткан (Быт. 9: 22), экинчиден, ал «бир жаман ишке» барган (Быт. 9: 24). Ушундан улам уятсыздыкты орусча «хамство» деп калышкан. Иудейлердин түшүнүгү боюнча Хам атасын бычып салган. Ал эми белгилүү америкалык фантаст Айзек Азимов Хам атасын зордуктап салган деп түшүндүрөт. Анткени байыркы инжилде «жыланачтоо» деген сөз «зордуктоо» дегенди түшүндүргөн. Бул жерде сөз ошол окуялар жөнүндө болуп жатса керек.

[10]Иафéт (ивритче ,□□□ Йéфет, «[Кудай] өзү жар болсун», лат. Iafeth, араб. ,□□□□ Яфид, греч. Ιάφεθ). Диний тарыхта Иафеттен европалыктар (ак раса) тарайт деп айтылат. Кээ бирде аларга монголоид расасын да кошушат. Чыгыш элдеринде Жафас (Яфас, Яфет) деп аталып, Абу-л Фазл Аллами боюнча Нухтун балдарынын ичинен эң калысы болуп, анын тукумунан хандардын ханы, бүткүл Түркстандын падышалары тараган. Ал түрктөрдүн түпкү атасы (Абу-л-түрк) деп таанылып, кээ бир тарыхчылар аны Алунжа-хан деп аташкан.

[11]Сим (ивр. ,□□ Шем) Инжилде Нойдун улуу уулу, сем («семит») уруулары ушундан тарайт деп эсептелет.

## 5.3 Жафас балдары

Ариялар жана туранийлер деп бөлүнөт[12]. Иран, хинди, сарт (...?) 7-бет:, инглиз, немис, орус, сираб жана башкалар болуп, коом арийлер – жаңы, ак түстүү коомдор [деп] аталат. Азыркы замандын дөөлөтү ушул уруктардын колунда турат.

## 5.4 Коом туранилер

Турани коомдору Азия жеринде жашачу. Кытай, жапон, хинди кытайлары, татар, фин, осмон түрктөрү, казак, кыргыз, калмак, кара калпак, уйгур түрктөрү жана башкалар. Эски тарыхтардын айтуу боюнча турани коому деп айтылат.

## 5.5 Фасил Йафес балдары

Йафес Нухдун бир уулу болуп, көп жаш жашады. Өзүнүн (8) уулу болуп, улуу уулу түрк, хазар, саклаб[13], кытай, камари (?), тарих (?), жайуб (?), манжурлар болуп, батыш жагы Истамбул, 8-бет: андан тартып бүткүл Азия жерине дейре таралып, жайуб аралдарынан таримжатке (?) жана беренгуб бугузуна (Берингов кысыгы?) чейин тарашкан.

Өзүнүн көп жашоо аркасында балдар арнап, бир канчалык балдарын көрдү жана көбөйүү себептүү экиге бөлүнүп, Истамбул бугусунан (Дарданелл жана Босфор кысыгы?) өтүп, Жавропия (Европа ?) жери жана Америка, Азиянын күн тарабындагы Кавказ жыныcы жагы, ак жыныстуу калктардын белгиси[14]. Эски тарыхиянын айтуу боюнча өңдөрү ак, чач(тары) барак[15], баштары чокулуу, көзү оозу (?) болот.

Жыныстын белгиси – өңүри (?) баштары лук (?), чач-сакалы сейрек, көзү кыйгач, чоң жаагынын сөөгү чыгык болот. 9-бет: Булар[дын] көпчүлүгүнүн мүнөзү жалкоо болот деген. Кара жыныстуулар өңдөрү кара, тиштери орсок, чач сакалы катуу, мурну жалпак, чокусу пас, шили чапкандай. Булар өнөр-маданиятсыз жапайы калктар болуп, ак жыныстууларга колония болуп эсептелмекте. Турган жери көпүнчө Африка жеринде. Занжи, заңги, хабаш жана дагы уруктары бар.

Кызыл жыныстуулар[дын] өңдөрү отко салган темир өңдүү кызыл болуп, Американын түп калкы болуп, булар 1492-жылдан тартып Колумбунун[16] Американы таап жана жавропалыктарга кабар кылуу менен жавропалыктар көчүп барып, Америкага орношо баштагандан кийин кызыл жүздүүлөр башында ак жүздүүлөр менен таттуу болушса дагы, айагында ак жыныстуулар жерин алып, ар түрлүү жагынан эзе баштаганына чыдабай жоо болушкан. 10-бет: Бирок жоо болуп урушканы менен ар түрлүү оот[17] менен жабдыктанган ак жыныстарга тең келе албай кырылып, жоголо башташкан. Калгандары болсо ак жыныстуулардын кулу катарында болуп, күнүн өткөрүшөт. Өзүнчө

[12] Биринчи жолу «Авестада» эки форма менен эскерилет: эң байыркысы «арийя» («airya») менен катар «турийя» («tuirya»), кийинкиси «тура» («tura», «tur»). Булар байыркы иран мифологиясы, орто кылымдагы перс, араб-мусулман тарыхый маалыматтары «Aryana» (Байыркы Иран) жана «Туран» деген топонимдин пайда болушуна түрткү болгон. Кийинчерээк «арийлер» деп жалпы индоевропа тилинде сүйлөгөн элди, ал эми «Туран» деп Түркстандын синоними катары кабыл алынып калган (кара: Григорьев В. В. Караханиды в Мавераннахре. О первоначальном значении географического термина Туркестан; //Энциклопедический словарь Брокгауза и Ефрона, т. XXXIV).

[13] Мурунку азия тарыхчылары славяндарды ушинтип атаган.

[14] Жыныстуулар деп, европоид, негроид, монголоид расаларын айтып жатат.

[15] Тик деген мааниде.

[16] Христофо́р Колу́мб (лат. Christophorus Columbus, итал. Cristoforo Colombo, исп. Cristóbal Colón; 1451-ж. күзүндө, кээ бир кабарлар боюнча Генуя шаарында төрөлүп, 20-май 1506-ж., Вальядолид шаары, Испанияда дүйнөдөн кайткан. Анын 1492-ж. Американы ачканын санжырачы жакшы билгени көрүнүп турат.

[17] Балким завод же курал-жаракты айтып жатат.

оокатын кылгандары болсо, дагы азыраак болуп, жаврупалык керек кылбаган пайдасына жерлерде жашамакта жана дагы ак жыныстарга аралашып туруп калгандары да бар.

## 5.6 Фазли түрки уруктары

Йафестин (8) уулу болуп, улуусу Түрк[18].

Түрк атасы Жафас[19] өлөрдөн мурун ордуна кан кылды. Бөлтүрүктүн[20] өзүнөн баштап, тогуз уулуна чейин кан болуп, бет алган 11-бет: душманын жеңип келди. Түрк коомунда (9) тогуз[ду] нарк кылуу – түрктүн тогузунчу уулуна чейин кан болуп келиши тууралуу болгон. Түрк атамыз өзү баатыр жана акылдуу, тартиптүү адам болду. Атасы Йафастан кийин көп жерлерди көрүп жүрүп, бир жерди жактырып, келип турду. Бул убактыда ал жерди Ысык-Көл деп, ал убактыда Ысык-Көл жок болгон (?) күңгөй-тескейи Ала-Тоолорунан чыккан туура суулар күн батышты көздөй агып, Кочкор жана Чоң Кемин сууларына кошулуп, Аралиски море (йагны) – Арал деңизине куйчу. Андан көп жылдан кийин милади ийса[21], ийсаны насаранийлердин[22] ичинен кетишин бүткүл жаврупа калкы эсепке алышат. Мына ошондон (500) жыл мурун Түркстанды текшерип, (Хиродот[23]) деген саякатчы келген. Мына ошол (ушул жерде бир нече барактын № так эмес) убактыда дагы Ысык-Көл жок болгон. Табигат замандын өзгөрүшү менен кийинки убакытта идаа болуп, ошол болуу себептүү күңгөй-тескей тоолорунан чыккан сууларды Ысык-Көл боюна, ягни өзүнө тартып алуу менен Чүй суусу Арал деңизине жетпей калган. Уруктун Ысык-Көлгө баштап көчүп келишине ухдон (?) топон суусунан (514-жылдан) келген. Түтүк Костон Баркан деген уулдары болду. Түрк атасы Түрктүн ордуна туруу бактысында атасы Түрктүн тапшыруу боюнча шаа болду. Ал Түтүк Түрктүн улуу уулу болуп,

---

[18] Түрк элдеринин мифологиялык атасы. Орто кылымдагы чыгыш тарыхында ал Иафеттин (Жапас, Яфас) уулу (небереси, чөбүрөсү) катары белгилүү (толугураак карасаңыз: Бичурин Н. Я. Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена А., 1998. Т. 1). Анын тукумунан чыккан эң көрүнүктүүлөрү Алинжа хан, Могул хан жана Огуз (Угуз) хандар болушкан. Бирок илимий маалыматтар огуз аталган урууларды түрктөрдөн бир канча кылым мурун белгилүү болгонун далилдейт (мисалга кара: Толстов С. П. Огузы, печенеги, море Даукара //СЭ, 1950, № 4; Пигулевская И. В., Якубовский А. Ю. ж. б. История Ирана с древнейших времен до конца XVIII века. Л., 1958, ж. б.). Балыкооз дагы өз санжырасында түрк эмес, жалаң огуздар (кыргыз, казак, катаган, коңурат, жедигер ж. б.) тууралуу кабар берет (кара: Балыкооздун санжырасы. Б., 2009).

[19] Кийинки араб авторлорунда Яфастын тукуму Рум, Саклаб, Армини жана Ифранж (Мухаммед ал-Калби боюнча); Йунан, Саклаб, Бургар, Буржан, Буртас жана Фарс (Гишам боюнча); Түрк, Саклаб, Йажуж, Мажуж (ат-Табари боюнча); Түрк, Бажнак, Тагазгаз, Тибет, Йажуж, Мажуж, Хазар, Аллан, Абхаз, Санария, Журжан, Рус ж. б. (Ибн-Батрик); Ифранж, Саклаб, Нукабард, Ашбан, Яжуж, Мажуж, Түрк, Хазар, Жалалик ж. б. (Масуди).

[20] Чыгыш (Кытай ж б.) уламышы Огуз (Угуз) тукумунун тарашын көк бөрүгө (карышкыр) байланыштырат. Мисалы, түрктөр түндүк хундары (гун) болгон Со тукумунан тарап, ал аймактын бийи Апанбунун 70 бир тууганы болуп, эң улуусунун аты Ичжини-нишыду эле. Апанбу жана анын калган бир туугандары акылсыз болушкандыктан, акыры жок болушту. Ичжини-нишыду болсо карышкырдан туулуп, ошондуктан жаан жаадырып, шамал чакырган күчкө ээ болгон. Ал эки аял алып, биринчиси жай, экинчиси кыш кудайынын кызы болушкан. Биринчи аялы ага төрт бала тууп берип, ...экинчи баласы Цигу (Кыргыз) деген ат менен Афу жана Гянь дарыяларынын аралыгында хандык кылды. Эң улуусу Басычу-сиши тоолорунда жашаган. Бул жер абдан суук болгон жана ал жерде Апанбуйдун тукуму турган. Улуу уулу [Нишыдунун] жылуулук тараткандыктан, алардын баарын сактап калган: ошондуктан алар аны Түрк (Тукюе) деген ат менен өзүлөрүнө башчы кылып дайындап алышкан. Бул Надулу-ше [ше-шад] эле (к. Бичурин Н. Я. Аталган котормо).

[21] Папа Григорий XIII тарабынан эски, юлиан календарынын ордуна 4-октябрь, 1582-ж. католик динине сыйынган өлкөлөр үчүн киргизилген жаңы жылды (григориан) айтып жатат. 4-октябрдын кийинки күнү 15-октябрь, жума болуп кабыл алынгандыктан, 1582-ж., 5–14-октябрь күндөрү календарга кирбей калган. Григориан календарында бир жыл 365,2425 суткага тете болот. Б. а. толук эмес жыл 365, толук жыл 366 суткадан турган. Аны кабыл алуунун негизги максаты Иса (Иисус) пайгамбардын туулган жылын аныктоо болгон. Ал Гай Цезар жана Эмилий Павел консулдук кылып турган жылдарда туулган, ошондуктан ал жыл 1-жыл деп кабыл алынган.

[22] Насара – Куран боюнча христиандар. Кээ бир сүрөө, аяттарда Исаны кудай деп таанышканын күнөөлөйт (9:30, 4:71 ж. б.).

[23] Байыркы грек тарыхчысы Галикарнастык Геродотту (Ἡρόδοτος Ἁλικαρνᾱσσεύς, б.э.ч. 484 — 425-ж.) айтып жатат. Кайсы бир тарыхчылардан Геродот тууралуу окуса керек. Ал биринчи тарыхый трактат — «Тарыхтардын» автору болуп эсептелет. Аны «тарыхтардын атасы» деп биринчи жолу Цицерон атаган. Улуу Скифия жана ондогон антикалык элдердин тарыхын жазып калтырган. Анын Вавилон, Ассирия, Египет, Кичи Азия, Геллеспонт, Кара деңиздин түндүгү, Балкан жарым аралында болгону белгилүү. Бирок Түркстанда болгон эмес. Анын үстүнө «500 жыл мурун» деп да жаңылып жатат. Мындай кемчиликтер мурунку санжырачылардын көпчүлүгүндө жолугат.

элдүү дөөлөттүү падыша болду. 14-бет: 200-жыл өмүр сүрдү. Тамакка туз салмак өңдүү жана дагы башка бир канчалык расимдерди жайгарды. Түтүктөн кийин ордуна Айча хан болду. Аштарды ашап, жаштарды жашап, көп жылы өмүр сүрүп, каары келгенге касап кылып, жолдон чыкканга адиап кылып, дүйнөдөн көчтү. Айча хандан кийин ордуна уулу Бакуу кан болуп, көп жыл өмүр сүрүп, акыры барса-келбес жерине кетти. Бакуудан кийин ордуна уулу (Кийик) адил кан болуп, бир нече жыл адилдик менен өкүмүн жүргүзгөндөн кийин, бул киши дагы дүйнөдөн көчтү. Кийик кандан кийин ордуна уулу (Алынча) болуп, Алынча кандын убактысына чейин ча (?) Йафас балдары Нух пайгамбардын расми менен келип, ошол убактыда эл бай болуп, дөөлөткө мас, маданиятка кас болуп, ар ким өзүнчө болуп, өзүнүн каалаган расмисин тутушту. Алынча кандын Татар, Магул деген эки эгиз уулу болуп, элди экиге бөлүп алып, эки падыша болуп... Алар өзүнөн баштап, жети уулуна чейин падышалык кылды. Аттары ушулар. Бука хан, Яланчы хан, Атлы хан, Атсыз хан, Ордо хан, Байдуу хан, Сүйүнчү хан. Хандык бул кишиден кайтып кете баштаган. Алынча хандын эки эгиз уулунун бири Магул хан болуп, бул Магул хандын уулу Кара хан (...) кишинин ордуна хан болуп туруп, бул 15-бет: Кара хандын убактысында дин расми деген калган эмес. Кара хан акмактыгынан адам колунан өлдү. Кара хандын ордуна уулу Угуз хан болду. Бул Угуз эки мистүү кылыч өңдүү жан болуп, ананаң (?) ичинен олуя туулуп, элди Нух пайгамбардын динине оңдоп көндүрдү. Мусулман динине көнбөгөн оюна койбоду. Бул Азия жеринде турган элди өзүнө каратып (116-жыл) падышалык кылып туруп, барса-келбес жерине кетти. Бул Угуз хан (...хижра) Мухамбет пайгамбардын Мекке шаарынан Медина шаарына көчүшүнөн (3400)жыл мурун дүйнөгө келип, сураган элдери – Кытай, Жапон, Хиндустан, Мисирге чейин 16-бет: жетип турду. Милади ыйсаны бүткүл жавропалык жыл эсеби 1931-болсо, (а)т жыл эсеби менен 1350үнчү, ошол жыл эсеби менен Угуз(дун)[24] дүйнөгө келип, төрөлүшү (4750) чамасында болгон.

Угуздун (6) катындан (24) уулу болуп, өзү тагында өзү өлбөстөн ункан (?) кылды. Бардык өмүрү (200) кө чейин жаш жашады.

(Т)агын кандын[25] убактысында Түрк деп (ат)аб (9) атам хан болду деп[26], Түрк мында эскиче куда болсо тогуздан тартуусу, тогуз жакшы кур тамырга тогуз нарк[27] ошондон калды.

Угуз кандын көзү өткөндөн 17-бет: кийин балдары ынтымаксыз, элди партия[28] кылып бөлүшүп алып, өз-өздөрүнчө кан боло баштаган. Мына ошондон кийин түрк тукумунда чабышуу, көпү-азын

[24]Огуз-хан, Огуз-каган, мифология боюнча огуз урууларынын түпкү атасы. Чыгыш тарыхчылары (мис., Хондемир) боюнча Огуз хан хун тукумунан чыккан Модэ, же Модонун өзү. Анын атасы Томань, азиялык тарыхчыларда Кара хан б. з. ч. 220-ж. кытайлыктардын кысымынан Ордосту калтырып – Халхага кетип – кийинки бардык күчтүү хандар ордо тигип, Чыңгыз хандан тартып, моңголдор Хара-Хоринь, ал эми азиялык тарыхчылар Кара-кум деп атаган Хангайдын этегинен konуш алган. Кукунорлук тангуттарды каратып, андан ары Модэ Кытайды карай багыт алып, бир кезде кытайлыктар басып алган атасынын жерин кайра кайтарат. Ошону менен ал кездеги Монголиянын бардык жерине өз бийлигин орнотуп, б. з. ч. 202-ж. Улуу дубалдан өтүп, Кытайга кирип барып, салгылашуусуз эле императорду белек түрүндө салык төлөөгө мажбурлап, экинчи жолу аны 198-ж. кагаз жүзүндө бекиткен. 176-ж. (б. з.) Модэ Чыгыш Түркстан, Чжуньгария, Мауре-эннягарды (Мавреннахар), б. а. Пичандан Персияга чейинки жерлерди каратып алгандыгы тууралуу Кытай императоруна өзү жазган. Ал 174-ж. өлгөн (к. Бичурин Н. Я. Аталган котормо).

Көптөгөн манасчылар менен баарлашып, анын тарыхын манасчылардын (мис., саруулардан Алаш; саяктан Кыштообай уулу Медер; бугудан Дыйкамбай, Акылбек; сарыбагыштан Найманбай; белгилүүлөрдөн Сагымбай Орозбаков, Тыныбек ж. б.) өз оозунан тактаган тарыхчы Б. Солтоноев Манастын Жакыптан мурунку ата-бабалары 1) Түмөн, 2) Бөөн хан, 3) Кара хан болгонун белгилейт (кара: Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. Б., 1993, Т. 2.). Кыргыз санжырасында айтылган бул окуяларды тарыхый маалыматтар да ырастайт. Мисалы, Түмөн (кыт. Тумынь–Или-хан [Иле дарыясынын атынан, башка варианты Или – эл, держава]) 553-ж. март айында өлгөн, эң кызыгы кытай хроникасындаТумынь өлгөндөн көп өтпөй анын кичүү уулу Кигинь адегенде жужаңдарды, анан батышта Идуну, чыгышта Кидандарды талкалап, түндүктөгү Цигуларды (кыргыз) багындырганы айтылат. Бөөн хан (Бумынь), Кара хан (кыт. Томань, Бичурин боюнча Өгүз [Огуз] хан) менен дал келет (кара: Бичурин Н.Я. Аталган котормо. 232–233 б.).

[25]Мүмкүн Таг ханды айтып жатат.

[26]Түрк ата өзү баштап тогуз уулу падыша болду. Түрк ичинде тогузду ырасым тутмак ошондон калды (кара: Сыдыков О. Кыргыз санжырасы. Ф., 1990).

[27]Бул жерде түрктөрдүн тогуз деген санды ыйык деп санашканын айтып жатат окшойт.

[28]Топко бөлүп деген мааниде.

талап алуу деген аңгемелер болуп, урукчулдук доордун биринчи баскычы,ягни башталышы болуп эсептелет.

Бул Тагын кандын (4) уулу болуп, улуусу кыргыз, салор, иймирал, киман[29]. Кыргыз эң улуу уулу болгондуктан, атасы Тагын кандын ордуна турду. Бул кыргыз Тагын кандын уулу Угуз кандын небереси[30] экени рас.

Узбек, сарт тукуму кыргыздын атасы ит деп жалаа кылышат. Анткен ссебеби, андан көп кийин 13-асыр, ягны кылымдын 18-бет: Магул тукумунан Чыңгыз кан[31] деген атактуу чоң кан чыккан. Мына ошол убактыда Шайык Мансур олуя[32] деген чыгып, Чыңгыз канга кас болуп, ошол кас болууну Чыңгыз кан билип өлтүртүп, сөөгүн өрттөп, суугa салып жиберген. Мына ошол убактыда кандын кыздары боосуп калган имиш. Кырк жолдош кызы болгон. Шайык Мансур олуяны өрттөп, күл кылып, суугa салып жибергенде, кандын кызы кырк жолдош кыздары менен суугa барганда, жанына ит ээчип барган. Мына ошону караңгылык менен божомолдоп, өзбек-сарт калкы жалаа кылышат[33].

[29] Мындай вариант башка санжыраларда кездешпейт.

[30] Балыкооздун санжырасында (Б., 2009) огуз уруулары кыргыз, казак, кытай, кыпчак, коңурат, жедигер, маңгыт, тайчык сыяктуу 12 уруудан туруп, урааны «Огуз» («Угуз») болгон. Аль-Марвази (1056–1120) да «Түрктөр көптөгөн уруу, урук, клан жана ар кандай түрлөрдөн турган абдан көп эл. Кээси шаар-кыштак, кээси талаа менен чөлдө турушат. Алардын көп сандуу урууларынын бирине гузздар кирет. Алар он эки уруудан туруп, бирин тугузгуздар, башкаларын уйгур жана ухгурлар деп аташат. ...Алар Мавераннахрдын (б.а. Аму-Дарыянын оң жээги) бет маңдайындагы талаа, бир бөлүгү Хуварезмдин (Хорезм) маңдайында турат. Качан ислам өлкөлөрүнө карай баштаганда, алардын бир бөлүгү ислам динин кабыл алып, түркмөндөр деп аталып калды. Анан алар менен ислам динин кабыл албагандардын араларында ачык душмандашуу башталды. ...Алардын /түрк/ катарына чыгыш менен түндүктүн ортосунда жашаган көп сандуу эл – хиргиздер да кирет. Кимактар алардын түндүгүндө турушат» дейт. (толук карасаңыз: КР УИАнын кол жазма фондусу. Инв. №5176. №10 иш). М. Кашкаринин эмгегинде (1072–1077) огуздар 22 урууга бөлүнгөн.

[31] Чыңгыз хан (монг. ʧiŋɡɪs χaːŋ [Чингис хаан], 1155 же 1162-ж. туулуп —1227-ж. 25-августта өлгөн) — улуу полководец. Кытай, Орто Азия жана Чыгыш Европага жортуул уюштурган. Монгол империясы жана Чыңгызиддердин династиясынын негиздөөчүсү (толук карасаңыз: Сокровенное сказание или монгольский обыденный изборник. Монгольская хроника . Перевод Козина С.А., М.-Л., .).

[32] Башка санжыраларда Шаа Мансур, Шах Мансур түрүндө кездешет (кара: Балыкооздун санжырасы). Кээ бир вариантында «Кыргыздан Сафар шаа, андан Алхак. Андан Рашидилхак. Андан – Аналхак. Бул ысымдар арабдар менен жакын турганда коюлган» (кара: Сыдыков О. Аталган санжыра). Аналхакк жазма түрүндө алгачкы ирет Сайф ад-Дин Ахсикентинин (16-к.) «Мажму ат-таварих» («Тарыхтар жыйнагы») кол жазмасына кирген. Мындай уламыш 858—922-ж. жашаган ислам дини жана сопучулук агымынын өкүлү Халладжка (толук аты Абу Абдуллах ал-Хусайн ибн Мансур ал-Халладж, перс. □□□□□ ,□□□□ араб. □□□□□ ,(□□□□□□ б. а. диний түшүнүккө байланышкан. Ал тирүү кезинде эле христиандардын Иса пайгамбары сыяктуу өзүн кудайга теңеген жана өлүм жазасына тартылып жатканда да «Ана-л хак» деп кайталай берген. «Ана-л хак» —сөзмө-сөз «мен ак (чындык)» деген маани берип, мусулман түшүнүгү боюнча «актын (чындык) ээси» кудай гана болуп саналат. Санжырачы муну Чыңгыз хандын тушу деп жаңылып жатат.

[33] Анварбек Мокеевдин «Роль Ислама в формировании кыргызского народа» (2-февраль, 2010-ж.) докладынан толугураак карасаңыз болот.

## 5.7 19-бет: Магул[34] тууралуу

Магул Алынча кандын эки уулунун бирөө болуп, өзү кан болуп турду. Кара хан, Мөгдөн, Уйгур деген балдары[35] болду. Кара хан баяны болсо өттү. Мөгдөндөн Ойрот, Тыргоот[36] - эки уулу болуп, ойрот тукуму Алтай тоолорунда Ойротистан[37] аталган элдер. Тыргоот болсо Мангулия (Монголия) атагындагы мангул жана калмактар болот.

Мангулдун 3чү уулу уйгур болуп, мындан Ингир, Манжур, Жалгамыш (3) уулу болду. Жалгамыш тукуму көчкөндөн көңүлү калып, жүргөндөн жүрөгү калып, алты шаар Кашкар тарабына туруп калган асыркы уйгур 20-бет: атагындагы түрк тукумдары болот. Ингир, Манжур тукумдары бир нече жыл бир нече убакыт Кара(х)ан, Угуз тукумдары менен турса дагы, замандын өзгөрүшү жана элдин көбөйүшү, жер талашуу аркасында Угуз кандын тукумдары менен Түркстанды талашкан. Бирок ал убактыда Жакыптан чоң Манас деген чыгып, аларды күн чыгышты көздөй сүрүп жиберген. Азыркы чоң Бэжиндин[38] түздүк жагынан тартып, Жапонияга чейин манжур атагындагы калктар. Булар түрк тукумунан болуп, Түркстан Орто Азиядан ооп барышса дагы, Кытайдын бир канча жерин багынтып алып, сураб 21-бет: турушкан. Кандарынын атын (Абысма) (?), ягни Көк баласы деп ат койушкан. Соңунда көп жылдар Кытай менен бириктешип туруу ссебептүү кытайлашып, йагни Кытайдын бир бөлүмү болуп кетишкен.

## 5.8 Фасил Костон[39] тууралуу

Костон Түрктүн бир уулу болуп, Ысык-Көлдүн тескей тоолоруна жердеп турушуп[40], замандын өзгөрүшү менен бир канчалык жыл тургандан кийин гун (хун) түрктөрү атагында болуп туруп, 9чу гасырдын[41] ичинде Самаркандды көздөй барышып, саманилер[42] менен биригишип туруп, эң акырында саманилердин боштугун көргөндөн 22-бет: кийин саманилердин өкмөтүн тартып алып,

[34] Башкача айтканда Могул. «Ал [Алынджа-хан] да көп жыл бийлик жүргүздү. Ата-бабаларынан [анын энчисине тийген] мамлекет (bilajатлар) жана эл (il улуслар) көбөйдү. Анын бири Татар, экинчиси Могол деген эгиз уулу болгон. Картайганда атасы журтун экиге бөлүп, аларга берди. ...Алынджа-хан өлгөндөн кийин Татар менен Могол өз-өз жеринде бийлик жүргүзүштү. Могол хандан – биринчиси Кара хан, экинчиси Гур хан, үчүнчүсү Кыр хан, төртүнчүсү Ур хан деген – төрт уул. Могол хан да өз журтун улуу баласы Кара ханга тапшырып, кетээр жагына кетти. Кара хан Ур-таг жана Кор-таг деген тоолорду жайлачу; ал азыр Улуг-таг жана Кичик-таг деп аталат. Кыш түшкөндө Сыр-Дарыянын башына, Кара-Кум жана Бурсукта кыштаган» (к. Абул-Гази бахадур хан. Родословие тюрков. Казань. 1908). Түрктөн Түтүк, андан – Элче хан, андан Бакай хан, андан – Күйүк хан, андан Алынча хан, андан – Татар, Могул – эки уул. Могулдан – Кара хан, Кара хандан Угуз. Угуз хандан 10 уул болгон. Алтоо – улуу катындан. 4 уул экинчи катындан. Бүтүн Азия, Кытай..., Мисир, Орустарга чейин каратты. Кол алдындагыларды мусулман кылып, тек турбастан өмүр сүрдү. Ошондуктан «Тек турбас ата» деген атка конду (Сыдыков О. Кыргыз санжырасы).

[35] Аланча хандан эки эгиз уул төрөлдү, ысымы Татар, Магул делди. Экөө эки падыша болуп, элди экиге бөлдү. Татар өзүнөн баштап жети уулуна чейин падышалык кылды, аттары бу: Бука хан, Жылаанча хан, Аттуу хан, Атсыз хан, Ордо хан, Байду хан, Сүйүнчү хан. Хандык мына ушундан кетти (Сыдыков О. Аталган китеп) .

[36] Тарыхый маалыматтарда oyir-a (жакын), derben (төрт) деген түшүнүк менен алгач 15-к-да ойроттор же «чорос» (жорос), «хошут» (хошоут), «тыргоот» (торгоут), «дөрбөт» (дербет) аталган төрт чоң уруу өз алдынча этностук, саясий конфедерация түзүшкөнү айтылат. Б. а. ушул урууллардын бирикмеси ойроттор (калмактар) деп аталат. Экинчи көз караш боюнча ойрот «токой адамдары» дегенди билдирет.

[37] Азыркы Алтай республикасын айтып жатат. Ал 1922-ж. Россия Федерациясынын составында Ойрот АО болуп түзүлгөн. 1948-ж. Тоолуу-Алтай АО, 1990-ж. Тоолуу-Алтай АССРи, 1991-ж. Тоолуу-Алтай республикасы, 1992-жылдан Алтай республикасы.

[38] Азыркы Пекинди айтып жатат. Бирок кээ бир кыргыз санжыраларындагы 840-ж. чейин Уйгур кагандыгын борбору болгон Бешбалык ш. (кыт. Бейтин, перс. Педжикент) дагы Пекин деп түшүнүү туура эмес. Эгер Манас чын эле Пекинди алса, ал сөзсүз Кытай хроникасында калмак.

[39] Түрктүн биринчиси Түтөк, экинчиси Жекел, үчүнчүсү Берсежар, төртүнчүсү Эмлак деген деген төрт уулу болду. Өлөөрүндө бийлигин Түтөккө берди (Абул-Гази бахадур хан. Аталган эмгек).

[40] Абу-л Гази боюнча атасы өлгөндөн кийин Түрк Ысык-Көлдү таңдап, биротоло туруп калган.

[41] Кылымды казакча айтып жатат. Б. а. 9-кылым.

[42] Аббасиддер түзгөн халифатка караштуу эмират (819—999).

селжук[43] падышалыгын курушту. Мындан көп узак турмайынча, алты шаардан[44] уйгур түрктөрү келип, бул уйгур түрктөрү менен (хун) гун[45] түрктөрү ортосунда согуштар башталып, узак убактыга созулуп, эң акырында саманилер менен уйгур түрктөрү биригишип, гун түрүктөрүн күн батышты көздөй сүрүп жиберишкен. Бул гун түрктөрүн сүрүп жиберүүгө уйгур түрүктөрү менен саманилер болушса дагы, көпүнчө (Хараазам алшахи)[46] Кыба[47] князДары себеп болушкан. Гун түрктөрү күн батышты көздөй барышып, Анатоолия Сурияга турушту. Бул кездер умдар (гун ?) менен перстердин 23-бет: ортосунда дайым согуштар болуп турган. Бул согушууда гун түрктөр урумдар жагында болуп, перстерди жеңишип, ошол жеңүү аркасында румдар хандыкты беришкен. Бул кезекте зор күчтүү болгон осмонли мамлекетин курушту жана аттаман йурту[48] деген ат таралып, барып турган шаарын (Кинстантинобул[49]), йагни түп атасы болгон Костондун атына уйкаш кылып койушту. Түрүктөр көп жер, көп элдерди багынтышып, чоң мамлекет курушса дагы, соңку гасырларда кичире башташты. Ссебепи өздөрүнүн мурунку баатырлыгына ишенишип, жаңыдан маданият өнөр жайларын көпөйтүшүп, аракет кылбагандыктары себеп болду[50].

Башында уйгурлар менен Хоразм биригишип 24-бет: гун түрүктөрүнө жоо болушса дагы, акырында уйгурлардын колунан өкмөттү алышып, Харазми алшахи деп аталган чоң мамлекет болуп, эң акыры харазими алшахи Мукаммет хандын заманына чейин келди. Бул доор Хиба князДеринин биринчи жетишкен доору болгон.

Хоразими алшахи аталган Мукаммет хан (бет) тишиб ? турган убактыда, Мангулдан (...116)инчи жылы туулуп, 1191-жылы хан болуп, Темучин деген атын Чыңкыз кан койуп, (..кытуу) чоң кан болуп, Ийсанын жылы – 1211инчи жылга чейин бүткүл Кытайдын барлык элин каратып жана кыргыздар дагы ошонун ичине кирип турат. 1217инчи жылында Харазимдин күн чыгыш жагындагы Атрар[51] шаарына жакындайт. Атрардын жакын жеринде Чыңкыс кандын аскери 25-бет: менен Мукаммет кандын жыйнаган төрт жүз миңдей көп аскери согушуп, бул урушта Харазим аскерлери такыр женилген.

Мындан кийин Тимучиндин мамлекети курулуп, Харазим, Иран, Хиндистан, Орусиянын Самарга чейинки болгон бир бөлүмү багынат. Чыңкыс кан бир нече жыл падыша болуп, 1241инчи жылы

[43] Иш жүзүндө да огуз урууларына караштуу кыныктардан болуп, түркмөн, осмон, гагауз, азербайжандар сыяктуу эле жалпы жонунан батыш түрктөргө кирет. Аталышы ошол ордонун башчысы Селжуктун атынан улам калган. Уламыштарга караганда ал 955-жылдары Сыр-Дарыянын жээгиндеги Жент шаарында туруп, Селжуктун неберелери Тогрул жана Чагрыл бектердин тушунда өз алдынча күчтүү хандыкка айланган. Тарыхта Тогрул-бек (1035, 1058—1063), Алп-Арслан (1063—1072) жана Меликшахтын (1072—1092) аттары аталат.

[44] Алтышаар деп адегенде Чыгыш Түркстандагы Кашкар, Жаңы-Гиссар, Жаркент (Йаркенд), Котон (Хотан), Аксуу жана Кучаны айтышкан. Жакыпбек Баадөөлөттүн («Йакуббек бадавлат», «бай дөөлөт» – дөөлөт ээси) тушунда буга Карашаар кошулуп (1867), мындан ары Жетишаар деп аталып калган. Алгачкы жолу Мухаммад Садык Кашкаринин «Тазкира-ий азизанында» («Азиз инсандардын баяны») «Төрт шаар» («түрт шэхэр») формасында кезигет.

[45] Сөз б. з. ч. 3-кылымдардан баштап кытай тарыхый хроникаларында көп кезиккен «хун» («сюн») уруулар бирикмеси жөнүндө болуп жатат. Алардын падышасы Огуз хан (кыт. Модэ шанүй б.з.ч. 234–174) болгон. Б. з. 2-кылымдарында алардын ээлиги Кара-Деңиздин түндүгүндөгү талааларды камтыган. 4-кылымда Днепр, Днестр дарыялары аркылуу бир жагынан Кичи Азияга, экинчиден Батыш Европага жылып, 451-ж. Галлиядагы (Каталаун талаасы) салгылашууда римдиктер жана алардын союздашы вестготтор талкаланган. Аттиланын тушунда эң күчтүү уруулар бирикмеси болуп саналат. Бирок, б. з. 4–5-кылымдардан тарта гундар жөнүндөгү маалыматтар кезикпей калат. Автор санжырасында көптөгөн хроногиялык жылдарды чаташтырууга жол берген.

[46] Хорезм шахы (1200—1220) Ала ад-Дин Мухаммед IIни (перс. □□□□□□□□ □□□□ - Alā al-Dīn Muhammad , толук аты — Ала ад-Дунийа ва-д-Дин Абу-л-Фатх Мухаммад ибн Текеш 1169—1220) айтып жатат.

[47] Хиваны айтып жатат.

[48] 1299–1923-ж. өмүр сүргөн көп улуттуу мамлекет. Официалдуу аталышы – Улуу Осмон мамлекети □□□□) □□□□□ □□□□□□□ — Devlet-i Âliyye-i Osmâniyye). Европалыктар Оттоман империясы, Улуу (Жарык) Пóрта же жөн гана Пóрта деп аташкан.

[49] Константинополь – Стамбул.

[50] Сөз Осмон империясы жөнүндө болуп жатат.

[51] Отрар шаары. Араб-перс жазма тарыхында Тарбанд, Турарбанд, Турар, Фараб катары да кездешет.

1219-ж. бир нече ай бою курчоодон кийин, чыккынчылар шаар дарбазасын монголдорго ачып берген. Бул окуялар Абул-Гази менен Рашид-ад-динде толугураак берилген. Бирок хорезм шахынын аскери монголдор менен чогулуп бир жерден согушкан эмес. Бириндеп, ар бир шаарды коргоп жүрүп жеңилген.

өлгөн.

Гун түрктөрү түрктүн чоң тукумунан болуп туруп, 10 гасырдын ичинде алты шаардан уйгур түрктөрү келип, жаңы душман болуп, Харазим кандары менен биригишип туруп, гун түрктөрүн күн батышты көздөй сүрүп жиберишкенден кийин, алар барып Анатоолиядан[52] 26-бет: (орун)...алышкан эле. Бул (гун) түрктөрүнөн мурун, алардын түндүк тарабында румдар[53] болушса дагы, түрлүү уруктар көп болгон. Түрктөр ал жерге туруу менен бир канчалык көп элдерди багынтып, Азия жана Жаврупа ...йакадан жер алышкан. Азыркы убактыда... Балкан согушу жана Жаврупа согушунан[54] кийин, бир канчалык жерлерин башка мамлекеттер алып кетишти.

Ийсанын туулганынын 2500 жыл чамалуу доордон мындан 4500-5000 жыл чамалуу илгери азыркы түрктөрдүн ээлеп турган жеринде ...калктары болгон. Бул калктар өздөрү абдан билимидүү калктар болуп, далай жер мындан орнок (өрнөк?) алышкан. Азыр иңгилиздерде (англичандар?) бабилдиктер[55] дүнүйө жаратылгандан биринчи ...доорунун жана өздөрү менен бириге турушкан жөөт[56] элдеринин тарыхын жазып алышкан. Берсиянын (Персия?) падышасы (Кир) бабилдерди (вавилондуктар?) жеңгенге чейин адабиятын сактап келишкен. Финикиядан алынган латын тамгалары Бабилондордун асарлары болууга керек. Илгерки бабилдиктердин туруп, шаар салган жерлери азыркы убактыда бузулуп, чалдыбары калганын көрүшкөн. Бабилондордун жеринде жыгач, таш жок болгону үчүн үйдү саман аралаштырып, балчыктан салышкан. Баабил жерлеринен балчыктан жасаган жука такталарга жазылган китеп, күбөлүк кат, мыйзам өңдүү баабил элинин жазуу тамгаларын табышып[57], жаврупалыктар музейге койушкан. Мындан 2600 жыл мурун Бабилондун 28-бет: пашасы (набукудунусурумдун) жөөт (еврейлер) ....н падышалыгын жеңип, туткун кылып турган[58]. Ушул убактыда жөөттөр өзүнчө айрым улут болсо дагы ,көп нерселерин кабыл кылышып алышкан. Бабилондордун аркы түбү (сам) коомунан болгон.

## 5.9 Фасил кыргыз тууралуу

Ал кыргыз Угуз кан тукуму Тагын кандын уулу болуп, кыргыздын Сафар шаа, Түркмөн деген эки (2) уулу болду. Түркмөн тукумдары Жамил, Кыйба тарабында теке түрктөрү болуп, чоң шаары Ашхабат шаары болот.

Сафар шаадан[59] Алаш, Булаш, Бурат деген балдары болуп, бурат тукуму Байкал көлүнүн 31-бет:, Алаш түрктүн 13үнчү уулу алаш барча кыргыз – казак атагында эл болуп, «керегебиз агач (жыгач), түп атабыз Алаш» деген атак сөз ошондон калган[60].

[52]Турциядагы Тавр жана Понт тоолорунун ортосунан орун алган бөксө тоо. Анадолу, Анатоо деп да аталат.

[53]Башкача айтканда Византия. Император Феодосий өлгөндөн кийин Рим империясы Батыш жана Чыгыш болуп экиге бөлүнүп, анын уулдары – Гонорий Батышын; Аркадий Чыгышын алган. 476-ж. Батыш Рим империясы куласа, борбору Византиум (Константинополь – азыркы Стамбул) болгон Чыгыш Рим империясы тескерисинче күч алып, чек арасы түрктөр менен чектешип калган

[54]19–20-кылымдардагы Крым, Балкан жана дүйнөлүк биринчи согуштарды айтып жатат.

[55]Вавилон.

[56]Еврей.

[57]Байыркы Вавилондун тарыхы, жазуу маданияты жөнүндө айтып жатат. Ошо кездеги массалык маалымат каражаттары аркылуу тааныш болушу мүмкүн.

[58]Байыркы Вавилондун падышасы (б.з.ч. 605–562-ж.) Навуходоносор (Набу-кудурри-уцур). 605-ж. Сирия менен Палестинаны, 597-ж. Иерусалимди каратып, Иудей падышалыгын жойгон жана 587-ж. 3, 586-ж. 9 миң еврейди туткунга айдап кеткен.

[59]Жогорудагы Шаа (шейх) Мансур тууралуу түшүндүрмөнү караңыз.

[60]Казактарда «Алаш» («Алаша»), кыргыздарда «Алач» («Алача»), Балыкоздун санжырасында «Ай-ааламды алган Аланча хан» формасында кезигет. Бул чыныгы тарыхый инсан болушу мүмкүн. Моголстандын ханы Султан Ахмад ханды (15-кылым) да калмактар «Алача хан» («Башкесээр хан», «Каничээр хан») деп аташканын эске алсак (салыштырыңыз: «Аланча» – каракчы, «Алача» – каничээр) кытай тарыхындагы Шаболиого окшошот. «...581-жылдын аягында түркүттөрдүн ханы Арслан Тобо хан өлүп.., анын ордуна дарамети начар, жоош Амрак отурат. Көп өтпөй ал тагын Шетуга бошотуп берет. Шету Ил-күлүк-шад Бага Ышбара хан (элдин [ил – держава] даңктуу, Бага – улуу, Ышбара – күчтүү) деген титул алган. Кытайлыктар жакпаган адамына

Кыскасы Нухдун 922 (222) уулу Аалыкан болуп ,мындан Арыстамбек, Үрүстөмбек деген эки уулу болду.

Үрүстөмбек балдары ичкерлик атанып, Кыба, Букар, Самаркант, Анжиян, Сарыкол, Кеңкол, Опол тоо, Кашкар тарабында турган каракалпак, сары калпак, кайчык, курама, кара тегин, кандуу кызыл, тынымсейит, ачак (апак), кыдырша деген уруктар болуп, булар өзбек-сарт жана башка элдер менен аралаш туруп, кыргыз уругунан экенин кайсысы 32-бет: билсе, кайсысы билбей[61] калган өздөрүнүн адабийатынын аздыгы ссебептүү. Арыстамбектен Байчоро, Жанчоро, Карачоро деген үч уулу болду. Жанчородон аргын, найман, коңурат, кыпчак деген уруктар болуп, Орто жүз аталды.

Карачородон алчын, жаппас, чөмөкөй, дуулаткелди, кызыл курт, айдас, балта, куракты, атачал, жагалбайлы деген уруктар болуп, Кичи жүз аталды.

Байчородон Жамамбай, андан Кийикбай, андан Төбөй, андан Майкы, Коогам, Мекреил, Койулдур (4) угул болду[62].

Мекреилден 33-бет: миң, жүз деген Кокон, Наманган тарабындагы казактар болгон. Койулдурдан кырк жүз деген уруу. Түпү Букара тарабындагы казактар. Майкыдан Улуу жүз атагындагы чапырашты, дуулат, сары үйсүн, ышты деген, жана дагы башкалар[63].

Коогамдан барча кыргыз атагындагы эл болуп, булар эң түп атасы болгон Кыргыздын атагын чакырып калды. Казак тууганадарыбыздын кыргызга жакын болуп туруп, казакпыз деп айтууна себеп, казак деген аталарда болгон эмес. Чыңкыс кандын уулу Жуучу[64] кан болуп, азыркы Казакстан аталган жерге Чыңкыс кандын тапшыруусу менен кан болуп турган. Анын уулу Шайбан кандын[65] убактысында 34-бет: Шайбан кандын бир нече уулдары болуп, кыргыз жигиттер менен дайым ойун тамаша менен арак-шарап ичип, ит агытып, куш салып жата бериштu. Ушул ссебептүү казаклар деп айтылыптыр[66].

---

ылакап кылып, жаман ат коюу адатынан жазбай, аякы «ло» деген мүчөнү «лио» (каракчы) деген иероглифке айландырып жибергендиктен, ал Шаболио деп аталып, ал хан тарыхта ушундай, өзүнө жарашпаган ат менен калат». (кара: Гумилев Л.Н. Древние тюрки. М., 1993). Аланча хан тууралуу кошуна элде да көптөгөн аңыздар калган. Алардын биринде түрк тилинде сүйлөгөн 32 уруунун бир ханы ала оорулуу болуп туулган баласынын атын Алача коюп, Сыр-Дарыянын аркы өйүзүнө алып барып таштайт. Кийин бала аман калып, даңкы чыкканда эли көбөйөт. Кыргыз менен казактын Алаштан тараганы жөнүндөгү да маалыматтар көп (кара: Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. Б.,1993). Казак элинин санжырасында Түрктүн үчүнчү муундагы уулу Аланча хан болгон (Шакарим Кудайберды-улы. Родословная тюрков, киргизов, казахов и ханских династий. А., 1990). Алача тууралуу легенданы А.И. Левшин да эскерет (кара: Левшин А.И. Описание киргиз-казачьих орд и степей. А., 1996.146–147-бб.).

[61]Мындай абалды же кыргыздардын бөлүндү болуп калышын Балыкооз да белгилеп, араб, ирандыктар келгенден кийин, ислам динине киргенден кийин Ташкент, Кожокент, Пскент, Сайрам, Маңкент Карабулак Машат, Чолок-Коргон сыяктуу шаарларда өзүн унутуп койгон кыргыз-казак бар экенин түшүндүрөт (кара: Балыкоздун санжырасы. Б., 2009)

Илимий изилдөөлөрдө да кыргыздын тагай, адигине уруулары колдонуп, бирок ичкиликтерде кезикпеген өзүнчө сөз тобу сакталып келгени жана анын себебине кыргыздарга алтайлыктардын этникалык тобунун тийген таасири тууралуу пикирлер айтылат (толугураак карасаңыз: Юнусалиев Б.М. К вопросу о формировании общенародного киргизского языка. Труды ИЯЛ АН Кирг. ССР, 1956, вып. VI).

[62]Мунун варианттары көп. Мис., Улуу жүз казактары Арслан бийдин эң улуу уулу Байчородон. Байчоронун эки уулу болгон. Уйсун, Уйсул деген. Уйсундан Абак туулган. Уйсулдан Тарак туулат. Тарактан жалайыр, шергели казактары тарайт (кара: М. Кыпчаков. «Кыргыз атындагы китеп» (Аз китаб кыргыз намэ) КР УИА Инв. № 139).

[63]Майкы бийден Каңлы, Бактияр, Кыркжүз, Миңжүз. Бактиярдан Уйсун. Уйсундан Аксакал (Абак), Жансакал (Тарак). Абактан Карача, андан Байдыбек... Байдыбектен: Албан, Дуулат, Субан, Чапырашты, Сарыуйсун, Очоктуу, Ышты (кара: Кожабек уулу Байзак. Тарихи таним. А; 1994).

[64](1182[5]–1227-ж. – Чыңгыз хандын тун уулу, аскер ишмери, моңгол ханы. 1207–08-ж. Енисей кыргыздары, Алтай, Тува, Дешт-и Кыпчактын чыгышын Моңгол империясына кошкон. 1219-ж. Бухара, Самарканд, Хорезм, Кожент, Отрар, Үргөнч ж. б. шаарларын алууга катышып, Сыр-Дарыянын төмөн жагындагы Чыганак, Беженд, Аснаш ж. б. шаарларды өзүнө каратып алган. Калкадагы салгылашуудан кийин (1223) Чыңгызхан ага Дешт-и Кыпчакты – Хорезмден Урал тоолоруна чейинки жерлерди энчилеген. 1226–27-ж. Дешт-и Кыпчактын батышын толук багындырган. Кээ бир маалыматтар боюнча Чыңгызхандын жашыруун буйругу менен өлтүрүлгөн.

[65]Абулхайр хандын небереси, Шахбудаг султандын уулу, шейбаниддер (Шейбани – Мухаммед хандын адабий псевдоними) династиясын негиздөөчүсү Абу ал-Фатх Мухаммад, Шахи Бек Өзбек, Шайбак, Шахбахт, Мухаммед Шейбани (1451–1510) ханды айтып жатат.

[66]«...Абылкайыр деген хан Жуучу улусунун күн чыгыш жагын 1552-жылдан 1555-жылга чейин бийлеп турду. Ошол кезде ар уруудан кошулган кыргыз-казак деген эл бар эле. Мааниси дагы «өз эрки менен» жүргөн деген сөз» (кара: Шаакерим Кудайберди

Раки (?) деген тил ракатта жашачу деген сөз болуп, түрктүн кабыр жеринде семиз кой, семиз жылкы жана башкаларды айтат.

Жүзгө бөлүнүү, жүз деген ата казакта болгон эмес. Кыргыз-казак уругунан 1463үнчү жылында Мукаммет кан[67] деген кан болгон. Бул кан калмак менен чабышканда, барлык элин уругу эсеби менен үчкө бөлүп, Улуу жүз, Орто жүз, Кичи жүз деп айткан. Ушу ссебептүү атанып кеткен. Ал убактыда биздин кыргыз арткандарынын колунда болууга керек. ...(15) ынчы асирдин (кылым) башынан тартып, казак ичине 35-бет: Касым[68] кан деген болуп, андан кийин Шыгай[69] кан, кан болуп, анын уулу Тооке[70] кан, анын уулу Эшим[71] кан болуп, 16-асырдын башынан 17-асырдын аягына чейин кан болушуп, Казакстандын көп жерин, Ташкен, Түркстанды бийлеп турду. Касымкандын кашка жолу, Эшим кандын эски жолу деген сөз ошондон калды[72] деп, Түркстан тарыхында жазат бир окуяны жазган киши[73]. Көбөйтүп ачык кылып жазган эмес. Ошол убактыларда калмак жана өзбектер менен чабышып турушкан. 18-асырдын башында 1723чү жылдан баштап, Жайык орустары (? «Жайыкка [Урал суусу] орустар» болуш керек) келе баштап, 1731инчи жылы Кичи жүз жана Орто жүздөн баштап, Абулхайр[74] төрө деген кан оруска букара болду. 36-бет: Улуу жүздүн бийлиги ушул убактыда Абулай[75] кан жана анын балдары бийлеп туруштy. Ушул Абулай кан жана анын тукумдары болгон Касым жана Кенесары[76] кыргызка жоолап, бир нече жолу кыргызды чаап жүрүшүп, эң акыры Кененсары,

---

уулу. Түрк, казак, кыргыз жана хандар шежиреси. А., 2004). Казактардын аталышы Мухаммед Хайдардын эмгегиндеги («...Дешт-и Кыпчак толугу менен Жучунун тукуму Абу-л-Хайрдын колунда калганда, ...Урус-хандын тукумунан чыккан Жаныбек менен Керей хандар Абу-л-Хайрга каршы чыгып, 1458/59-жылы анын улусунан бөлүнөт да, Моголстанга, Эсен Бука ханга качып келишет. Эсен Бука хан аларды жакшы тозуп алып, Чүйдүн жээгиндеги Козу-Башы деген жерди берет. 1469/70-жылы Абу-л-Хайр хан каза болгондо ал жерде чыр-чатак башталып, анын улусунан бөлүнгөндөр Керей менен Жаныбек ханга келишет. Алардын алдындагы эл ошону менен 200 миңге жетип, ушундан баштап алар «өзбек-казактар» деп аталып калышты...» кара: Тарих-и Рашиди. А., 1999) «казактык кылуу» («казакование») – перс-чагатай тилиндеги «каракчылык кылуу» деген түшүнүк аркылуу кабыл алынган деген пикир басымдуулук кылат (кара: Ибрагимов С. К. Еще раз о термине «казак». Труды ИИАЭ АН КазССР, Т. 8. Новые материалы по древней и средневековой истории Казахстана. А.-А., 1960).

[67] Бул жерде балким Хизр Ходжа хандын экинчи уулу Мухаммед ханды (Моголстандын ханы 1408—1416), айтып жатат болуш керек (кара: Бартольд В. В. История турецко-монгольских народов. Соч. Т. V. М., 1968.). Бирок анын казактарды үчкө бөлгөнү илимий түрдө аныктала элек.

[68] Казак ханы (1455— 1518 же 1523/1524). Абу-л Гази хандын маалыматы боюнча Жаныбек хандын уулу, б.а. Жуучу хандан Токой-Темир (Тука Тимур), андан Уз-Тимур, андан Кожо (Ходжа), андан Бадакул-оглан, андан Орус хан, андан Койурчак хан, андан Барак хан, андан Жаныбек хан, андан Иренжи, Махмут, Касым, Адик, Асик, Жаныш, Таныш, Камбар, Жадик деген тогуз уул.

[69] Жадик султандын уулу (1500—1582) — казак ханы (1580—1582).

[70] Автор жаңылып жатат. Тооке хан (1680—1715) Эшим хандын небереси, б. а. Эшимден Жааңгер, андан Тооке.

[71] Шыгай хандын уулу (1598-1628).

[72] Бул башка санжыраларда да бекемделет. Мисалы, Балыкооз: «...Ислам дининдеги хандардан «эңеше бойлуу эр Эшимдин эски эреже, адети» дейт эл. Эр Эшим 17 инчи кылымдагы казак-кыргыздын ханы. Самаркан, Фергана, Ташкен –ушул-ушул шаарларды өзүнө каратып алган. Эшимкан казак-кыргызга хан болгондон кийин Оторкан, Бараккан салып кеткен жолду, адетти колдонгон. «Эңеше бойлуу эр Эшимдин эски эрежеси» деген сөз ошол. Мурунку эски эрежени, адетти колдонгон үчүн айтылып калган сөз, эл оозунда» дейт.

[73] Бул маалыматтар менен балким 1911-ж. Оренбург ш. жарык көргөн Шаакерим Кудайберди уулунун «Түрк, казак, кыргыз жана хандар шежиреси» аркылуу тааныш болсо керек

[74] Кичүү Жүздүн ханы (1693-1748), Кажы (Ажы) султандын уулу, Россия империясынын кол алдына кирүүгө 1731-ж. ант берген.

[75] Барак хандын тогузунчу муундагы тукуму. Тарыхта Абулай, Аблай деген аттар менен да белгилүү. 1711—1780-ж. жашаган. Орто Жүздүн ханы (1771–80). Баласы Вали да Орто Жүзгө хан болгон (1781–1821).

[76] 1802-ж., Казакстан, Көкчө-Тоо аймагында туулуп, 1847-ж. Токмокко жакын Май-Дөбө, «Текеликтин сеңири» деген жерде кайтыш болгон. Казак хандыгынын акыркы ханы (1841–47), Абылай хандын небереси. Касымдын улуу аялынан К., Бопуй ж. б., кичүү аялынан Ноорузбайлар туулган. Падыша өкмөтүнүн 1822-жылдагы «Сибир казактары тууралуу» буйругу м-н орто жүз хандыгы жоюлса, Казакстандын түштүгүн Кокон хандыгы карата баштаган. Кокон ханынын буйругу м-н К-нын агасы Саржан (1836), атасы Касым төрө (1840) өлтүрүлүп, орус бийлиги Убайдулланы Сибирге айдалган (1839). Ушуга байланыштуу казак султандары Абылайдын тушундагы хандыкты кайра калыбына келтирүү үчүн Россия жана Кокон хандыгы менен күрөшкө чыккан. Кенесары Россия империясынын басып алуу саясатына каршы аскер жүрүштөрүн уюштурган. 1838-ж. Ак-Моло, Ак-Тоо чептерине кол салып, өрттөшкөн. 1841-ж. Кокон хандыгынын карамагына өткөн Сузак, Жаңы-Коргон, Ак-Мечит чептерин кайра алган. 1843-жылдардан баштап орус аскери ага каршы чечкиндүү аракетке өтүп, көптөгөн казак урууларын ага каршы коюуга жетишкен. Аскери азайып, абалы начарлаганда, Жети-Суура ооп, бул жерден басып алуучулук, талап-тоноо, зордук-зомбулуктарга жол берген. Орустарга каршы күрөштө алынан тайган Кенесары кыргыздарды өзүнө каратып, алардан салык

Норузбай төрөлөр баштык бир канчалык чаап, казактардын кысасы Чүй суусунун Токмок шаарына жакындап, барган жери түн жак жакасындагы Май-Дөбө деген жерде болуп, кыргын табышкан.

....ушундай болуп, кыргыз-казак экөө бир атанын баласы болуп туруп, илим-билиминин жоктугунан кан төгүшүп, эл чабышып, көбү азын талап алып жүрүшкөн. Бул чаап, кан төгүшүү ал убактыдагы кыргыз 37-бет: казактын сөөгүнө сиңген адаты өңдүү болгон.

Кыргыздар ушул убактыда сартка караштуу болуп[77], алман берип турушту.

## 5.10 Төбөй балдары

Байчоронун 4үнчү уулу болуп, мындан Майкы, Коогам, Мекреил, Койулдур – бир тууган деген элек. Мекреил, Койулдур байаны кыскача байан кылынды. Майкыдан Улуу жүз атагындагы казактар болуп, келечекте байан кылабыз.

## 5.11 Коогам балдары

Коогамдан Барак хан кан болуп өттү. 38-бет: Андан Габыр кан, андан Галидин, андан Арсылан, андан Кылыми бий, андан Шабыр бий, андан Темуш бий, андан Арстам бий, андан Атан бий, андан Назар, андан Шүкүр бий, андан Санкин бий, андан Сары бий, андан Омбол бий, андан Долон бий[78]. Бул Долон бий деген киши Магул кандын убактысында болгон.

Магул тукумунан Чыңкыс кан деген кан болду. Бул кандын өз аты Темучин эле. Бул кишини бир нече урук эл кан кылып, түрктүн мурунку адаты бойунча бир нече урук баштыктары ак кийизге салып көтөрүп келип, тактыга олтургузуп, кан шайлаган. Ушул убактыда атын Чыңкыс кан деп койуптур. Чыңкыс кан деген сөз 39-бет: адил кан деген сөз эле. Бул киши өзү абдан баатыр болуп, Эртишти бойлоп, көп элди багындырып, Кытайдын көп жерин өзүнө караткан жана Кытайды барып, басып алып турган. Мына ошол убактыда кыргызды бийлеп турган Арзы төрө дегенге (9) шумкар тартуулук жибергенден кийин, кыргыз Чыңкыс канга таттуулук менен Арзы төрө башы болуп, карап кетти[79]. Мындан кийин Чыңкыс кан Супатай, Курамыш деген вазирлерин кошуп, Арзы төрөнү Ала-Улуу, Жайсаң деген жерге жумшаган. Барып, багынтып келүү үчүн Ал-Уулу Жайсаңга барган. Кайта келбесин билип, Долоон бий барбай калып калган. Ал-Уулу Жайсаңга барган элден кайта

алып, күчтөнүп, кайрадан орустарга кол салууну улантууну көздөгөн. Ормон хан башындагы кыргыздар анын бул сунушунан баш тартканда, кыргыздарга 2 жолу кол салган (1846, 1847). Акыркы чабуулунда казактын колу Токмок шаарына жакын жерде кыргыздардан жеңилип, өзү Дайырбек, Жалбай, Калча Атамбековдор тарабынан Алмалуу-Сай деген жерден колго түшкөн. Оозеки маалыматтарда анын башын казактардын колунан өлгөн Субанбектин иниси Тайсары кесип алган.

[77] Кокон хандыгын айтып жатат.

[78] Долон бийден ары карай санаганда бир нече варианттар менен айтылат (кара: Солтоноев Б. Аталган эмгек. Т.1. 88-б.). Мисалы, М. Кыпчаков боюнча Арыстанбек дегенден Кылымыхан, андан Кылычхан, андан Төлөхан, андан Төрөхан, андан Барахан, андан Кылымыбек, андан Шафурбек, андан Шүкүрбек, андан Сагымбек, андан Санкинбек, андан Сарыпий, андан Муратай бий, андан Телгозу бий, андан Калпак бий, андан Домбул бий, андан Дөлөн (Долон) бий (кара: М. Кыпчаков. Аталган кол жазма). Долон бийден төмөн карай анча айырмачылыктар кезикпейт.

[79] Мындай маалымат Рашид ад-Диндин «Жами ат-Таварихинде» («Тарыхтар жыйнагы») да кезигет. Санжырачынын аны менен тааныштыгын тактоо мүмкүн эмес. Ошондуктан толук бердик (бирок анын бир нече [Стамбулдук, Ташкенттик ж.б.] тексти бар экенин эскертебиз): «Коён жылы (б.а. 1207-ж) Чыңгыз хан кыргыз эмирлери менен акимдерине бири Алтан, экинчиси Бура деген 2 элчи жиберди. Адегенде алар (...) деген биринчи аймакка келишти, анын эмиринин аты (...) эле. Анан Еди-Урун (бул аталыш ар башка тексте ар башка берилген. Мисалы, 1) ити-афрун, 2) афзун, 3) ииди-аурун. Ошондуктан котормочулар да ар башка которгон. Мисалы, И.Н. Березин боюнча Еди-Урун - Жети-Орун, А.А. Семеновдо Ети-Мурэн – Жети-Суу) аталган кийинки аймакка келишти, анын эмирин Урус-Инал дешкен. Эки эмир тең аталган элчилерди урмат-сый менен тосуп алып, кайтаарда аларга ак шумкар [сункур-и сапид] кошуп, биринин аты Илик-Темир, экинчисиники Аткирак деген эки элчи жиберип, Чыңгыз ханга баш ийишти». Ал эми «Сокровенное сказание» (Козин С.А. котормосу, М.-Л., 1941) боюнча: ...Ошондо Чжочиге (б.а. Жучу) кыргыз нойондору Еди, Инал, Алдиер жана Олебек-дигин келди. Алар баш ийгенин билдирип [били государю челом], ак шумкар, ошондой эле ак боз ат [белыми же меринами] жана ак булгун тартуу кылышты.

келбей калган. Мындан кийин Чыңкыс кан бүткүл Азияны жана Жаврупанын 40-бет: бир бөлүмүн каратып, Харазими алшахи аталган Мукаммет канды 1217-жылында жок кылган. Бул Чыңкыс кан элди жерини ыгына карата бөлүп[80], өзүнүн балдарынан кан койгон. Магул тукумдары илгертен күчтүү эл болуп, Кытайды барып, чаап алып турган. Кытайлар магулдардын чабуулунан сактануу үчүн узундугу 2000 чакырым кылып, дубал салышкан[81].

## 5.12 Долон бий

Долон бий Домбулдун уулу болуп, Кочкордун түштүк жагынан келген Жоон-Арык деген суунун өрдөп барган жеринде, белге жакын Сары-Булак деген жер бар. Ошол жерди жердеп туруп өттү. 41-бет: Бул кишинин кабыры Кочкордон Нарынды көздөй ашкан белдин өзүндө болуп, Долоон ашуусу, жаки Долондун бели деп айтылат. Бул кишинин дүнүйөдөн өтүшүнө 13үнчү асырдын башында болуп, (700) чамалуу жыл болгон. Долондун уулу Эркалпак, анын уулу Муратай, анын уулу Телгозу, Каракозу – 2 уул. Каракозудан чоң багыш уругу болуп, Кытайга караштуу Кашкар тарабындагы турган эл. Телгозудан Сатке бий болуп, бул киши кийимди кооз кийинип жүргөнүнөн бир теңтушу сен Жанкорозсуңбу деп тамаша кылыптыр. Ошондон лакап ысмы жамы багыш Жанкороз болуп атанып кеткен. Сатке бийден Агуул, Кызыл уул деген – 2 уул болуп 42-бет: ....уулу дайым ит агытып, куш салып, бүркүт салып, жылкы тийип жүрүүчү. Ошол себептүү келиндери Куу аке деп тергегендиктен, кубул деп, агуул – кубул деген шул ссебептен болуптур.

Кубул тукуму сол атанып, Кытай кол алдында болуп калды. Атактуу уруу катары аскалы, хандабас, мычак (мачак), кулун, фычына (пичене), килет?, кушчу, мундуз деген уруктар бөлүнөт.

...багыш тукуму көп болуп кетүүсүнө кийин жагында айтылып, Жанкороз өзү кооз кийинүүдөн айтылган[82]. 43-бет: Агуул, Кубул балдары Оң аталды. Аталышына себеп, Кочкорду жердеп, бир күнү жайлоого чыгабыз деп, кеңеш кылышты. Кубул айтты, Кара-Кужурга чыгабыз деп. Агул айтты Мамбет акем кайака чыкса, мен ошол жакка чыгамын деп. Мамбет акем деген ошо убактыда сыйлай турган кадырлуу кишиси эле. Мамбет бул экөөнүн көңүлү оң жакты самап турганын билип, экөөнүн малынын эсебин сурады. Экөө малынын эсебин айтты. Агуул балам, сен оң жагымдагы Соң-Көлгө чыккын, Кубул балам, сен сол жагымдагы Кара-Кужурга чыккын деп айткан. Ошо ссебептүү Агул тукуму Оң аталып, Кубул тукуму Сол аталган жана өздөрү ушул эки жайлуу, 44-бет: өзүнө караштуу айыларын бөлүп алып, жайлашкан.

## 5.13 Агул балдары

Агуул балдары Адигине, Тагай, Муңкуш – 3 уулу болду. Тагайдан Богорстон, Койлон, Кылжыр, Карачоро деген 4 уулу болду. Жана дагы Тагай бий кадырлуу киши болгондугу үчүн, моңолдор, черик, азык, сайак деген кишилер келип, бала болушкан. Тагайдын тондуу уулдары менен барлыгы (...) уулу болду. Акыркы жетөөнү кыргыздын эски адат сөзү боюнча жетигул[83] деп да айтышчу эле.

45-бет: Адигине тукуму Анжиян тарабында болушуп, сарт, баркы, бөрү, көкчө уулу, олжоке, тооке, сабай, жору, ардай, мөнөк уруктарга бөлүнөт.

[80] Чыңгыз хан басып алган жерлерин төрт уулуна бөлүп бергенин («Улус арба'а») айтып жатат.

[81] Улуу Кытай дубалы (чынында Кытайдын Улуу дубалы деп которулуш керек эле), көчмөн элден коргонуу үчүн б.з.ч. 4–3-кылымдан тарта курула баштаган.

[82] Долон бийдин Агул аттуу аксакал уулу тазалыкты сактаган, жакшы кийинген, ичинген, жанын абдан баккан киши болгон экен. Ошондуктан эл ага Жанкороз деген наам беришет. Бир күнү Долон бийдин бардык бадары чогулуп, эми өзүбүзгө ураан коелу дегенде Агулдун балдары; «биздин урааныбыз Жанкороз эле болсун» дешет (кара: Абдырахманов Ы. Кыргыздардын келип чыгышы. КР УИА КЖБ. Инв. №116 (319).

[83] Жетигул уруулары негизинен сарыбагыш, солто урууларынын ичиде кездешет.

Мункуш Агулдун уулу болуп, бул Мункуш тукуму дагы Анжиянга туруп калган. Эрке кашка, төлөйкөн, мангыт, көкжатык, соколок, жапалак, кодогочун, жоош, жылкелди, сарлар, тееке, букара, татар деген бир нече уруктарга бөлүнөт. Бул эки урук элдин турган жери Анжиян, Кокон тарабында болуп, 19унчу асырдын айагы ченде Алымбек деген адигине баркы уругунан кан болуп, Ош шаарына бир медресе салдырып, Коконго кан болуп туруптур жана бул кишинин Курманжан датка деген 46-бет: аялы, өзү өткөндөн кийин датка, йагни кан болуп[84] ордуна шайланып олтурган. Абдулдабек, Маматбек, Баатырбек, Асанбек, Камчыбек деген балдары болгон.

## 5.14 Тагай бий балдары

Тагай бийден Богорстон, Койлон, Карачоро, Кылжыр деген 4 уулу болду жана да моңолдор, черик, коңурат, азык, саяк, (...) барың жетөө – Тагай бийге өздөрү келип, болгон тондуу уулдары болгон. Баарың Тагай бийдин уулу Карачоро менен энелеш болуп, түп атасы сарт болгону үчүн ителгинин баарыңы өңдүү деп айтышкан. Атасы сарт, энеси кыргыз болгону үчүн 47-бет: Тагай бийдин убактысында сартка караштуу болуп турду. Ошол себептүү Тагай бий сарттын каны Эреше[85] канга барып, ак үйлүү болуп туруп калыптыр. Бир күнү Тагай бий канга саламга кириптир. Тагай бийдин мойнунда бит турганын көрүп, кан ордо кыздан жактырып, Тагай бийге бир кыз алып берген. Алгандан кийин Тагай бийден бойуна бүтүп калган. Бир күнү кандан Тагай бийдин үйүнө кетүүгө уруксаат болуп, кандан уруксат болгондон кийин, катынына мөөр шакеги менен болот кестигин берип, боюңдагы баланы аман туусаң, эркек болсо, атын Карачоро койуп, мөөр шакегим менен кестигимди берип, мени издетип жибергин. Кыз болсо атын өзүң билип койуп, ыйлабай турган 48-бет: жерине бергин деп, аркадагы үйү, элин көздөй жүрүп кетиптир. Андан кийин Тагай бийдин калган катыны эркек төрөп, атын Карачоро койгон. Карачоро чоңойду. Атасы Тагайдын осуяты, йагни тапшыруу менен атасы Тагай бийди издеп чыкан. Ошол убактыда азык көтөрүп, бир бала кошо келди жана жолдон селсайак жүргөн бир бала кошо жүрдү. Азык көтөрүп келген баланы азык, селсаяк жүргөн баланы саяк койду. Болот кестиги менен мөөр шакегинен Тагай бий өзүнүн баласы Карачорону тааныды.

Тагай бийдин андагы калган катыны бир сартка тийип, ал сарттан бир бала тууган. Ал баланын атасы сарт, энеси кыргыз болгону 49-бет: ссебептүү барың[86] деп айтылган. Бул барың атасы сарт болгону менен энеси кыргыз кызы болуп жана Карачоро менен энелеш болгон.

## 5.15 Моңолдор, черик, коңурат байаны

Адигине, Тагайдын Наалы деген эжеси болуп, Наалы эженин коңуркула атын Адигине Тагай жоого аттанмакчы болуп, суратып жиберген. Адигине-Тагай экөө тең бир тууган болгону үчүн Наалы эже

[84] Курманжан датка Маматбай кызы (1811, Алай – 1. 2. 1907, Ош ш-на жакын Мады кыш.) – кыргыз аялдарынан чыккан белгилүү коомдук ишмер. Алымбек датканын аялы. Коомдук иштерге күйөөсү өлгөндөн кийин аралаша баштаган. Атасы Маматбай муңгуш уруусундагы жөнөкөй эле киши болгон. Биринчи жолу жоош урууcунан Кулсейит (Кулу Садыяров) дегенге чыгып, бир жыл жашагандан кийин аны чанып кеткен. 1832-ж. Алымбек менен таанышып, турмушка чыккандан кийин таасирдүү кеңешчисине айланган. Кокон хандыгындагы так талашууга байланыштуу чыр-чатактын биринде Алымбек датка өлтүрүлгөн. Ушундай себептерден Букардын эмири Сейит Музаффар-эддин аскер менен Ошко келип, алайлык кыргыздарды өз жагына тартуу үчүн датка наамын Алымбектин улуу уулу (Курманжандын өгөй уулу) Жаркымбайга сунуш кылган. Бирок, бул жердеги белгилүү бийлер Осмон, Өмүрбек, Акимбай ж. б. кеңеши боюнча Жаркымбай ал наамдан баш тартат. Натыйжада эмир аны Ош ш. аким кылып, Курманжанга датка наамын ыйгарган.

[85] Көпчүлүк окумуштуулардын пикири боюнча Султан Саид хандын уулу, 1533–60-ж. Моголстанды бийлеген Абд-ар Рашид хан.

[86] С. Абрамзон чогулткан маалыматтар боюнча баарыңдар Жанкороздун Куржу деген баласынан тарайт. Эсенкул Төрөкан уулу боюнча Карачоронун экинчи аялынан Багыш, андан Куржун. Куржундан Ана баарың, Кара баарың, Сары баарың, Бала баарың (кара: Кыргыздын кыскача санжырасы Б., 1995. Т. 2).

бирине берсем биринин көңүлү калат деп, Баймоңол деген жигитине калыс берип жиберди. Кайсы убактыда Адигине Тагайдын кимиси кысталыш болсо, ошонусуна бергин деп. Наалы эженин Таманак деген тайганы Баймоңолду ээрчип, 50-бет: кошо кеткен. Баймоңол жетелеп жүргөн коңуркула аты жана тайганы менен жоонун колуна түшүп кетти. Бирок Адигине Тагай жоону чаап кайтышкан. Наалы эжеге Баймоңолдун ордуна бир киши чыгарып берди, коңуркула аттын ордуна бир бала чыгарып берди. Таманак деген тайганын ордуна бир бала чыгарып берди. Ал бала сырдаган бешиктин ичинен табылган бала болуп, андан туулган бала черик[87] болду. Коңуркула аттын төлөөсүнө келген баладан таралгандар коңурат[88] болду.

Баймоңолдун ордуна келген жигитке Наал эже үйүндө жүргөн Дор деген калмак күңүн алып берген. Мындан таралгандар моңол 51-бет: дор уругу болуп атанып кетти. Чертики[89] Четтик деген шаардан келип, тамаки жана майда бакал сатып жүрүп, кыргыз ичинен бир кыз алып, Тагай бийге бала болуп туруп калган. Мындан таралгандар чертики уругу болгон.

Карачоро бул жерге Тагай атасына келди. Бир нече жыл Тагай атасы менен туруп, акыры тукуму Анжиянга барып туруп калган. Багыш деген эл. Койлон Тагай бийдин бир уулу болуп, мындан таралгандар жедигер деп аталган. Булар аз түтүн. Турган жери Намангандын үстүндө, тоо арасында турушат. Башка солто, сарыбагыш ичинде дагы бар.

## 5.16 52-бет: Кылжыр балдары

Кылжыр Тагай бийдин уулу болуп, өз аты Сарбагыш, мойну кылжыр ссебептүү Кылжыр атанган. Кылжырдан Орозбакты, Дөөлөс деген эки уулу болду. Орозбактын Арык, Асан, Карамырза, Мырзакул деген 4 уулу болуп, барча бугу деген эл ошол төртөөнөн тараган.

Дөөлөстөн Токо, Жантай, Элчибек, Манап деген 4 уулу болду. Токо, Жантай экөө улуу катындан болуп, улуусу Токо. Токонун балдары Каракурсак аталган. Булар аз түтүн болуп, тынай элине жана абыла, сабыр, чагалдак деген өсүк, чечей, молой, беш көөрүк деген жети, 7 тондуу уулдары болуп, булар баарысы тең сарыбагыш ичинде 53-бет: болуп, барча сарыбагышты көбөйтүп жаткан мына ушулардын балдары болот. Токо өз убактысында чоң болуп, сарбагыш уругунда эң мурун чыгым салып, элден жыйнап алыш Токодон калды.

Каратоко Манап ай,

Алдың эле алды артыңа карабай,

Эми бере-бергин санабай деген сөз бекер, жалган болгон сөз болорунда Каратоко, Манап ай,

Үй башына бир жылкы,

Ала бергин санабай деп айткан ссебепи, түтүнгө бир жылкыдан чыгым алгандан айтылган.

Токонун тондуу уулдары (7) жети уулу өздөрү ар кимиси ар башка айтышат. Мисалы, абылалардын карыялары айтышат, Абыла баатыр Олуя-Атадан казак, кыргыз урушуптур, ошондо Абыла баатыр

[87] Көпчүлүк санжыраларда жоодон («черүү») колго түшкөн бала экени айтылат (мисалы, Закиров С. Кыргыз санжырасы. Б., 1996). Башка санжырада: «Адигине, Тагайдын Колбийке деген кичүү энесинен Меңдигул деген бала. Бетинде меңи болгон. Кыргыз салтында токол катындын баласын кулга жакындатып, «такыр курсак», «түпкө жатар» деп караган. Анткени менен атанын «көкүрөк кучүгү» делип, атанын үй-мүлкү анын колунда калат. Черикти токолдун тукуму-кул деп жүрүшкөн. Бирок, чоң көрөңгө Черикте калган экен. Төрт болуш эл. Теңи Ат-Башыда, теңи Какшаалда, Тоюн-Чөл деген жерде болот. Ар жерде аздан жүргөн да чериктер бар. Меңдигулдан Эшим. Чердегей бала ушунун тукуму Черик аталат» (кара: Ы. Абырахманов...).

[88] Башка уламыштарда да Адигине-Тагайдын Наалы деген эжесинин коңур (коңур кула, коңур ала) атынын байгесине бир бала тийип, андан тарагандар ошол аттын түсүнө байланыштуу аталып калганы айтылат. Мажму ат-Таварихте 92 боолуу өзбектин (илатийа) бир урруусу катары эскерилет. Оозеки фольклор боюнча таңатар, андан куттук, кечмелик деген урууларга бөлүнөт.

[89] Башка санжыраларда Чертки, Чертике да болуп айтылат.

колго түшүп, 54-бет: Маматкулдун колуна келип туруп калыптыр дешет. Бирок Токонун өлгөн убактысында кызы кошкон кошогуна караганда, Абыла болсун, жаки башкасы болсун Токонун тондуу балдары болууга керек.

Абыла, сабыр, чагалдак – атам тапкан кул эле,

Өзүк, чечей, кул молой, өзүм тапкан кул эле,

Өзү келди беш көөрүк – бул качан атакемдин уулу эле?

Ал убактыда кыргыздын эски адат сөзү бойунча бир жактан келгенди жана кичи катындын баласын кул деп айтышкан.

## 5.17 Жантай балдары

Жантай Дөөлөстүн уулу, Токо экөө бир эне 55-бет: ден болуп, Токонун иниси болгон. Жантайдан Сары, андан Бөрүчөк болгон. Бөрүчөк өзү бактысында бий болгон. Бөрүчөк бийдин (4) төрт уулу болду. Эң улуу катындан Атабай, андан кийинки катындан Айуке, андан кийинки катындан Элеке, Кусеке. Атабай Бөрүчөк бийдин улуу катынын балдары болуп, Кубат, Белек, Акчабуу, Мендеке, Таштокум деген уруктарга бөлүндү. Элеке тукуму токтооку атанган. Айуке тукуму айуке атанды.

Атабайдан Касыбек, андан Кожояр, андан Өмүрзак, андан Байалы. Атабай жана Акчабуу уругунун кадырлуу кишиси болгон.

## 5.18 56-бет: Кусеке балдары

Кусеке[90] Бөрүчөк бийдин эң кичүү уулу болуп, Кусеке тукуму калмакы атанган. Калмакы деген атак калмакка чабуулга түшүп кетип, бир канчалык туруп, кайта келгени ссебептүү айтылган.

Кусекенин Акы, Калматай, Эшиге, Досон деген (4) төрт уулу болуп, Эшиге, Досон Кусекенин сарт катынын баласы болуп, Досондон досон уругу болгон. Бул уруктан илгери Меңназар деген, кан Ормонго вазир болгон. Булар азырак түтүн болуп, (10) чамалуу түтүнү Бестиробканын күн батыш жакы чети, Кашкелең кыштагында турушат. Исмайил Дөнөмбай уулу деген аксакалы бар.

57-бет: Эшигеден Балабагыш андан Бектемир, Сокур эки уулу болуп, Бектемирден Кудайберди, андан Назар андан Качканак, андан Тилебай, Максат. Сокурдан Акжол, андан Ормош, Татыбек, Ажыбек (3) уул. Ормоштон Ногой, Капа, Касым (3) уул болуп, Ногой убактысында чоң болуп өткөн экен.

Калматай Кусекенин уулу болуп, мындан Мереке, Ормоке, Кашка, Кенже төрт уул болуп, булар бай жантай деп айтылган. Мерекеден Эсентай, Майназар (2) уул жана Эсентайдан Ормотой, андан Жанай, андан Алмамбет, Мырсакул жана Кашкадан Шербото, андан Таберик, андан Мергембай, андан Медер. Бул туугандарыбыз быйылкы, 1930-жылы 120 түтүнгө жакын болуп, Шамшы элинде, Буранага жакын жерде турушат.

58-бет: Акий Кусекенин улуу уулу болуп, бул киши убактысында быйылкы даражасына жеткен. Акийдин Дайырбек, Ниязбек, Оболбек деген балдары болуп жана дагы Тыныбек деген уулу болгон.

Оболбектен Төрөбай, Токтуу, (2) уул болду. Төрөбайдан тукум жок. Токтуунун (9) уулу болуп, Жаманкиши, Маркаш, Чолок деген балдарынан тукум бар. Алтоонон тукум жок болгон. Жаманкиши, андан Кожогелди, андан Атабек, андан Ныяз, Мамбет эки уулу болгон жана Маркашдан Абилбай, андан Тайсары, андан Оторбай. Ныязбектен Мамелек, Шакел, Олтоке, Кенже, Малжан деген уулу

[90] Башка санжыраларда Күзөкө түрүндө кезигет.

болуп, Малжан тукуму Таласта бешберен деген саруулардан мал 59-бет: -жан, катын алып, ошол жерге туруп калган[91]. 1909-жылдарда көчүп, Чоң-Кеминге, жантай тууган уругуна келип, эки жыл турушуп, бөлөк өсүп калгандык кылып, көнө албай кайта кетип калды. Түтүнү (60) түтүн чамалуу бар эле.

Олтокеден Шайбек, андан Молдоисак. Кенжеден Каработо, андан Бегалы, андан Тапай, андан Касабек.

## 5.19 Дайырбек балдары

Акийдин уулу Дайырбек болуп, бул киши Чүйдүн тескей тоосундагы Желаргынын[92] күн батышындагы Окторкой деген жерден калмак келип, чаап, Дайырбекти катын-баласы менен туткун кылып алып, Жуңгар тоосунан[93] ары Эрен-Кабырга, Эртиш деген жерге алып барып, Дайырбек ошол жерге калмактын канынын жанына туруп калган. Бир канчалык көп жылы туруп Дайырбек 60-бет: дүнүйөдөн өткөн. Өтүүнүн алдында балдарына осуят кылып айткан. Чоң атаңар Акий бий сарбагыш жантай деген уругунан болосуңар деп айтып, түп атаңар Жантайдыкы, ушуну жоготбой алып баргыла деп, бир мылтык жана оттук, бир бычагын балдарына керээз кылып тапшырган. Эгерде бул белгиңер жок болсо кыргыз силерди жантай уругу деп эч бир убактыда айтбайт жана өздөрү билгенин кылат деп айтып, атасы Дайырбек дүнүйөдөн өткөн. Дайырбектин Асанбай, Ыбыке, Жакам, Ынжы, Мадыган, Сеңкилтай деген алты уулу болду. Акыркы экөө калмак ичине барганда туулган балдары болгон. Булар атасы өлгөндөн кийин калмак бошотуп жибербей, дагы нече жыл туруп калышкан. Аягы 93чү бетте (?).

## 5.20 61-бет: Манап баяны

Манап Дөөлөс бийдин Жезбийке деген токол катынын баласы болуп, Жезбийкенин бойунда болгондо, Меңишек байбиче деген Дөөлөс бийдин улуу катыны ичине кийиз тартынып жүрүп, Жезбийке тууганда мен туудум деп, багып алып, атын Манап койгон. Жана тууган убактыда ороосун манаттан кылып, манат менен ороп, бешикке салыптыр. Мына ушул ссебептүү кийиз курсак Меңишек атанган. Ал бала Меңшек байбиченин багып алган баласы болуп, Дөөлөс бийдин чоң үйүн ээлеген. Жана ошондон тартып чоң болуп, бүтүн сарбагыш ичиндеги манап деген илгертен берки чоң болгон ошол Манаптын тукумдары[94] болгон. Жана кыргыздын 62-бет: башка уруктары – солто, бугу, сайак ичиндеги манап атангандар атакты ошондон алган. Никелей падышанын убактысында 1916чы жыл барча сарбагыш уругу (15) болуш чамасында болду. Мына ушулардын барын бийлеп тургандар баарысы Манап тукумдары эле. 1916чы жылкы өктөбүр өзгөрүшү мындайлардын барын жоготуп, кедейлер менен кембагалдардын үстөмдүгүн чыгарды.

Манаптын Сүтөй, Жарбаң деген (2) уулу болуп, жарбаң тукуму азыраак болуп, булар Нарындын жана Чүйдүн кайсы бир жерлеринде бар-жок эмес. Энесинин ичинен жарып алганынан жарбаң атанган.

---

[91] Булардын тукуму «сарыбагыштар» деп аталып, азыр да Таластагы Козучак айылында турушат (кара: Сооронкулов С. Бердике беш берен. /Кыргыз санжырасы. Б., 1995).

[92] Азыркы Чүйдөн Боом капчыгайына кире бериш жер. Жел аркырап турат деген мааниде. Азыркы «Жел-Арык» деген аталуу кыргызчадан орус тилине бузулуп киришинен келип чыккан.

[93] Б. а. Иленин сол жээгиндеги Жуңгар Ала-Тоосу.

[94] Тилекке каршы, Манаптын тарыхын кененирээк Б. Солтоноевдин эмгегинен гана табууга болот. Анда анын казак ханы Эшимдин тушунда жашаганы айтылып, ал жөнүндө башка жазма маалыматтар кезикпейт. Бул жердеги «манап», «манапчылыктын» чыгышы жана жогоруда айтылган «Каратоко Манап ай, алдың эле алды артыңа карабай, эми бере-бергин санабай» (бир нече варианты бар) деген сөздүн таралышын кыргыздын тарыхчы-санжырачылары (мис., Б. Солтоноев, Ы. Абдырахманов, С. Закиров, Э. Төрөкан уулу ж. б.), белгилүү окумуштуулар (мис., С. Абрамзон, Б. Жамгырчинов ж. б.) Дөөлөс уулу Манапка байланыштырган.

63-бет: Сүтөйдөн Сарсейит, Тугур (2) уул болуп, Тугурдан Эшим, чоңчарык уруктары. Сарсейиттен Үчүке, Түлкү, кан Кудайан (3) уул болгон.

Чоң чарык аталышы Тугурдун неберелеринин Олжотой деген киши болду. Бул буту чоң болуп, бүткүл Анжиян шаарынан бутуна бир кепич батбаган жана жайдын күнүндө кепичинин ичине улак жатып алыптыр[95]. Ошол ссебептүү чоң чарык атанган.

Үчүке, Түлкү, кан Кудайан деген Сарсейит бийдин уулу болуп, булар убактысында сарбагыш жана дагы башка уруктардан бийлеп турушкан. 64-бет: Бир күнү Түлкү энесинин айтуу менен катынын койо берген жана элден кыз жактырбай, бир канча жүргөндөн кийин Какшаалда кандык курган ойгут элинин[96] каны Жаңыл мырзаны алуу үчүн барып, жылкысын тийип келип, Какшаалдын тоосунун арасында бир жардын түбүнө келип, конуп жатышкан. Ошол жылкы тийген убактыда Жаңыл үйүндө жок болуп, адатынча ит агытып, куш салып, талаада жүргөн. Жаңылга кабар баргандан кийин артынан кубалап келип, Түлкүнү сынап, сынына толтуруп турду дейт. Мына ошол убактыда Жаңыл мырзанын кер тайганы шимшилеп, Үчүке, Түлкүнүн бээ сойуп, ташкордосуна[97] этин бышырып жаткан 65-бет: конушуна кирип барган. Ошондо бул кер тайган кайдан келди деп, коштогулар сурашкан. Түлкү – канчыктын кер тайганы деп жооп берген. Ошондо жардын башында карап турган Жаңыл жаа менен атып, Үчүкө, Түлкү, Атакозу, Чабак деген кишилерди өлтүргөн.

Мына ошол жер Үчүкө, Түлкүнүн бейити деп аталган. Жаңыл мырза Түлкүгө тийүүгө көңүлү болуп турду. Бирок жаа менен атуунун ссебеби- биринчиден канчык деп, айтуу болсо, экинчиден кызды балам дебесе болот деген Жаңылдын жанындагылардын сөзү болгон.

66-бет: Үчүкө, Түлкү Сарсейит бийдин уулу болуп, Атагозу, Чабак деген сайактын бөөбүй деген уруусунан[98] эле. Төртөөнүн өлгөнүн Сарсейит бийге Ысык-Көлдүн күн батыш айагындагы Ак-Өлөң деген жеринде, төө кайтарып жүргөндө, жоодон качып келгендер айткан. Үчүкө, Түлкү өлдү, Атакозу, Чабак өлдү деп. Ошондо Сарсейит бий Үчүкө, Түлкү кулунум Атакозу, Чабак арстаным деп, аттан учуп түшкөн. Сарсейиттин байбичеси; Үчүкө өлсө Үчүкөдөн үч бала калды жана ичтен кан ууштап түшкөн кайраттуу тууган кан Кудайаным бар деп, Сарсейит бийдин колунан тартып тургузуп, үйүнө алып барган. Кан Кудайан чоңойуп, элди бийлеп турду. 67-бет: Бирок өзүнүн бийлеген элин баштап, көчүрүп жөнөп, Сыр дайранын ары жагына өтүп чыгат. Максаты ошондон ары өтүп кетмек. Мына ошол убактыда Сыр дарыядан элинин жарымы чыгып, жарымы чыга электе кайкыган калың көп колго учурап, кан Кудайан каражолтой жагынан кездешип, элинин бир канчасы колго түшүп, туткун болуп калганы ошол жерден[99] кайра тартышкан. Кайкыган калың кол кимдин колу экени анык

[95] Кыргыз урууларында Тугурдун Олжотайынан башка чекир (чакыр) саяктын «чоро» жана шыкмамат саяктан «бөлөкбай» уруусунда да«чоң чарык» деген уруктар бар. Т. Молдонун санжырасында кепичтин ичине баткан улак «чоро» саяктан тараган Баарчыктын Карга уулунун балдарына тийиштүү болуп айтылат (кара: Кыргыздар: санжыра, тарых, мурас, салт. /Түз. К. Жусупов. Б., 1995).

[96] Ичкилик уруулар тобуна карайт. Көпчүлүк санжыраларда «нойгут» деп да айтылат. Алардын негизги бөлүгү эзэлтеден бери Чыгыш Түркстанды («Сапарбай», «Арал», «Таш-Коргон» сыяктуу жерлер) мекендеп келген. Айрым даректүү маалыматтарга (мис., Си-юй-шуй-дао-цзы) караганда 16–17-к-да нойгуттар (но-и-гу-тэ) Лобнор ж-а ага жамаатташ аймактарды мекендешкен. 16-к-да Кашкардагы Уч чебинин айланасында жашаган эл катары эскерилет..

[97] Идиш жокто пайдаланышкан. Мисалы, «кийиктин жоон ичегисин таза жууп, этти майда туурап ага май, боор кошуп, туз, көк пияз, чөп-чардан салып, эки жагын байлап коюшкан. Отту жалпак таштын үстүнө жагышкан. Ал күйүп бүткөндөн кийин чоктору ортого түшүп калат. Таштын бети ушунчалык ысып чыккандан кийин чокторду үйлөп салып, даяр болгон этти ысык таштын үстүнө үйүп, үстүнө дагы ысык ташты бастырып, чок менен көмөт. Ал бир сааттан ашык убакытта бышат. Кийиктин этинен жасашкандыктан, даамы укмуш таттуу жана күчтүү болот» (кара: //Обон. 04. 08. 2009).

[98] ...Шыкмаматтын Култайынан Бөөбүй.... Бөөбүйдөн Тейиш, Тилек. Тейиштен Атакозу, Чабак (кара: Э. Төрөкан уулу. Аталган эмгек. Т.2).

[99] Кээ бир санжырада Үчүкө, Түлкү өлгөндө Кудаяндын 10–12 жашар бала экени айтылат. Кудаян башкарган мезгил оор заманга туш келген. Калмактардын кысымына туруштук бере албаган кыргыздар катуу кыргынга учурап, Ферганага сүрүлүшүнө байланыштуу «казак кайың саап, кыргыз Ысар-Көлөпкө (Гиссар-Куляб) киргенде», «ак таман чуурунду (чор) болгондо» деген ылакап, уламыштар сакталган. Натыйжада элдин башынан өткөн азап-тозоктордун баары Кудаяр хандын текебер, жөндөмсүздүгүнө байланышып калган. Мындай уламыштар кээ бир окуя, кубулуштарды бир-бирине айкалыштыруудан келип чыккан. Кудаяндын алаканына кан уучтап төрөлүшү жана аны сынап, ачык айтканы үчүн Санчы

билинбейт. Бирок кыргыз карыяларынын айткандары Ооганстандын колу деп айтышат. Кыргыздын сарыбагыш уругу жана дагы башка уруктарынан туткун болуп, ошол тараптарда көп калган имиш.

68-бет: Кыргыз Ысар кирип, казак кайың саады деген макал мына ошондо болгон. Кыргыз кан Кудайандын баштоо менен көчүп барып, жоого чаптырып начарланышат, казак жутка мал чарбасы кырылып калып, начарлашат. Ошол убактыда абдан кор болушкан кези. Кыргыздын карыяларынын көзүнө элестеп көрө берген өңдүү сөз кылышат. Казак кайың саады деген кайыңды кайнатып, суусун ичти деген сөз имиш.

## 5.21 Үчүкө балалары

Үчүкөнүн үч уулу Маматкул[100], Дөөлөт, Бердигул болуп, Дөөлөттөн Надырбек, Бай, 69-бет: Карамурат, Шайбек төрт уулу болуп төртөө төрт урукка бөлүнүп, Надырбек уулу, Мусулман уулу, Кубат уулу, Бердибек уулу, Адыл уулу, Абылай уулу Асыранкул жана Надырбек уругунан Кудайменде, Ташыбек дегендер Ормон кан менен кас болуп, бугу тарабына кирип [кеткен]. Сарыбагыш[тар] Ормон кандын кунун кубалап, бугуну сайып бара жатканда, бул Кудайменде, Ташыбек, Бакачы Каражунус, Нурдөөлөттөрдү өз тарабына кошуп алып, Кара-Баткак деген[101] Күңгөй Аксуунун күн чыгыш жагы, Ысык-Көлдүн түн тарабындагы бир коктудан түшүп туруп, кайта сайган имиш. Жана Бай тукумунан Калыгул деген даанышман 70-бет:, йагни акылдуу, билимдүү киши болгон[102]. Бул киши ошол заман – бул замандын көзү ачык күзгүсү болуп, артына Калыгулдун сөзү деген көп сөздөрдү калтырган. Калыгулдун уулу Шыгай, андан Көбөгөн болуп, бул киши бир болуш Надырбек элин бийлеп жана башка элге дагы кадырлуу киши болуп өткөн.

## 5.22 Маматкул балдары

Маматкулдун Темир, Болот, Андагул, Көккөз деген 4 уулу болуп, бул Маматкул бозого таарынып, өзүнүн жакын тууганддары Белек менен жоо болуп[103], (...) деген кыргыздын бир экинчи бир уругун

---

сынчыны төбөгө чаап, каргышына калганы, кыргыздар калмактан качып, Сыр-Дарыядан өтүп баратканда өлгөнү жана анын тукуму азыркыга чейин Оро-Төбө, Хожентте турганы жөнүндө санжыранын бир нече түрү айтылат. Кийинки изилдөөлөр боюнча да Кочкор, Кетмен-Төбө, Талас өрөөнүндөгү сарыбагыштын тоголок (томолок) уруусу өзүлөрүнүн түпкү атасын Кудаян дешет (караңыз: Абрамзон С .М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча таңдалма эмгектер. Б., 1999; Солтоноев Б. Аталган эмгек. Т. 1.; Сыдыков О. Аталган эмгек).

[100] Эскертүү; С. Абрамзонго (мис., «Народные предания как источник для изучения этнической истории киргизов Центрального Тянь-Шаня» деген макаласында[//Этническая история народов Азии, М., 1972] автор «Тогуз-Тороо», «Улаан», «Касымаалы», «Таабылды», ж. б. деп созулма үндүүлөрдү артыкбаш колдонгон) таянган кээ бир авторлор Мааматкул болуп берип жүрөт. Башка тарыхта (мис., Б. Солтоноев, О. Сыдыков, ж. б.) Маматкул. Көптөгөн тарыхый маалыматтарды пайдаланган белгилүү тарыхчы Д. Сапаралиев да ушул жылдары жалпы кыргызга Маматкулдун бий болгонун белгилейт (кара: Д. Сапаралиев. Взаимоотношение кыргызского народа с русским и соседними народами в XVIII в. Б: 1995. 31 ж. б. беттер).

[101] Бул окуялар Б. Солтоноевде кененирээк берилген.

[102] XIX–кылымдын биринчи жарымында кыргыз элине бөтөнчө кеңири белгилүү болгон нускоочу, ойчул акын. Бирок жалгыз Б. Солтоноевке таянгандыктан жалпы маалыматта анын жашаган жылдары 1785–1855 болуп, туура эмес көрсөтүлүп жүрөт. «Кийинки жылы 1793-(уй жылы) солтодон Кудайберди, сарбагыштан Эсенгул баштык болуп, кыргыздан кыштын күнү көп кол барып, Иленин күн чыгыш жак жээгинде согушуп, «Көкүмбулак» деген жерде Бердикожону өлтүрүп, казакты чаап, көп мал-мүлк олжо алып кайткан. Ушул согушка жети жашар Калыгул даанышманды бышыктырмак үчүн Эсенгул ээрчите барган» (кара: Солтоноев Б. Кыргыз тарыхы, Б., 2003. 193–194-б.). Солтоноев бул жерден жаңылып жатат. И. Андреев боюнча Бердикожо 1786-ж. январь айында өлтүрүлгөнү так (кара: Андреев И.Г. Описание Средней орды киргиз-кайсаков. А., 1998. 79–80-б.). Демек, ал болжол менен 1779-ж. туулган. Мындан тышкары кээ бир архив маалыматтарында 1855-ж. кийинки мезгилде да Калыгулдун сарыбагыштын ичиндеги надырбек уруусунун бийи болгону көрсөтүлөт.

[103] Маматкул башында турган сарыбагыш, солто ж. б. урууларынын калмактар менен союз түзүп кеткен бугу уруусун айыпка жыгышканы тууралуу айтылган санжыралардын көптөгөн варианттарын келтирүүгө болот. Мисалы, «...Белек бөлүнүп, калмактарга кызмат кылып кеткенде Маматкул бий;

...Байгара менен Жамбылда май жегенде бирге элек,

колго чакырып, 71-бет: байдын кызынан 9 кыз тартууга алды жана ошондон тартып, бугу уругу менен сарыбагыш уруктары жоо болушуп, кан төгүшүп калган.

Маматкулдун Темир деген уулунан Черикчи[104], Назар, Кулуке, Боогачы деген уулдары болуп, булар Кочкордун күңгөй тарабында турушат жана Черикчинин Борколдой, Жаныбек, Абайылда, Жаманкара, Мама, Караменде, Бекбото, Адылбек, Дайырбек, Карабай, Манапбай, Кенжетай уулдары болгон. Жана Абайылдадан Шербото, Нарбото, Төрөкелди, Шадыкан, Беки, Коондук, Капсалаң, Асыл, Басыл деген балдары. Булар өз заманын шартына карата баатыр болушкан. Көбүнчө Төрөкелди 72-бет: ошол замандын шери өңдүү болгон. Төрөгелдинин Шамыркан, Баатыркан, Үркүнчү, Карасай, Чоткара деген балдары болуп, Үркүнчүдөн Өтөмбай, Кудайберген деген эки уулу болуп, Кудайберген кыргыз ичинде биринчи өнөрпозлордон болгон. Чымчыкка чымчык алдыруу, комуз, кыйак, он төрт кылдан такты үстөлдүн үстүнө койуп, керемефон үнүнө окшош үн чыгаруу өңдүүлөрдү кылган өзүнүн адаты болгон. Бирок өнөр-маданияттуу элден болбогону үчүн артында белги калган эмес. Жана Абайылданын бир катынынан Шеримбек, Ыбыке жана бир катынынан Кыдык деген. 73-бет: Баарысы 12 чамалуу уулу болгон. Ыбыкеден Канат, Касым, Байдалы деген үч уулу болуп, Канат темир уругунун ызаттуу журт бийлеп, болуш болгон кишилеринен болгон. Андагул, Көккөз тукуму жана кан Кудайан тукумдары ошол Черикчи эли, жаки Темир-Болот эли атанган ошол элдин ичинде болот.

## 5.23 Болот балдары

Болот бий[105] балдары. Болот бийдин улуу катынынан Дайырбек, Айдаке, Таттыкөтөн, Сураке деген балдары болуп, булар беш күрөң атанган. Беш күрөң атанышына себеп, Болот 74-бет: өлгөндө, кымыз көп ичип, уктап калган тууралуу болгон. Болот Кетмен-Төбөдө өлүп, сөөгүн жүктөп барып, Андижанга Арстанбабка койгон. Жана Болот Санчы сынчы дегенге сынатып, Санчы сынчы айтуу менен Чагалдактын жесирин –Таалакени алып, андан туулган Кожомшукур, Эсенгул деген эки уулу болуп, Кожомшүкүр тукуму Салыбек тукуму атанып, Эсенгулдан бир канча балдары болгон.

---

Калмак менен Калыкутуда кан жегенде бирге элек!

Казак кайың саап, кыргыз Ысар качып,

Ак таман чор болгондо кайда кеттиң сен Белек?- деп, күнөө койгон» (кара: Закиров С. Аталган эмгек, Солтоноев Б. Аталган эмгек ж. б.). Бирок мындай абал (бозого тарынуу) илимий көз караш эмес, кыргыздарды калмактарга каршы бириктирүгө жасалган саясий аракет оозеки фольклордо ушундай айтылып калган. «Маматкул, Кошой 60 жашка келип калган кези экен дешчү, илгерки карылар. Колу жеткен тоо арасындагы кыргызды чогултуп; «калмактан эмне болуп жатырсыңар жана сарт-казак эмне кылып жатканын да угуп жатырсыңар. Уурдап алган калмактын малына кызыгып, тоо арасында калып калып жүрбөйлү? Өсүп-өнмөй бар, өз конушубузду өзүбүз бошотуп албасак, ким бошотот? Казак келип, ээлеп, алып калса кантебиз? Койгула балдар, көрүнөө аттаналы. Иледен нары өтпөйлү. Аягы Бетегелүү Койташ, башы Кызыл-Кыя заңташ, ушулардагы калмакты кууп чыгалы. Чүй аягы –Талас, Байгара, Жамбыл – ушул өз конушубузду алалы кудай буюрса»- дейт» (кара: Алымбектин санжырасы. Б., 2007). 1758-ж. Кетмен-Төбөгө келген кытайлык элчилери кытай уруусунун бийи Каработонун жакын тууганы («Хебици») көрсөтмөсү боюнча Маматкул оң-солду тегиз башкарып, кол алдында 4 миңден ашык эл болуп, кушчу Майтык менен кытай Каработо анын жардамчылары экенин белгилешкен. Аны менен кошо Маматкулдун Туюк-Төрдө турган уулу Болот бийдин кол алдында 2 миң түтүн эл болсо, сарыбагыш менен бугу урууларын бийлеп турган бий – Черикчи болгон (кара: Супруненко Г. П. Материалы из китайских источников по истории киргизов XVIII–начала XIX веков. АН КР отдел рукописей. Инв. № 5187). Н. Аристов 1761-ж. Иле тарапта кыргыздын беш уруусу, а. и. Черикчи башында турган 1000 түтүн сарыбагыш, ошондой эле уруу башчысы көрсөтүлбөгөн саяктар (алар да 1000 түтүн) турганын эскертип, бул эки уруу калмактар келгенге чейин эле Кеген-Каркыра менен Темуртуда (балким сөз Иленин сол жээгиндеги Темирлик суусу жөнүндө болуп жатат) туруп, калмактардын кысымы менен Анжиянга качкан, анан калмактар Кытайдан жеңилгенден кийин кайра ошол эле конуштарын ээлеп калган деген жыйынтык чыгарат (кара: Аристов Н.А. Усуни и кыргызы или кара-кыргызы. Б., 2001. 429-б.).

[104]Кытайга барган алгачкы кыргыз элчилиги жөнүндө бизге так маалымат 1758жылга тиешелүү. Ушул жылы Черикчи бий Темир уулу жетектеген кыргыз элчилери Пекинде Кытай императорунун кабыл алуусунда болуп, алардын бийлигин тааныгандыгын ооз жүзүндө билдиришкен жана согуштук жөнү менен таанышып кайтышкан. Кытай императору Черикчи бийге Здаражадагы чиндик белги ыйгарган (кара: Кадыров Ы. Кыргыздын Гинесс китеби. Б., 2008).

[105]Болоттун бий болгону Кытай тарыхый даректеринде да жазылып калган. Анда: «...Туюй Хуярда / ? Туюк жар/ сары багыш Болотко караштуу 2 миң түтүн бурут жер иштетип, мал багат» деген кабар бар (кара: Супруненко Г. П. Материалы из китайских источников по истории киргизов XVIII –начала XIX веков. КР ИАсынын кол жазма фонду. Инв. № 5187.

Бул Эсенгул өзү убактысында чоң болуп[106] өткөн. Эсенгулдун эң мурунку алган катындан Асанбай, Үсөнбай, Найман, экинчи катындан Ныязбек, Кубат, Куттуксейит, Абдыраман, Карасарт, Шоорук жана бир катындан Базар, 75-бет: Назар жана бир катындан Айтбай, Керим, Жапар, Саткын жана бир катындан Кудайар, Субан, Ажы жана бир катындан Бекболот, Шамурат деген уулдары болгон. Жана тондуу уулдары дагы болду.

Эсенгул касык мойун-баш койкоң деп дагы айтылган. Эсенгул балдарынан чала манап жана борукчу уруктарга бөлүнүп, 1915-16-жылдардын ичинде алты болуш чамалуу элге башчы болушуп турушкан. Булардан бир болушу борукчу эли атагында болуп, башчысы Куттуксейит уулу Шамен чечен, андан Байтерек, андан Балбак, Бекчоро деген уулдары болуп, Балбак убактысында мыкты болуп туруп, Кубат тукумунан Муратаалы деген өлтүргөн[107]. Жана Бекчоро нече жыл 76-бет: болуш болуп, борукчу эли деген 1300 түтүндү бийлеп келди. Жана Эсенгулдун Кубат деген уулунан кубат уулу, Шоорук деген уулунан шоорук уулу болуп, булар дагы борукчу элинде болгон.

Эсенгулдун Анар деген катынынан 6 уул болуп, эң улуусу Ныязбек андан Бердибек, Бердикожо, Субан, Ормон, Ажы, Шатен, Кожобек, Ырыскулбек деген уулдары[108] Ныязбектин сегиз бек, телегейи тегиз бек деп айтылган. Жана бир катындан Ыстам сегиз бир тууган болуп жана бир катындан Түлкү, барлыгы 17 чамалуу уул болгон. Бул Ниязбек тукумунан эң улуу уулу Бердибек, андан Манде жез чочмор деген чыгып, 77-бет: бетине келгенди уруп, жез чочмору менен согуп өткөн. Бердикожо балдары уулдары атанып, мындан Сыркөбүл, Карач, Өзүбек баштыктары болду. Субан балдары субан уулу атанып, Мусаке, Матай, Адыл деген уулдары болуп, өз заманын шартына карата барысы тең баатыр болушкан. Бирок баатырлыгынан пайда тапкан эмес. Матай, Адыл[109] экөө адам колунан өлгөн. Жана Субандын бир катынынан Ыйбак, Жайнак деген уулу болуп, Жайнагы (...) ...гон. Жайнагы жекеге чыгып, каба Карачолок баатырды сайып түшүргөн. Тынымсейит Үмөталынын уруусунда. Адыл Ормондун кысасы үчүн бугу уругунун манабы болгон Мырзаны өлтүрүп, башын кесип, канжыгасына байланып келиптир.

78-бет: Субан баатырлыгынан пайда көрбөгөндүгү Ормон кан менен бугу урушуп, Ормон кандын өлүмү себеп, биринчи чагалдактын куну болсо, экинчи Субан балаларынын бугудан жылкы тийип келиши болгон. Жана дагы чагалдактар уу айдабаса таан конбойт эле, таан конбосо мен мылтык атбайт элем, мен мылтык атбасам энем өлбөйт эле деп, өзү ооруп өлгөн энесине чагалдактан кун алган[110]. Субан уулу Мусакенин салты болгон жана эки бука сүзүшсө, Калыгулдун жылкысын тийип алган. Соң-Көлдү уурдап жайлап жүрөсүң деп, сайак Медет даткадан төө баштаган алтымыш айып алган Ормон баатырдын адаты болгон. Менин чепкенимди таштаган жерге келип коносуң деп, моңолдор карга 79-бет: Чоргону атып өлтүргөн Ныязбек уулу Ырыскулбектин иши болгон. Субандын уулу Мусаке, андан Байгазы, андан Капсалаң, Эсенгул, Айдарбек деген балдары. Ныязбектин төртүнчү уулу Ормон. Бул кишини кыргыздын бир нече уруктары кан көтөргөн. Ысык-Көлдүн күн батарындагы

[106]Эсенкул баатыр тууралуу кыргыз санжырасында маалыматтар кенен кезигет. Мисалы, «ал убакта ушул жакы кыргыздардын жөнүн Эсенкул билчү экен. Эсенкул ким? Маматкулдун Болотунун уулу ...Эсенкул деген баатыр адамыбыз бар жана ар уруктун өз башчылары бар. Мындан улуу сөз ошол Эсенкул баатырдан тарайт. Сол атанган эл да, ал Эсенкулдун сөзүн угат» (кара: Алымбектин санжырасы).

[107]Балбак атасынан (Байтерек) болуштук талашып жеңип алган. Жанында Абыласан деген жигити болот. Бир күнү Шамендин катылуу жаткан мүлкү жоголуп, изи менен келишсе Муратаалынын Аксур деген атынын тери кургай элек экен. Муратаалы Аксур атты ал десе болбойт, бир айылды баккан ат болсо албайм деп, кайра кайта бергенде Абыласан атты ала бербейсиңби дейт. Ошондо кайра тартканда, тигилер эми болбой калды дешип, Балбакты аттан түшүрүп, мууздап өлтүрүшөт. Сакалы белден болуптур бычак өтпөй коёт. Кийин Балбакты издеп сурак кылышса, беркилер Шаменге тике карап салам бере албай коюшат. Шамен кунун өзүм чечейин десе болбой коюшкан экен. Тирүү кезинде чоң атасы Шаменге күмбөз курдурган. Ошого өзү жатты (Кочкор р-ну, Кара-Суу айылынын тургуну, 86 жаштагы Калчаев Дүйшөмбүдөн жазылып алынды).

[108]Ниязбектин сегиз беги тууралуу Б. Солтоноев, О. Сыдыков ж. б. көптөгөн санжыраларда кененирээк берилет.

[109]Адыл Субан уулу 1847-ж. кыргыздарга кол салган Кенесары ханга каршы күрөшкө катышып, эрдик көрсөткөн жана 1855–59-ж. бугу - сарыбагыштын чабышына катышкан. Кийин орус бийлигине моюн сунбай, 1860-жылдын жазында Ысык-Көлгө келген капитан Венюковдун жазалоочу отряды тарабынан туткундалып, Верныйга жеткирилип, жашыруун өлтүрүлгөн.

[110]Башка санжыраларда бул ишти Мусакенин уулу Байгазы жасаганы айтылат.

чамада келе турган Кочкор суусунун бойундагы Орто-Токой деген жерде, Ормон баатыр кыргыздын ар бир уругунан чакырып алып, орустун келатышынан, кансыз (хансыз) эч бир калк жашабастыгын, ошол айтуу менен кыргыздын ар бир уругунан келген кишилери жана баштыктары Ормонду ылайык көрүшүп, кан шайлашып тарашкан. Ормон кан 1790-жылы туулуп, 1853-жылы 80-бет: адам колунан өлгөн[111], 63 жашында. Ормон өзү чоңойгондон тартып, сарыбагыш уругу жана дагы кыргыздын башка уруктарын бийлей баштаган. 1831-жылы Кара-Балтага жакын болгон Чалдыбар деген жерде мурунтан бийлеп келген сартка алман бербей, сарт менен урушуп, өзүнө караштуу туугандары жана айылдарын ээрчитип алып, Илеге үч жылга жакын туруп[112], кайта эли менен көчүп, Чүйгө келген. 1845-жылы Абулай кандын небереси – Орто жүз казактарынын каны Кенесары, Норузбай дегендер, Орто жүз жана Улуу жүз казактарынан көп кол жыйнап келип, Чүйдүн аягы өйдө чыгып, Меркенин жакын жеринде Кара-Кыштак, Чөңөр деген жерде турган кушчунун башчысы Калчаны 81-бет: чаап, андан өтүп, Чүй суусун бойлоп күн чыгышты көздөй жүрүп отуруп, солто Эшкожо, Канай кишилердин күмбөзүн бузуп жана жаңы койгон көрдү ачып, (...) бетине келген кыргыздарды чаап, талап жүрө беришет. Солто жана дагы башкалары Бишбектин айланасындагылар үркүп качышып, Чүйдүн башы Кичи-Кеминден Чоң-Кеминге аша турган кашка жолго келип, аша башташат. Мына ошол убактыда Ормон кабар баруу менен Ысык-Көлдүн түн жагындагы Күңгөй Аксуу деген жерден бир канчалык көп кол менен жөнөп отуруп, Кенесарынын көп колунан үркүп, качып келе жаткан кыргыздын көчүн кашка жолдун алдынан чыгып 82-бет: токтотуп, кайта көчүрүп, өзү көчтүн алдына түшүп, колу менен Кенесары, Норузбайдын калың колун бет алып, күн батышты көздөй жүрө берип, бир канчалык атка курал-жабдыктарын жүктөп алып, кернейин бапылдатып тарткан. Мына ошол убактыда кернейдин үнүн уккан Кенесары, Норузбай жана башкалары бул сыйырча мөөрөгөн эмине деп сураптыр. Бул сыйырча мөөрөгөн Ормон кандын кернейинин үнү, башта чабагы менен урушкансың, жайаны эми келди деп жанындагы билген кишилер айткан. Мына ошол убактыда казактардын жүрөгү чочуп, ошо Кене баштаган узун сөздүн кыскасы – Текеликтин-Сеңири, Май-Дөбө деген жерде Кенесары чоң атасы Абулайдын 83-бет: кызыл туусун тигип жатып, бир канчалык көп казактардын ажалына ссебеп болгон. Чоң атасы Абулай кандын кысасын берген, йагни 1742-жылы[113] Кенесарынын чоң атасы Абулай кан кыргыздарды көп кырган. Мындагы Кенесары менен Ормон экөө урушуп, Ормондун жеңишинде Кенесары, Ноорузбайга караштуу болгон казактардын колу Ормонго караштуу кыргыз колунан нече мертебе көп болгон. Кыргыз уругунан бул урушка мыктылап киришкен Ормон баштык болуп, сарыбагыш уругу жана солто уруктары болуп, сайактан Медет датка деген киши дагы өзүнө караштуу эли менен болгон. Бул урушта Жангарач, Төрөкелди, Жантай, (...) дегендер болгон. Бирок бугу уругу 84-бет: жок болуп, бугуга караштуу болгон кыргыздын башка уруктарынан бул урушка келбегендери жок эмес эле. Кенесары анын мурунку жылдарда да келип, Чүй суусунун бойунда, Пишпектин күн чыгыш түн тарабындагы Кара-Суунун бойунан Калпак, Субанбек деген тынайдын уруктарынын жакшыларын өлтүрүп кеткен. Ормонбек деген Субанбектин иниси. Жылкыдан Шаккулунун тору ат дегенин кармап минип барып, Ыргайтыдан жетип, Таштамбектин болоту деген кылычы менен Кенесары менен чабышып, бул дагы өлүп калган. Жүргөнүң Ыргайтынын колоту, алганың Таштамбектин болоту деген ошол болгон. Бул сөз Ормонбек тууралуу айтылса, матоодо төөң жатышты, бала жолборс эр Калпак, качбай туруп атышты деген сөз Калпак, Субанбек 85-бет: тууралуу айтылган сөз болууга тийиш жана Ормон кан 1851-жылы 52-жылга карай мүчөлүмү чыгарамын деп, кыштын күнү Ысык-Көлдүн түн тарабы күңгөй тарабындагы Сүттүү-Булак деген тоонун бийик карын бузуп, кыштын күнү ашып, Асыга түшүп, казактарды попосу (бобосу) (?) менен коркутуп туруп, Алматы жагы менен көчүп, Каштек ашып, кайта Чүйгө келген. Мына ошондо Ормон бир жылга

[111] Кийинки маалыматтар боюнча 1854-жылдын март айларында өлгөн.

[112] Ормон манап 1851-жылы декабрь айында келип, 1853-жылдын, болжол менен июнь айына чейинки мезгилди казак арасы, Иле боюнда өткөзгөн (кара: Ормон хан илимий эмгектерде. /Түз. Токтоналиев Ж. Б., 2002). Ормондун Илеге көчүшү Б. Солтоноевде да кеңири берилген.

[113] Жаңылып жатат. Архив документтеринде Абылай кыргыздарга болжол менен 1764-65-ж. баштап, 1780-ж. чейин бир нече жолу кол салган (толугураак карасаңыз: Алымбектин санжырасы).

жакын туруп, албан, дуулат деген уруктарды бопосу менен коркутуп, өзүн билдирип турган[114].

Ормон өз убактысындагы кыргыздын чоңу болуп, кыламын деген ишин кылып, кандык даражага жеткен. Өзүнүн элиндеги усталарды жыйнап алып, узантып, кылыч, чойун баш, милтелүү мылтыкты өзүнүн усталарына жасатып, жоого карай жүргөн. Ормондун максаты кыргыз ичинде 86-бет: эмес, башка жоолордон элин сактамак жана бопосу менен элди коркутуп, бузуктарды тыйуу максат болгон. Мисалы, орустун элчиси келгенде, өзүнө жакын келтирбей, жүзүмү көрсө сырымы билет деп, ыраактан кетирген. Жана дагы Ормондун тебетейи деп, казанбакка ченеп тебетей кылып берип жиберген. Бирок кыргыздын жалпы турмушун алганда маданияттуу эмес, бадави турмуштагы эл болгондуктан, Ормондун кадырын көпчүлүгү билген эмес. Бул кишинин Үмөталы, Чаргын, Сейликан деген уулдары болуп өзү 63 жашында кыргыз калкынын ирээтсиздигинен адам колунан өлгөн.

Ормондун улуу уулу Үмөталы болуп, бул киши атасы Ормондун ордуна турганы 87-бет: менен өзү адилетсиз болуп жана кишини көп өлтүргөнү тууралуу, экинчиден оруска карабаймын деп карананчы деген орустун элчисин өлтүрүп алып[115] Кашкарды көздөй бет алып барганы үчүн эң акыры элинен ажырап, кор болгон. Үмөталы уулу Көкташ, андан Жапай (...). Ормон заманында жер көп, эл аз болуп Ак-Сай, Арпа, Ат-Башы, Нарын, Суусамыр, Кетмен-Төбө, Таласта, Жумгал, Кочкор, Ысык-Көл, Алматы, Чүйдүн баарысы too арасы болгон бир жерге турбастан, дайым көчүп жүрүп оокат кылган. Кыргыз калкына бир жерге туруп, кандык куруу заман шартына карата ылайыксыз болгондуктан, бопосу менен элди коркутуп, өзүнө баш ийдирип турган Ормон опус деген сөз мына ошондон калган.

88-бет: Ажы Ныязбектин бешинчи уулу болуп, Ак-Бекеттин түндүк тушуна туура келген Чүй суусунундагы түн жагындагы тоонун бир сайын бул киши элеп турган жана бул сай ушул убактыда Ажы деп айтылат. Ажыдан Ботокан, Бабакан, Абыкан деген уулдары болуп, булар Ажы уулу деп айтылган. Бабанын бир нече уулу болуп, бир уулу Карач, Тентимиш, Ыйсакан, Калча, Куламбай да бар.

Карачтан Тогойбай, Мамбетжан болуп, булар дагы өз убактысында эл бийлеп, болуш болуп келишкен. Булардын азыркы турган жери Нарын суусунун түн жагындагы Кара-Чий, Жерге-Тал ушулардын экинчи жери болгон жана бул болуш элдин наамы Ажы эли деп айтылган.

89-бет: Шатен Ныязбектин алтынчы уулу болуп, андан Качы, андан Мамбет андан Касымалы, Кадыралы, Эралы, Нарынаалы деген балдары болгон. Касымалы убактысында чоң болуп[116], бул дагы бир болуш элдин наамын үчүнчү атасы болгон Шатендин наамына койуп, бир болуш элди жеке бийлеп, кыламын деген ишин кылып өткөн. Нарындын Суук-Капчыгай деген жерине 5000 сомго медресе салдырган. 5000 сом ошол убактыда аз болсо 1000 чоң койдун баасы эле. Касымалы анын уулу Айдыралы, Оруналы, Акималы, Карабала, Бозмолдо деген балдары болуп, бул киши 1916-жылы

[114] Б. Солтоноевде кененирээк берилет.

[115] Бул жерде санжырачы мүмкүн 1863-ж. июнда капитан Проценкого азык-түлүк жеткирип бара жаткан подпоручик Зубаревдун отрядына кыргыздардын кол салганын айтып жатат. Андан бир аз мурун кыргыздар тарабынан почточу өлтүрүлгөн. Зубаревдун отрядынан 2 киши өлүп, 5 солдат менен 1 офицер жарадар болгон. Бул үчүн орус акимчилиги Үмөтаалыдан ар бирин 20 сомдон баалап, 375 баш жылкы талап кылган. 5-май, 1870-ж. Кочкордо өткөн бийлердин жыйынында Үмөтаалынын бул кол салууга катышкан эмесмин, Чыны Дуулат уулу жана Шааке Тооке уулдарына жардамга барган бир туугандарым – Бакал менен Эсен катышкан деп ант берген (бул жөнүндө Казак Республикасынын Бор. Мам. архивиндеги 44, Ф. оп. 1, 42 барактан турган № 5463 ишти карасаңыз болот).

[116] Белгилүү манап, Ниязбек бийдин тукуму, башка маалыматтарда Кара-Булуңда медресе ачып, аны бүткөндөрдү Уфадагы «Галия» медресесинен билим алантууга жардам берген. Эсенкул болуштугун түзүүдө башкы демилгечи болуп, бир нече жолу болуштукка шайланган. 1916-ж. үркүндө Нарын аймагындагы көтөрүлүштү жетектеген. Көтөрүлүш жеңилгенде эли менен Кытайга качкан. Бирок орус бийлигинин көтөрүлүшкө катышкандарга мунапыз берилет деген жалган убадасына ишенип, ошол эле жылы кайтып келген. 1916-ж. күзүндө аскер сотунун башчысы Бобровдун чечими, Нарын бөлүмүнүн башчысы Хохалёвдун буйругуна ылайык баласы Оруналы, көтөрүлүшкө катышкан Ч. Барманов жана бир туугандар М., Б. Жетигеновдор менен бирге дарга асылган.

кыргыздын өзгөрүшүндө уулу Орунaлы экөөнү жана Чоткара деген жигитти кошуп, Нарынга алып келип орустар дарга асып өлтүргөн.

90-бет: Ныязбектин жетинчи уулу Кожобек болуп, булар дагы Шатен элинде Кадырберди деген аксакал болуп, андан Ааматалы деген уулу бар.

Ныязбектин сегизинчи улу Ырыскулбек болуп, бул дагы убактысында ойуна келгенин кылып өткөн. Ырыскулбектен Кайду, андан Чоко, андан Казы болуп, булар дагы өзүнүн ойуна келгенин өзүнүн бир болушуна кылып өттү. Кыскасын айтканда Эсенгул деген 1000 түтүн чамасындагы эл Казынын айтканынан чыга алган эмес. Нарын приставына жакын болуп алып, Казы Нарынга караштуу башка болуштарды дагы бийлеген. Жана Субан балдарынан Мусакенин Байгазы, Койгелди, Маңкелди, Жанкелди деген балдары болуп, булар дагы болуш болуп, Нарын эли деген бир болуш элди 91-бет: бийлеп өтүшкөн. Жана Байгазынын Эсенгул деген уулу нечен жыл болуш болуп, бул дагы Нарын элин бийлеп өттү жана Ныязбектин бир катынынан Ыстам сегиз бир туган болуп, булар дагы Ыстам уулу деп айтылган. Ыстам арык деп, Бестировканын[117] турган жери жана алышын айтчу эле жана Ныязбектин казак катынан Түлкү жалгыз болуп, андан Тезекбай, Кооман уулдары болуп, Тезекбай бир нече мертебе болуш болуп, Ныязбек эли деген бир болуш элди бийлеп өттү. Бул киши Атакан, Мамбет, Сулайман деген кыйын балдары болгон.

Болот бий Санчы сынчыга сынаткандагы айткан сөздөрү деп, кыргыздын карыялары айтышат. Касык мойун-баш койкоң, ат качырбас боз айгыр, канжыгалуу кара сеңсел, 92-бет: чабала баштуу чап жаак, алтын сака, кабактын кара барчыны, калдуу кара, жалдуу барак, кулжа кулак-кызыл меш, куйса толбос, берсе тойбос, миң кара башыл койду бир кара башыл козу эмер, ошондо да үйгө карын болбос, канжыгалуу кара сеңсең, элин үч жайлоо жайлатып, үч кыштоо кыштатат[118].

93-бет: Дайырбек менен Тыныбек экөө калмакка түшүп, экөөнүн көзү калмакта өтүп, Тыныбектин Ажыгул, Кеней деген балдары кыргызды көздөй качып кетип, Дайырбектин Асанбай, Ыбыке, Жакам, Ынжы, Мадыган, Сеңкилтай деген алты уулу болуп, булар калмакта бир нече жыл турушуп, алды катын алып, үйлөнүшкөн. Кетүүгө калмактар улуксаат бербегендиктен 30 жыл чамалуу калмак ичинде турушкан. Турган жери калмактын каны болуп, чогуу турушуп, кандын түрлүү кызматтарын кылып турушкан. Бирок калмакка түшүп, туткунда турган жеке булар эмес кыргыздын башка уруктарынан Мамаке, Шопок, Бөжөкөй, Сырымбет, Окгокара дагы башкалары болушкан. Бир күнү ит агытып, куш салып чыкса 94-бет: Кара-Көл деген көлдө бир кара куу жүргөнүн көрүп, кан кушун салса, кушка алдырбай койгон. Нече мертебе уу кылып барып, кан алиги кара кууну ала алган эмес. Бир күнү кан айткан кара кууну кимде ким алып берсе, мен ошол кишинин эмине мүдөөсү болсо берер элем деп. Кандын бул сөзүн угуп, алиги туткун эсебинде жүргөн кыргыздардан Мамаке, Шопок, Асанбай дегендер барышып, кара кууну уулап жүрүп, атып алышып, канга алып тартуу кылышкан. Кан эмине сурайсыңар, мүдөөңөрдү айткыла деп сураган. Кан сиз айткан сөзүңүз эки болбойт, кара кууну кимде ким алып берсе, сураганын берер элем деген сөзүңүз бойунча алдыңызга тартуу кылып, алып келдик. Биздин сураганды берип, мүдөөбүзгө 95-бет: жеткизсеңиз айтабыз дешкен. Кан айткан, муруттар сураган мүдөөңөргө жеткизем, сөзүңөрдү айткыла деп. Ошол убактыда кара кууну алып барган кыргыздар айтышкан. Биз палан жылдан бери туткунда жүргөн кыргыз уругубуз, бизге азат кылып, уруксат бериңиз. Жакын тууган-уруктарыбыз менен элибизге кетсек деп айтышкан. Кан алардын сөзүн уккандан кийин азатка уруксат берет. Кандын уруксаты менен Мамаке, Шопок, Бөжөкөй, Сырымбет, Асамбай, Бийке, Ынжы, Жакам жана дагы башка урук-туугандарын чогултуп алып, кыл Эртишке жакын болгон Эрен-Кабырга[119] деген жерден кыргыз атагы сарыбагыш, бугу уругу Ысык-Көл, Чүй жерине бет алышып, 96-бет: күн батышты көздөй кайдасың кайран элим, кайран

[117] Быстровка.

[118] Бул окуялар кыргыз санжыраларынын бардык вариантында кездешет. Ал эми Б. Солтоноевдин тарыхында «Эсенкул феодалдын туулушу» деген бөлүмчө берилген.

[119] Үрүмчү шаарынын батышындагы тоо кыркасы. Азыркы учурда «Элиньхабиэргэ», «Ирен-Хабирга», «Ерен-Кабырга» деген аталыштар менен белгилүү.

жерим, киндигим кесилип, кирим жууган жерим, кайдасың сарыбагыш, бугу уруктарым, кыргыздан артык чыккан түнүкатарым, кайдасың Чүй, Ысык-Көл алтын кеним. Бул жактан нечен түрлүү иштер көрдүм, бар бекен Жантай менен Токтогул бизди издеп туугандардан жоктогону.

Биз түштүк калмактарга нечен заман,

Иш көрдүк калмактардан албан-албан,

Кайдасың Ныязбек менен Оболбегим,

Сени эстеп мен бул жакта кайгы жедим деп жөнөп жүрүп калышкан. Бул жөнөгөн кишилер сарыбагыш, бугу уруктарынан болуп, сарыбагыш уругунан 97-бет: Жантай тукуму Акийдин неберелери, Дайырбектин балдары болуп, экинчиси бугу уругу, тынымсейит тукуму Токтогул неберелери болгон. Булар бир нече күн жол жүргөндөн кийин, Жуңгар тоосундагы Тыйаншан тоосунун күн чыгышы жагындагы Музарт деген ашууга жакындап келишип, эки бөлүнүшкөн. Биринчи бөлүгү бугу уругу болуп, булар бугу тынымсейит уруктарына Ат-Башы жана Какшаал тарабын бет алып кетишкен Мамаке, Шопок, Бөжөкөй, Сырымбет[120] жана дагы башкалары болуп, булар тынымсейит уруктарын ал жолу таппай, Кашкарга кирип кетишип, Кашкардагы кан кожо[121] деген сарттын кожосунун жанында он эки жыл 98-бет: туруп, андан кийин келип тынымсейит уругуна кошулган. Булардын келген убактысында Эсенгул Болот уулунун чоң болуп, кыргыздын бир нече уруктарын бийлеп турган кези болуп, Шопок деген киши Эсенгул баатыр менен дос болгон. Жана Кара-Камандын суусу сен болсоң,

Калмакы Шопок мен болом,

Агыса албасаң сага ант,

Кече албасам мага ант-деп, алдындагы кара кызыл аты менен кечип кеткен. Булар бир нече заман калмакы деп жүрүшүп, эң акыры калмакы деген атакты калтырышып, токтогулбуз деп чоң атасынынын атагын айтышкан. Булардын түтүнү 1916-жылда 1000 түтүндөн ашкан эле.

99-бет: Тууган издеп жөнөгөндөрдүн экинчи бөлүгү сарыбагыш жантай уруктары болуп, Акийдин небереси Дайырбектин балдары болгон. Булар канчалык жерге Мамаке, Шопок менен бирге жүрүп келишип, Музарттын белине жакындап келгенде Мамаке, Шопоктон бөлүнүшүп, Ысык-Көл, Чүйдү бет алышкан. Сарыбагыш уруктарын Чүйдөн табабыз деген максат менен булар андан берилеп келгенден кийин, Асамбай ооруп калган. Бир-эки күн турса Асамбайга чечек чыгып калат. Тамак раскоту[122] жок болгону үчүн Асамбайды күтүп тура албастан, алдына чөптөн калың салып, үстүнө жыгачта жатып, чөп алачык кылып берип, чөп алачык ичине Асамбайды жаткысып туруп, өлсөң бейитиң ушул болсун, тирүү болсоң 100-бет: кеткен жагыңа бет алдырып, чубата койгун, сени ошол жакка кеткен деп, издейбиз деп, таш үйүп, керээзиң деп, Жантайдан калган мылтыгын башына жастап берип, тирүү болсоң бирдеме атып жеп, оокат кылып кетесиң деп айтып, кош деп жүрүп кете беришкен. Мындан берилеп бир нече күн жүргөндөн кийин, бир жерден жол үчкө бөлүнгөн жерге келген. Бул жерден кайакка барарын, үч жолдун кайсынынсына түшөрүн биле алышбай турушуп, бирөө айткан, ушул айрымачка минген жаш бала кайсы жолго түшсө, ошол жолго түшөлү деп. Макул деп, ошол баланын баштаган жолуна түшкөн жана ошол күнү бир айыл табышкан. Ошол себептүү ошол бала Жолбаштар деп айтылган. Өзү калмак 101-бет: ичинде туулган бала болуп, аты Дообулжу эле, Ынжынын баласы эле. Андан жөнөп, жүрүп олтуруп, Чүйгө келишип,

[120] Тынымсейит Токтогулдун Серке деген аялынан Чыйбыт. Андан Мамаке. Токтогулдун кичи аялы Канымгүлдөн Акбагыш. Андан Сырымбет. Акбагыштын Үркүнчүсүнөн Шопок баатыр, Божокой. Шопок баатырдын байбичесинин бир уулу Чоро. Анын тукумунан Арстанбек Буйлаш уулу чыккан (кара: Эсенкул Төрөкан уулу. Кыргыздын кыскача санжырасы. Т. 2. 31–33-б.

[121] Бул жерде сөз 1757–59-ж. Цин империясына каршы күрөшкөн «ак-тоолук» кожолор Бурхан-эд-Дином жана анын бир тууганы Хан-Кожо жөнүндө болуп жатат (кара: Супруненко Г. П. Материалы из китайских источников по истории киргизов XVIII–начала XIX веков...).

[122] Каражат дегени.

Чүйдүн Ысык-Ата деген жериен Үкү деген солтонун айылын[123] табышып, сарыбагыш уругу, жантай тукуму Дайырбектин балдары болобуз, издегенибиз сарыбагыш ичинде жантай уругун издейбиз деп айтышкан. Жантайлыгыңа далилиң барбы дегенде, атасы Дайырбектин Жантайдыкы деп васийат кылып тапшырган оттугу менен бычагын көрсөтүшкөн. Сарыбагыш жана Жантайдын айылдары Суусамыр жайлоосунда болгону үчүн жантай уругуна туугандарың келди деп кабар жиберишти. Ошол кабар берүү менен атасы Дайырбек менен бир тууган Ныйазбек жана Оболбектин балдары Шакел, Мамалек, Токтуу жана Тыныбектин уулу 102-бет: Ажыгул жана дагы башка туугандары келип түшүп алышкан жана ынтымак кылып, сарыбагыш жантай уруктары үй тигип, мал жыйнап беришкен. Мына ошондон кийин кош ат менен жолдо ооруп калган Асамбайды издеп барышса, Асамбай аман айыгып алып, кайта кеткендиги билинген. Себеби үйгөн таштары күн чыгышты көздөй саптанып, кырка чубата койулган имиш. Ошол жерден барган кишилер табалбай туруп, кайта тартышкан.

Андан кийин, нечен көп жылдан кийин орус чыгып, Каркырага калмак менен кыргыз, казактын баш жана жесир, жана башка акы алышуу тобу, йагни кеңкересин (конгресс ?) кылган[124]. Мына ошондо уругум жантай, түп аталарыбыз калмактын ичине келип туруп калган экен деп, түп атасы Жантайдын 103-бет: мылтыгы, ушул мылтыкты нечен замандан бери сактап жүрдүк деп айтып, уругума кошулганы келдим деп айтыптыр. Бул топтун пириситили (председатель, представитель ?) Мендеке Саза болуп[125], ошол кишинин кейринен (кээринен ?), мындан барган Дайырбек тукумунун билбеген караңгылыгынан, алиги калмактан уругун издеп келген Асамбайдын неберлери жантайдын уруктарын албай койушкан.

## 5.24 Дайырбек балалары

Дайырбектин Асамбай, Ынжы, Ыбыке, Жакам, Мадыган, Сеңкилтай деген 6 уулу бар болуп, Асамбай тукуму калмак ичинде туруп калышты. Жүгүргөн албай, буйруган алат дегендей, аракет кылганы менен кыргыз ичине келе 104-бет: албады. Дайырбектин экинчи уулу Ынжы болуп, бул кишинин калмак ичинде турганда туулган уулу Дөрбөлжүн болуп, жол баштаган аты ссебептүү Жолбаштар атанган. Жолбаштардын беш уулу болду: Жээнкул, Сардаакы, Татыпек, Сазан, Жоомарт деген. Жээнкулдан Акан, Чыныбай эки уул болуп, Чыныбайдан тукум жок. Акандан Байгашка, андан Алымгазы деген бир бала бар. Сардаакыдан Эркебай, Ажыбек. Эркебайдан тукум жок. Ажыбектен Койбагар, Айдыралы. Татыбектен Эркекул, Койонжапар, Кубатбек. Сазандан Канай, Адылбек, Арыстамбек. Жоомарттан Субанбек, Найманбай, андан Молдокул. Булар Жолбаштар уулу деп айтылып, Байгашка, Акан уулунун убактысында чогуу 105-бет: болсо дагы, кийин тарап, ар кайсы жерде болуп калышкан. Дайырбектин үчүнчү уулу Ыбыке болуп, Ыбыкенин улуу катынынан Бапыш, Жаныш, Олжобай, Жээнбай, Эрназар беш уул болуп, Эрназардан тукум жок. Башкаларынан тукум бар болуп, булар Ойгомбай аталат. Жана Ыбыкенин кичи катынынан Көк[126] болуп, андан Жайчыбек, Момокон, Найман, Кенже деген төрт уулу болуп, буларды Көк уулу деп атанган. Кенжеден Жамансартбай, андан Ысырайыл. Жайчыбек өз убактысында замандын шартына карата баатыр болуп, Жайчыбектен Байит, Байсал, Абылкайыр, Капкасал деген уулу болуп, тукумдары бар. Жайчыбек, андан Байит, андан Адамбай. Бекбайладан Сапаң, андан Калыпдолдо?. Капсадан Бектур, андан Бейшаки. Абылкайырдан Койчу. 106-бет: Момокондон Королу, Балапан эки уулу болуп, Королуудан Сыдык, Акмат. Балапандан Ысырайыл, Жамангул. Наймандан Абдылда, Секим. Кенжеден

[123] Бөлөкбайдан (Каракчы) Байсейит, Бүтөш. Байсейиттин биринчи аялынан Кутумбет, Эсиркемиш, Ногой, Чулу, Үкү (кара: Эсенкул Төрөкан уулу... 2. Т. 48-б.). Алымбектин санжырасында бөлөкбай уругунун аталышы Байсейиттин экинчи аялынан төрөлгөн Чүңкөлөйгө байланышкан.

[124] Бул окуяларды 1866–70-ж. Иледеги таранчылардын көтөрүлүшүнө байланыштырып жатат. Орус өкмөтү кыргыз-казактарды Иле, Кашкар аймактарынын тургундары менен байланышуу тыюу салган.

[125] Ормон хандын чабарманы катары архив маалыматтарында да кезигет (кара: Ормон хан илимий эмгектерде...).

[126] Балким Көкө.

Токсаба, Сарт, Жамансары, Toктоной, Атай, Сыдыгалы, Коңкарга, Шалаң, Сулайман деген уулдары. Жамансары төрт болуш Тынайдан чыккан бай болуп, бул киши байдын иреттүү, тартиптүүсүү эле.

Ыбыкенин улуу уулу Байыш болуп, андан Эшим, Элчибек, Келдибек деген уулдары. Келдибектен Орозбак, андан Шамшы. Элчибектен Самай, Жобку, Араке үч уул. Эшим убактысында баатыр болгон. Андан Саржан, Эржан деген эки уулу болуп, Эржандан Ыйман, Сулайман. Саржандан Бектур, Казак, Чымбай, Кырбаш, Турсун, Аксар деген алты уулу болду.

107-бет: Ыбыкенин экинчи уулу Жаныш болуп, андан Ташыбек, Үрүстөм, Осмон үч уул. Үрүстөмдүн тукуму кызы болбосо, эркеги жок болуп калды. Осмондон Чотбай, Ногойбай, Айтбай – булар 1916-жылы үч Үч-Турпанда калган. Ташыбектен Тыныстам, Байгасы, Cоорoмбай, Дыйкамбай, Төлөш беш уул болуп, Байгасыдан Аманкул, Райымкул, Сатар. Райымкул 1928-жылы рабфакты бүткөн, селфакка[127] кирген. Ыбыкенин үчүнчү уулу Олжобай. Булар Олжобай уулу деп айтылат. Олжобайдан Качыбек, андан Бапак, андан Жунуш. Ыбыкенин төртүнчү уулу Жээнбай, андан Малдыбай, андан Кудайберген, андан Ысамүдүн билимдүү азаматтардан болуп саналат. Булар Жээнбай уулу деп айтылат. Ыбыкенин бешинчи уулу Эрназар болуп, андан жок. 108-бет: Ыбыкенин алтынчы уулу Көк болуп, баяны жогоруда өттү.

Эскерме: Ынжы эң улуу уулу Жолбаштар тукуму байан кылынса да, кыргыз ичиндеги алган катынынан Черикчи, Жалгап эки уулу болуп, Жалгаптан Нарбото, Сергейан эки уулу. Сергейандан Жаркымбай, Толкумбай, Бозола. Нарботодон Токтомуш, Темир, Бөкөй, Кулбай болуп, Темирден Кийизбай инилери менен Пишбек жанындагы Төкөлдөш селенийасында турат. Черикчиден Байсерке, Карач, Калчаке, Маргозу, Тынай деген уулдары болуп, Байсерке Ормондун уулу Үмөталыга жүз башы болгон[128]. Байсеркеден Өзкөмбай, Түмөмбай, Сырдыбай, Көлбай төрт уул. Өскөмбайдан Чекир, Дүйшөке, Акий, молдо Токтогул, Кулмат беш уул болуп, Токтогул 1927-жылдарда болуш болгон.

## 5.25 109-бет: Сыдык, Карабай тукумдары

Сыдыктан төрт уулу болгон. Дайырбектин төртүнчү уулу Жакам болуп, андан Байгожо, Үчүке, Мусулман. Байгожодон төрт уул болуп жана бир кызы болгон, аты Ырыс. Кызын Мамаке деген мундузка берген, андан Саты, Туу..., Ыйман үч уулу. Сатыдан Карача, андан Каат, Эгемберди. Ыймандан, Адыл, Атакелди, Жүндүбай, андан Осмонкул....

Байзак Жакамдын эң улуу уулу болуп, Таштамбек, Карабек, Мырзабек, Байастан уулдары болуп, Таштамбек замандын шартына карата заманында эр болуп, жаш убактысында өлгөн. Андан Алчын, андан Дыйкан болуп, бул киши азыркы 1-Жантай атагындагы элди бийлеп, бир болушка кадырлуу турганда, 1911-жылы бир айында жердин титирегенинен там басып, 62 жашында. Алыбай, Сары, Шабданаалы деген 3 иниси болгон.Үчүке Жакамдын экинчи уулу. Байгазактан Байастан, Байастандан Кармыш, Супатай (...) 110-бет: болуп, андан Үркүмбай, Куртка, Талкан, Сарыбай, Ботбай, Карбоз деген алты уулу болгон. Үркүмбайдан Алыбай, андан Садык. Ботбайдан Күрөңкөй, андан Мамбеткул, Ысак, Абдылда жана Ботбайдан экинчи уулу Соке...

Жакамдын үчүнчү уулу Мусулман болуп, бул киши өз убактысында жантай уругуна бий болуп өттү, йагны жантай уругу доосун бул кишинин алдына келип, чыбык кырктыруучу[129] эле. Йагни бул кишинин айткандай бүтчү эле. Шамырза, Чыңгыш, Чыныбек, Чолук деген төрт уулу болуп, Чыныбектен Кулбай, Чолуктан Кебек. Шамырзадан тукум жок. Чыңгыштан Атакелди, Турдубай,

[127] Сабатсыздыкты жоюу үчүн уюшулган рабочий жана сельский факультеттин кыскарып айтылышы.
[128] Ормон хан шайланганда, коңшу мамлекеттер жана элдер менен тышкы саясат боюнча кеңешчиси болуп дайындалган (кара: Ормон хан илимий эмгектерде...).
[129] Чыбык кыркуу — ант, шерт, убаданы бекитүү. Бул жерде ал кишинин калыс, туура экенин көрсөтүп жатат.

Тултемир, Кешикбай, Саякбай деген беш уулу болуп, Саякбайдан Маталы, башкасынан тукум жок. Кебек Чолук уулу 1928-жылдан 31-жылга чейин болуш болгон.

111-бет: Жакамдын төртүнчү уулу Байгожо болуп, бул киши убактысында бай болуп, уулу Куталыны Жантайдын уулу Шабдан менен дос кылып, ошол дос кылуу менен чапраштı Суранчы анда ашка (?) түшкөн Кубат деген уулун текке чыгартып алып[130] жана Дайырбек тукуму бүт Эсенгул элинен тынайга алып калганы, йагни токтоп калган. Бул токтоп калышы 1852-жылында болгон.

Байгожонун Куталы, Кубат, Кенжетай деген үч уулу болуп, Кенжетайдан Ыйсатай, Чону..., Өмүралы, Кусаин деген төрт уулу болуп, Кубаттан Ысманкул, Абыке эки уул. Куталы эң улуусу болуп, андан Бөөмбай, Курманалы, Эсенаалы үч уул. Бөөмбай, андан ушул тарыхты жазуучу Насирдин ушул 1932-жылга 42 жашта....

112-бет: Дайырбектин бешинчи уулу Мадыган болуп, Мурат, Майрыке, Атагелди, Бердимат уу...

Мураттан Бай, Байчоро. Байдан Абийир, Атайкеде. Байчородон Дайырбек, Жума, Ишемби, Дүйшөмбү, Шаршемби. Майрыкеден Баймырза, Ороз болуп, Ороздон Сүйүналы, Ажыгул кыштагында. Баймырзадан Мамбеталы, Султанаалы. Атакелдиден тукум жок. Бердиматтан Алчымбай, Кордой. Дайырбектин алтынчы уулу Сеңкилтай болуп, андан Сарык, Сейит, Бердикожо, Байжигит, Чынгожо, Дөбүт алты уул болуп, Бердикожо, Байжигит, Алчымбай, Кордой менен энелеш, йагни Сеңкилтай өлгөндөн кийинки катынын Бердимат алып, андан туулган. Сарыктан Чопо, Ниет, Кубат, Алымбек төрт уул. Сейитден Кудаш, Келерис.

113-бет: Кудаштан Жантели. Келеристен Корума. Дайырбектин алты уулунун бирөөсү калмакта калган. Бешөө бул жерге келип, беш калмакы деп айтылган. Булардын тукуму 1916-жылында 200 түтүнгө жакындап барган эле. 1916-жылы Кытайга качып барып, кайта келген ссебептүү ошол тополоңдо азайып, 1922-жылдарда 22 түтүн болуп, 1931-жылга 140 түтүн болгон. Бул Дайырбек балалары калмактын чабуулуна түшүп кетип, кайта келүү ссебептүү калмакы деп айтылган. 1922-25-жылдан тартып, кыштагынын аты түп атасы болгон Жантайдын наамына, аны Жантай деп койушкан. Бул убактардан калмактан келип, кыргыздын ичинде турганына кошулууна 200 жылга жакын сарыбагыш Эсенгулдун аты менен болот 114-бет: жана бийлеп турган. Мындан кийин 1742-жыл Тооке кандын тукумунан Абулай кан[131] деген кыргызды чаап жана кыргын кылган[132]. Мына ошол кыргызда Ыбыке Абулай кандын колуна түшүп[133], Абулай бир канчалык күн кыргызды

[130] Суранчынын сарыбагыштар менен жакындыгы тууралуу Ала-Тоо (Алатав) округунун приставы (1858–65) Г.А. Колпаковский: «Албан менен сарыбагыштардын отун күчөтүп күйгүзүү тууралуу маселеге келсек, биз үчүн бул ишке чечкиндүү кирише турган, соңку барымтада көңүлү катуу калган албан баатыры Тазабектей жана дагы бир ат кулагы менен тең ойногон, баатырлыгы менен аты чыккан Малай баатырдай эч ким кызмат көрсөтө албайт. Менин Тазабек менен мамилем абдан жакшы жана тез-тез байланышып турам. Эми аны Верныйга чакыртып алып, сарыбагыштарга тийиштүү окуялардан кабар алам. Суранчыга келе турган болсок, ал бардык сарыбагыштар менен жакшы мамиледе жана ал биз үчүн Ормондун тукумуна каршы кызмат кылат деп ойлобойм, ошентсе да аны менен жолугуп, Үмөтаалылар менен достугунун чоо-жайын билип, эбин таап, мүмкүн болушунча алардын далайдан бери келаткан достугун бузууга тырышып көрөм. Суранчы кекчил адам, кези келсе өзүнө каршы ким болсо да ошол замат 2000ден кем эмес жигитин аттандыра алат» деген көрсөтмө берген (кара: Махаева А.Ш. Казак-кыргыз саяси байланыстарынын тарихы (XVIII к. экинши жарымы – XX к. башы), А., 2007).

[131] Бул жерден санжырачы бир топ жаңылыштык кетирген: 1) Абылай хан Тооке менен аталаш тууган. Эшимден Жааңгер, Тооке жана Жаныбек. Тоокеден Самеке, Болот. Болоттон Абылмамбет султан, андан Абылпеиз султан. Кыргыздар аны Абылмейиз деп да аташкан. Абылай (кээ бир маалыматтарда Абулай, Абулмансур, Аблай хан, 1711—1780) болсо Убаалынын (казакча Көркөм Уали-султан) уулу, дагы бир Абылайдын (казакча Кан ичээр Абылай) небереси, Барак хандын тукуму болуп эсептелет.

[132] Кыргыздарга бир нече жолу кол салган. Санжырачы катуу кыргын кылган деп, акыркы (1780-ж.) чабуулун айтып жатат. Бул жөнүндө Алымбектин санжырасында так айтылат (кара: Алымбектин санжырасы. Б., 2007). Башка чабуулдары жөнүндө да көптөгөн маалыматтар калган (кара: Валиханов Ч.Ч. Собр. Соч.. в 5 томах. А., 1961. Т.1; Казахско-русские отношение [КРО] в XVI-XVIII веков (Сб. документов и материалов). А., 1961; Сулейменов Р.Б., Моисеев В.А. Из истории Казахстана. А., 1988; Цинская империя и казахские ханства (вторая половина XVIII – первая треть XIX в.) 2 часть. А., 1989; Асанов Т.И. Кыргызско-казахские пограничные вопросы XVIII-XIX вв. //Кыргыз Улуттук университинин жарчысы. 2003. №.3. ж.б.).

[133] Абылай алгачкы жолу кыргыздарга 1764–65-ж. Иле тараптан кол салган (мис., «1764-жылга карай Кытайга жакын өңүрдү жайлаган Улуу жүз менен Орто жүз казактары Кытайга караган кыргыздардын үч жолку чабуулуна учурап, мал-мүлкүнөн

бир канчалык күн көгөнгө байлатып, башын кылыч менен чаптырган имиш. Ошондо көгөндүн айагындагы кишилерден бир кишини айтып суратуу менен бир азырак кишини көгөн түпкө деп, аман калтырган. Ыбыке ошол аман калган кишилердин ичинде калып калган. Абулай аман калган кишилерге үйүнө кетүүгө уруксат деп айткан. Ошондо Ыбыке жүрүп олтуруп, сарыбагыш уругун Кетмен-Төбөдөн тапкан. Кыргыз уругу күчтүү кол жыйнаган Абулай кандын бетине чыдап тура албастан, бугу уругу Текеске, черик 115-бет: моңолдор Какшаалга, сайак уругу Кабакка, сарыбагыш, солто уруктары Кетмен-Төбөдөн өтүп, Кокон-Кыштактын үстү жана Кетмен-Төбөгө жердеп турушуп, он бир жылдан кийин кайта Чүйгө келишкен[134]. Болот бий ушул жерде өлүп, сөөгү Анжиянга жүктөп барып, Арыстанбапка койулган. Абулай кандын чабуулунда Эсенгул 11 жашта болуп[135], ат чаап жүргөн кези болгон. Солто, сарыбагыш уруктарынын Чүйгө кайтып келиши 1755-56-жылда болгон. Мына ушул убактыда Чүй жана Ысык-Көл тараптары ээн болуп калган. Ссебепи Чүй, Ысык-Көлдүн кай бир жерлеринде кыргыз менен аралаш жердеп келген калмактардын калдыктарын Абулай кан жана сарт кандары кубалап, күн чыгышты көздөй сүрүп жиберген.

116-бет: Калмактардын сүрүлүп кетишине себеп, өз доорунун Кытай менен жоо болушуп, кандык талашып, Кытайдан жеңилип, түбүнөн көчүп кетиши ссебеп болгон. Кайта Чүйгө келгенде, солто уругун Жамансарт балалары, сары багыш уругун Эсенгул бийлей баштаган.

Абулай ким эле деген убактыда, Абулай Тооке кандын тукумунан болуп, Абулайдын атасы кандыкка тарынып, Кыбага[136] таякесине барып, атасынын көзү Кыбада өтүп, Абулай (бирөө ???) менен урушат. Абулайдын минтип, тентип жүрүп, мени менен урушканча түбүңдү табсаңчы деп айткан. Абулай үйүнө келип, энесинен сурап, түп жайын айттырып алып, истеп жүрүп отуруп, казак ичине 117-бет: келип, дуулат Төлө бийге жолугат. Өз атын жашырып, атым Салпайак[137] деп, Төлөнүн койун кайтарып

---

ажырап, көбү туткунга түшөт. Абылмамбет хан уулу Болот аркылуу Абылай султанга кат жиберип, кыргыздарды чаап кел деген» [кара: Казахско-русские отношение в XVI-XVIII веков (Сб. документов и материалов), 668-б.]). Кийинки убакта 1766–80-ж. Кара-Балта, Олуя-Ата тараптан бир нече ирет кол салганы такталууда (кара: Турганбаев Э. Взаимоотношения кыргызов и казахов во второй пол. XVIII в. и проблемы их исследования. //Вопросы истории Кыргызстана. 2007. №1). Ыбыкенин колго түшүшү Иле жакта болушу мүмкүн. Б. Солтоноев толугураак маалымат берет (кара: Аталган эмгек. 1 т. 170–71-беттер). Анткени сарыбагыш менен саяктар 1761-ж. эле Ысык-Көлдүн чыгышынан (Кеген-Каркыра) конуш алып калган (кара: Аристов Н.А. Усуни и кыргызы или кара-кыргызы. Б., 2001. 429-б.). 3) Абылайдын чабуулунда кыргыздар Какшаал, Кокон-Кыштак ж. б. качкан эмес.

[134] Бул жерде санжырачы кыргыздардын Анжиянга (Фергана) сүрүлүшүнө байланышкан калмак чабуулу менен Абылайдын чабуулун алмаштырып, жаңылып жатат. Башка санжыраларда да бугу урруусу адегенде Ысык-Көл, кийин Казак-Куйганда туруп, кыргыздарга кийин бириккени тууралуу айтылат (к: Солтоноев). Абылай султандын сарыбагыштар менен согушу, Ыбыкенин өмүрүн сүрүштүргөндө да Иленин боюндагы 1764–65-жылдардагы кыргыз-казак чабыштарына туш келет. Б. Солтоноев жазган «Канышбек кыздын кошогу» жана Ч. Валиханов келтирген (кара: Чыг. жый. Т. 1. 224 – 225-б.) кыргыз-казак салгылашуусунда ушул, 1764-ж. болгон окуялар тууралуу айтылган. Бирок, анын башкы себепчилери казактар болгон. Бул тууралуу цин императорунун өзү бурут жоокерлери казактын конушуна кол салып, көп кишини кырып, сан жеткис малын айдап кеткени жөнүндө Абылайдын катын алганын эскертип: «буга чейин эле Иледеги биздин башчылар Тарбагатайды кыдырып жүрүп, Абулфаиздин 2000 ашык кол курап алып, буруттарды чаап, көп кишилерин туткунга алып, көп малын айдап кеткенин укканын» жазат (кара: Цинская империя и казахские ханства... 56-57-б.). Демек, казактар Иленин оң жээгине 1764-ж. гана көчүп келип, ал жердеги кыргыздарга кол салган. Мындан кийин кыргыздар өзүлөрүндөй кылып, аларга жоопа кайтарган. Абылайдын кыргыздарды чаап алганы жатканын И.И. Шпрингер дагы эскертет (кара: КРО. док. №263). Казактардын Илеге көчүп келишине себеп: «Жайыты күйүп кеткенине байланыштуу Орто жүз казактарынын султаны Абылай Кытай тараптагы жайыттын мол экенине карабай, ал тарапка казактардын көчкүсү келбегенин» айтып, орустарга караган Иртыштын оң жагынан жайыт сурайт. Бирок орус өкмөтү өзүлөрүн колдогон казактарга гана уруксат берген. Буга чейин «Аблай-солтан – Колчаклы (Кылчакты) суусунда, ал эми бийлер Куляка (Кулеке) менен Кулсары-батыр – Ишимде; уккан кабарларга караганда Абулфеиз мурунку жуңгарлардын жери Куксу-Каратал деп аталган суунун жээгинде, Абульмамбет-хан болсо Туркестантта турган» (кара: Ошол эле документтер. 614-б.). Демек, Абылайдын кыргыздарга кол салышы кыргыздар Чүйгө келгенден кийинки учурга туш келет.

[135] Эсенкул баатырдын туулган жылы жөнүндө так маалымат жок. Аны салыштыруу жолу менен гана тактоого болот. Мис., Б. Солтоноев боюнча Болот бий кыргыздар калмактан сүрүлүп, Сыр-Дарыядан өтүп жатканда туулган. Бул окуя 1684–85-ж. туш келет, же ал башка окуялар менен да тыкыс байлаышып турат. Мис., Эсенкул Болот бийдин 40 жашында көргөн баласы. Ал эми жогоруда биздин санжырачы көрсөткөн Эсенкулдун экинчи аялынан (биринчи аялынан Асанбай, Үсөнбай ж. б. балдары бар) көргөн улуу баласы Ниязбектин ашы 1843-ж. өткөнүн Б. Солтоноев көрсөтсө (кара: Аталган эмгек. 2 т. 200-б.), Балыкооз: «Жүзгө чыккан Ниязбек, Жүдөгөндөн өлбөйбү» деп эскерет. Демек мындан Эсенкул баатыр болжол менен 1720–23-жылдарда туулган деген жыйынтык чыгат.

[136] Хива

[137] Казакча Сабалак (кырг. самсаалак; орус. лохматый, косматый – мис., сабалак ит = лохматая собака), ал жөнүндө алгач

жүргөн. Бир күнү казак менен калмактын Калдаң-Челдең[138] деген каны казактарга таарынып, казактарды чапмак болуп, Чарыч деген баатырын соот урушу кийимин кийгизип, жекеге чыгарган. Казактар Чарычтан коркуп, Чарычтын бетине чыга албай турганда, Салпайак мен чыгам деп айткан. Көпчүлүк макул деп, уруш кийимин кийгизип, тандап ат мингизип, Төлө бийдин жылкысын багып жүргөн Салпайакты Чарычтын бетине алып чыккан. Салпайак качырып барып, Чарычты өлтүрө сайып түшүрүп, ушул Чарычты өлтүрүү менен Абулайлап, калмактардын тобуна 118-бет: бет алып качырган. Казактардын тобу башта калмактардан коркушса дагы, Абулай калмактын баатыры болгон Чарычты[139] өлтүрүү менен кайра аттанып, Абулайды ээчип кошо качырышып, калмактарды жеңип кетишкен. Мына ушул жеңүү казактар жана Абулайдын калмактарды биринчи жеңиши болуп, казактын көпчүлүгү өз аты Абулай болуп, Тооке кандын тукумунан экендигин билишип, кан шайлашкан жана ошондон тартып Абулай калмактын чоң каны Чыңкыс кандын заманынан бери үстөмөндөгүн жүргүзүп келе жаткан маңгул тукуму калмактарды Иле, Чүйдөн күн чыгышты көздөй сүрө баштаган. Бул калмактардын сүрүлүп кетишине биринчиден 119-бет: Абулай ссебеп болсо[140] экинчиден калмактарды кайырдин эсептеп, сарт кандарынын каршы болушу, үчүнчү маңкул тукумунун кандык талашып, Кытайдан женилип, түбүнөн алсызданып күчүнүн кетиши. Абулай кан жеке калмак эмес, кыргызды кошо жоолап, кыргыз Абулайдын душмандыгынан сактануу үчүн 1742-жылда кыргыз канчалык көп кырылгандан кийин 1744-жылдарда[141] Анжиян тараптары жана Кетмен-Төбөгө барып, он бир жыл тургандан кийин Чүйгө киши жиберсе Чүй ээн экен деп барат. Чүйгө келген киши солтонун көгөй деген уругунан койкоң Назар деген өзү жөө күлүк киши эле. Бул киши култуу уругунан Чал деген кишини Меркеге жакын бир 120-бет: тоодон түтүн чыкканын барса, ошол тоодо Чал деген киши эки кызы менен олтурганын көргөн. Кыздары кача баштаганда, койкоң Назар кармай калган. Чал тим бол деп айткан. Мына ошон үчүн ошол тоону Чалдын тоосу деп, ошол жерди тим бол деп атаган. Жана ошол тоонун күн батышында Кара-Кыштак деген жерде калмактын каны турган шаары болуп, коңтаажы ошол жерде турган. Алиги Чалдын турган үйүндө айуу талпактары болуп, бул кишини айуунун этин жеди деп, айуукор деп айтышкан[142]. Чүйдө калмак болуп, коңтаажынын турган шаары Чалдыбар болуп, ээн калгандыгын айтып барышып, ошол 121-бет: кабар менен Чүйгө эл келе баштады. Элдин келгенинде туулган болуп, Жамансарт деген киши баласынын атын Эсенаман койуптур. Эсенаман 85 жашка чыгып өлүп[143], өлгөнүнө быйылкы 1931-жылга 90 жыл болуп, барлыгы 1932-жылга 176 жыл болгон.

---

Шаакерим Кудайберди уулу кабар берет (кара: «Түрк, казак, кыргыз жана хандардын шежиреси», Оренбург, 1911), ошону менен тааныш болсо керек.

[138]Орусча Галдан Цэрэн (моңголчо Galdan Seren, 1693–1745) – жуңгар ханы (1727–45), Цеван Рабдан коңтаажынын уулу. Атасынын агрессивдүү саясатын улантып, түштүк-батыш, батыш, түндүк-батыш тарабындагы кыргыз-казактарга кол салып, Цин империясы менен мамилеси бузулган. Анын тушунда калмактар Кетмен-Төбөдөгү кыргыздарга жүрүш жасап (1732), «анжияндык» кыргыздарды убактылуу багындырып, Ташкент шаарын басып алган (1734). Улуу уулу Олоң (Лама) Доржу жана Сейтен нойондун колу Наманган, Кайнар, Коконду курчоого алып, Ташкент шаарын кайра караткан (1742–45). Ал өлгөндөн кийин бийликке кичүү уулу, 13 жаштагы Ажа (Аджа-Намджил-Цэван-Доржу хан, 1745–50) келген. Анын такка ээ болушу менен Жуңгар хандыгындагы саясий-экон. кризистер күчөп, көп узабай бул хандык жоюлган. Ал учурлар кыргыз санжырасында «он сан ойрот бузулганда» деп айтылып калган.

[139]Калдаң Серең, Салпаяк, Чарыштар жөнүндөгү окуяларды Ш. Кудайберди уулунан кайталап жатат. Анда Чарыш (Шарыш) калмактын ханы деп көрсөтүлгөн. Ал эми Абылайдын 1741-ж. калмактын Чарыш деген баатырын (чынында калмак ханы Галдан Цэрэндин Чарыш аттуу баласы же тууганы болгон эмес) сайып өлтүргөнүн, ошол эле жылы май айында калмактардын колуна түшүп, 1743-ж. июль айларында бошонуп чыкканы жөнүндө айрым изилдөөлөр да жарык көрүүдө (кара: Сулейменов Р.Б., Моисеев В.А. Из истории Казакстана XVIII века. А., 1988. 6–7-б.; Абылсейит М. Казак ханы Абылай тууралуу тарыхтын актай барактары. //Кыргызстан тарыхынын маселелери. №4. 2006).

[140]Калмактардын сүрүлүшүнө себепти жалгыз Абылайдан көрүү туура эмес. Анын себептери жогоруда берилген изилдөөлөрдө жана Алымбектин санжырасында толугураак берилген.

[141]Хронологиялык жылдарды туура эмес келтирип жатат. Бул жылдарды кыргыздардын Анжияндан кайтып, Кетмен-Төбөгө орношкон учуру деп кароого болот. Кошумчага санжыранын жогорудагы 115-бетине карата берилген түшүндүрмөгө салыштырсаңыз болот. 1732-ж. Кетмен-Төбөдө турган кыргыздарды калмак чапканы тууралуу маалымат бар (кара: Аристов Н.А. Аталган эмгек. 406–408-б.).

[142]Бул окуяларды Б. Солтоноев, Алымбектин санжырасы жана О. Сыдыковдор кененирээк толуктайт.

[143]

Чүйгө келгенде, сарыбагыш уругун Эсенгул Болот уулу бийлеген деген элек. Эсенгул Анжийандан таруу алдырып келип, азыркы Атайке кыштагындагы Чоң-Алыштан суу чыгартып, Чүйдүн суусуна алыш алдырып, ошол жерге таруу айдаткан. Андан мурда Чүйдө таруу жок болгон имиш. Мына ошонтип, Чүй кыргызга жер болгон.

122-бет: Чүйдүн көкүрөгү, йагни күн чыгыш жагын Темир-Болот тукуму, орторок жерин Тынай, андан Бөлөкбай, андан Талкан, андан кыргыздын сол деген уруктарынан кушчу, саруу дагы башкалары ээлеп, жердеп келишкен[144].

Абулайдын түп атасын болгон Тооке кан кыргызка жоо болбогону менен Абулай кан, анын уулу Касым, анын уулу Кенесары, Ноорузбайдан тартып, кыргызга жоо болуп, касташып келди. Бирок касташканы эң акыры Абулай тукумуна пайда болгон жок. Жазасын Чүйдүн суу менен Мыкандын Кара-Суусу жана Текеликтин-Сеңири берди.

Абулайдын тогуз катынынан 30 уулу болуп[145], эң кичүү уулу Касым, андан Кенесары, Норузбай.

## 6.1 123-бет: Улук тоо

Улук-улук, улук тоо – аккан суусу тунук тоо,

Ошол тоону жердеген, ойон кыргыз болсун суу.

Ысык-Көл башы Каракол, күн чыгышы Нарынкол.

Ушул тоого орногон, кыргыз журту оң менен сол.

6 Эсенаман 1841-ж. 85 жаш курагында каза болгонун Осмонаалы Сыдык уулу да көрсөтөт (кара: О. Сыдыков. Тарыхы кыргыз Шадмания Б., 1990. 87-б.). Солтолор Кошой бийдин ашын өткөрүп, башкалардан кийин көчүп келген. Бул окуялар илимий салыштыруулар аркылуу да такталууда (кара: Турганбаев Э. Казак-кыргыз байланышы тууралуу тарыхый маалыматтардагы кээ бир кемчиликтер. //Эл агартуу. 2004. №11-12; Ошонуку эле. XVIII к. экинчи жарымындагы казак-кыргыз мамилелери –тарых барактарында. //Алымбектин санжырасы.).

[144] Кыргыздардын Чүйдөн Илеге чейин орун алышы аталган Алымбектин санжырасында так берилген.

[145] Ч. Валиханов боюнча Абылай хандын 12 аялынын бири (жетинчиси) кыргыздан келген олжо Топуш ханым болгон, андан Абылай эки кыз көрүп, ал кыздардын бири Тооке хандын уулу – Турсунга узатылганын, Абылай хандын төртүнчү аялы да кыргыздын Саргалдак кожо олуянын кызы болгонун көрсөтөт (кара: Валиханов Ч.Ч. Аблай //Собр. соч.: в 5 т. А., 1985.Т.4. 111-12-бб.). Ал эми Машкүр Жусуптун кол жазмасында: «Абылай хандын алгач алган бәйбичесинен (карауыл кызы) уул жок, жалгыз кыз болду. Ал – Жамантайхандын шешеси. Андан соңку катыны – каракалпак кызы, андан Уали хан, Чыңгыс султан, Адил султан, Эшим султан жана сарт катынынан: Рүстем султан, Чеген султан, Сыдык султан, Аубакир султан, Габдолла султан. Кожо кызынын катынынан: Касым, Артык ( автордун башка кабарында: Касым, Арык, Ток). Дагы бир карауыл катынынан: Шыгай, Тагай, Шаки. Калдан Сереңден токол кылып алган Аюке кызы – Топыш сулуудан Касым хан жалгыз. Калмактан олжолоп алган катынынан Төлөк жалгыз. Дагы бир олжого келген калмак катындан Чама төрө жалгыз. Абылай хан он жети катын алган, отуз уулдуу болгон. Ошолордун ичинен: «Абылайлап!» жоо чаап, Абылайдың арбагын чакырган жалгыз Касым, анын урпактары: Саржан, Кенесары хан, Наурызбай, эң акыры - Сыздык төрө. ...Бир Касым урпагынан бөлөк Абылай урпагынан «аш ичип, аяк бошоткондон» башка бокко да татыган бирөө чыккан жок» (кара: Көпейұлы М. Ж. Абылай хан //Егемен Казакстан. 1992. 14 каңтар.

Агып жаткан Нарынкол, көргөндөргө дайын жол,

Музарт бели улук тоо, байыркыдан калган шол.

Тыйаншан деген бир атың, Кытай жутулатын,

Кан Теңири атанган, караламан көп журтуң,

Түш жагында Кара-Тоо, түн жагында Ала-Тоо.

Дүйнө жүзү суктанган, түрк ордосу улуу тоо.

Оң чекеде чоң Алтай, айагында Гималай,

Капталында Сарыкол, кайкып жаткан кең Алай,

Алтышаар, Түркстан, Тарбагатай оң түштүк,

Түн багытың Сары-Арка, түш тарабың Хиндустан,

Бир тумшугуң Ала-Тоо, Ташкен, Талас, ара тоо,

Иле, Чүйдү талашкан, илгертеден далай жоо.

125-бет: Аму дарыя, Сыр дарыя агып жаткан көп дарыя.

Бир жылгаңыз кен Талас, жердеп келген эр Манас.

Бир бутагың Зарафшан, атагы зор Самаркан,

Талкалаган Искендер[146], талап кеткен Чыңкыс кан.

Ордо кылган Темирлан, оодарылган шум жалган.

Амир Темир заманы, артыкча канга бойлогон,

Бир айагы Фаргана, жериң артык Жыргалаң,

Текес, Күнөс, Агыйас, Иле суугa аралаш.

Түп атаңыз Угус кан, Кытай, Афган, Хиндустан,

Араб, фарси, көп түрктөр алымына тургузкан.

Улук өткөн Томирис[147], Атла кан[148], Жаангез.

Миң жыл жакын чамалап, жердеп келген бул кыргыз.

Жери жер-жемиши учкан куш,

Жалпы жыгач болгон туш сени алмакка умтулган,

Күн батыш менен күн чыгыш, 126-бет: кыргыз атагы бир болгону менен ичинде бир нече урукка бөлүнүп, ар бир уруктун өзүнүн баштыгы болуп, илгертен ар бир атанын баласы өзүнүн баштыгы бийлеп үстөмдүгүн жүргүзүп келген. Мисалы, сарыбагыш уруктарын Манап тукуму бийлеп, солто уруктарын Талкан, андан Жамансарт жана анын уулу Түлөберди бийлеп келген. 1760-1770-жылдарда

[146] Алекса́ндр Македо́нский (Улуу Александр III, байыркы грек тилинде Ἀλέξανδρος Γ’ ὁ Μέγας, лат. Alexander Magnus, мусулман калкы ьоюнча Искандер Зулкарнайн, б.з.ч. 356 — 323-ж.) — Аргеад тукумунан чыккан македон падышасы (336-жылдан баштап), полководец, дүйнөдөгү алгачкы ири державаны түзгөн.

[147] Томирис (болжол менен б. з. ч. 570—520-ж.) —сак-массагет урууларынын ханышасы, скиф урууларынын жол башчысы Ишпакайдын тукуму, Мадийдин чөбүрөсү, легендарлуу падыша Сыпыранын (Спаргапис) кызы (башка маалыматтарда небереси). Аны менен Кирдин (перс падышасы) согушу Геродоттун тарыхында берилген (кара: Геродот «История» I 205—214).

[148] Атыла хан тууралуу Балыкооздун санжырасында да айтылат.

сарыбагыш уругун Эсенгул бийлеп, солто уругун Түлөберди[149] бийлеп турушуп, кыргызтын башка уруктарын дагы ичинен өзүнүн баштыктары бийлегени менен сыртынан ушул эки уруктун башчысы болгон[150] Эсенгул жана анын уулу Ныйазбек, солто уругунун 127-бет: баштыгы Түлөберди жана анын уулу Эшкожо, Канай – мына ошолорго баш ийип келишкен. Кыргыз көпчүлүгү солто уругунан Эшкожо, сарыбагыш уруктарын Ныйазбек бийлеп турушкан. Убактысында экөө айтыша кетип, Эшкожо Ныйазбекти айтыптыр: түп атаң менен бир туугандын балдарына таарынып, Тогузбайдын кызын тартууга алдың[151], чоң атаң менен бир тууганды чоң чарык койуп жедиң, тайакең менен бир тууганды таштокум койуп жедиң, берки атаң менен бир тууганды беш күрөң койуп жедиң, эми өзүң менен бир тууганды борукчу койуп жеп олтурасың деп[152].

Мына ошол замандарда эл аз болуп, жер көп, элдин пейли кең, ичкен мас, жеген ток, кайгы жок, эл табылганын тең көрүп, 128-бет: меники сеники жок. Эл көчмөндүгө көнүп, адабийатка жана маданийатка элдин көңүлү жок, көпчүлүгү бир кишиге баш ийип турбастан, өкмөт куруп, бирдиги кылып, душмандан улутун сактап калуу иши аларда жок. Сарыбагыш уругун Эсенгулдан кийин анын уулу Ныйазбек, андан кийин анын уулу Ормон бийлеп туруп, Ормон өз убактысында жеке сарыбагыш эмес сайак, бугу, моңолдор, черик жана дагы башкаларды бийлеп, кандык даражасына жетип, кыргыздын бир нече уруктары келип, кан шайлап кетишкен[153].

Жантай уругу сарыбагыштын бир уругу болгону менен, бул урук мурунтан бери Манапка букара болуп келди. Ормон заманында 129-бет: жантай уругу, йагни Жантай андан Сары, андан Акий, андан Бөрүчөк, андан Кусеке, андан Акий, андан Дайырбек, андан Ыбыке, андан Көкө, андан Жайчыбек деген киши болуп, бул киши 1807-жылында туулуп, 1887-жылы 80 жашында өлгөн. Бул киши букара насилинен болуп, айылы аз болгону менен өзү бет алгандан кайтпаган эр болуп, өзү чоңойуп, ат жалын тартып мингенден тартып, теңдигин кишиге жиберген эмес. Замандын шартына карата

[149]Түлөберди Жамансарт уулу – болжол менен 1758-жылдары туулган, өлгөн жылы белгисиз. Үмөт молдонун санжырасында Кебек бий солтонун атынан 17 жаштагы Түлөберди баланы жибере турган болушканы жана Түлөбердинин 19 жашында Абылай, Абылпейиз, «кулаккесер» Кудаймендележде акүйлүү болуп жүрүп, балдары –Эшкожо, Канайдын ошол жактан туулганы айтылса (КР ИУА кол жазма фондусу. Инв. № 191, 301 б.), Осмонаалы Сыдык уулу Эсенаманды (Жамансарттын тун уулу) 1841-ж. 85 жаш курагында каза болгон дейт (кара: «Тарыхы кыргыз Шадмания» 87-б.).

[150]Түлөбердинин сөзү боюнча: «...Кыргыз ичинде оң-сол дейт. Оң ичинде бугу, саяк, солто, сарыбагыш, багыш дейт. Эсенкул деген баатыр адамыбыз бар жана ар уруктун өз башчылары бар. Мындан улуу сөз ошол Эсенкул баатырдан тарайт. Сол атанган эл да ал Эсенкулдун сөзүн угат...» (кара: Алымбектин санжырасы).

[151]Тогузбайдын (Белектин уулу) тогуз кызын тартууга алышы Б. Солтоноевде кененирээк берилген. Бирок оозеки санжыраларда белекуруусуна жеке сарыбагыш эмес, калмакка кошулуп кеткени үчүн башка уруулар да жоолоп, күч колдонгондуктан, Тогузбайдын балдары тартуу берип тынышканы көп айтылат: Мис., «Талкан калмактын ханы Коңтаажыдан запкы көрүп, душман Коңтаажыга бугудан Белек баатыр кошомат кылып, жардам берип, Талканга тууганд ык жардам бербей, душманга кошулуп кеткендиктен, Талкан амалы кетип, туугандары, балдары менен Наменген жакка качып кетишкен. Талкан сексен жашында экен. Ооруп жатып, баласы Кошойго төмөнкүдөй осуят айтат. Биз Чүйдө, өзүбүздүн жерде турганда баскынчы болуп келген душман калмактын ханы Коңтаажыга Белек кошулуп, күч бергендиктен, ...Чүйдөн Наманген жакка качып келдик. Белектин кордугун унутпагын. Кайратың бар эле, күчүңдү жыйнап, элди уюштуруп, бугу Белекти чапкын деп, бир нече күндөн кийин өлөт. Талкан өлгөндө, бир жылдан кийин ашын берип, Кошой бир туугандары Бакы, Багышандар эли менен Кетмен-Төбөгө – Коңур-Өгүзгө келип жердеп туруп калат. Кошой Кетмен-Төбөгө келип, бир нече жыл тургандан кийин бугу Белек баатыр чочулап, атка минген, эл башкарган билгичтерди, көсөм-чечендерди уюштуруп алып, байлардын кызынан тогуз кызды алып, Кошойго тартууга алып келет, жарашабыз дейт. Ал тогуз кызды алып келгенден кийин Кошой туугандары менен ыраазы болуп, Бугу балдары белектер менен жарашып тынышат. Тогуз кыздан Сайра деген кызды Кошой өзүнө алат. Белектин баласы – Тогузбайдын кызын Нышаа баатырга берет. Нышаа баатыр аны никелеп, аялдыкка алат. Кошойдун аялы Сайра эки-үч жылда уул төрөйт. Баланын атын Кочкорбай коюшат. ...1753-ж. Кошой өлөт. Кошой өлгөндөн кийин ашын берип, 1755-ж. балдары Момокон, Жамансарт, Баймырза, Мамбет эли менен Чүйгө көчөт. Сокулуктун ашуусун ашып, ашуунун түбүнө келгенде Баймырзанын аялы эркек төрөйт. Көч үстүндө төрөлдү деп, баласынын атын Байкөчөк коюшат» (кара: КР УИА КЖБ Инв. № 564).

[152]Тугурдун балдарынын аягы чоң болгондуктан «чоң чарык», Жантайдын бөрүчөк уругунан чыккан Атабайдын бир баласынын ингич аты такай жоор болуп жүргөнү үчүн «таштокум», Болот бийдин байбичесинин беш баласын (кымызды көп ичкендиктен кара-күрөң болушкан деген аңыз бар) Санчы сынчы жактырбаганы үчүн «беш күрөң», ал эми Ниязбектин бир туугандары Куттуксейит, Абдыраман, Шооруктун балдары боруктан улак тарттырганы үчүн «борукчу» атанганы ж. б. сыяктуу аңыздарга байланыштуу айтып жатат. Негизи көп уруулардын аталышы кандайдыр бир окуя, же кыргыздын улуу кишилерин тергөө салтына байланышкан.

[153]Бул тууралуу малыматтарды «Ормон хан илимий эмгектерде», ж. б. илимий булактардан кененирээк табууга болот.

аттанып, жылкы тийип жүргөн. Бир күнү Жантайдын Айуке деген уругунан Майтык баатыр жана өзүнүн атасы менен бир тууганынын баласы Эшим болушуп, барлыгы 19 киши Коңуруктун Таман карагай деген жеринде барып жатышып, Коңуруктун күн чыгышы, түн жагындагы Алматынын ашуу 130-бет: сунан ашып келишип, жеткен Алматынын күн чыгышындагы Байтуума жайлоого 120 чамалуу элдин келип, ошол жерге жатып, ат чалдырып, тамактанышканын билип турушуп, булардын аттанып келе жаткан казак экенин билип, ат тандап мингизип, эки киши жиберишкен. Силер барып, карааныңарды көрсөтүп кайта качкыла, силерди кубалап келе жатканда, биз ошол жерге келгенде кайта сайабыз дешкен. Айткандай эки киши барышып, жакындап барышып, кайта качышкан. Жайчыбек менен Майтык, Эшим жанындагы жолдоштору менен түшүп турушуп, Каракум деген жерден кайта сайышып, алтымыш кишини жана жүзгө жакын ат түшүрүп алышкан. Касбак баатыр 131-бет: деген казакты Жайчыбек сайып түшүрүп, Кара ат деген күлүк атын Жайчыбек баатыр алган. Мына ошондой эрдик кылып, көп олжо алып кайта келишкен.

Жайчыбек Чүйдүн Желаргы, Карачанын сеңири деген жерден Ныйазбектин сегиз бегинин эң улуусу Ормон кандын агасы Бердибектин уулу Менде жез чочмор менен урушуп, Мендени жана анын уулу Байастанды сайган. Менде Бердибек уулу уругу көп жана чоң манап тукуму болгону үчүн көпчүлүк элдин баарысы болушуп кетип, 200 чамалуу эл менен Жайчыбек, Майтык, Карачолок деген 132-бет: жантайдын үч бөрүсү, йагны үч баатыры 80 чамалу киши менен каршы туруп урушуп, 300 чамалуу кишиге Жайчыбек, Майтык, Карачолок үчөөнүн эрдиги менен 80 чамалуу киши теңдешкен. Ныйазбектин сегизинин эң кенжеси болгон Ырыскулбек күңгөйдөн келип, эки жоо болгон элди калыстык менен жараштырып, Көкө менен Мендени сөөктөштүргөн. Бул жараштырууда Ормон кандын кишилери дагы болуп, Ормон өзү күңгөй Ак-Суу деген жерде болгон. Бирок Ормон өзү келбей, кишилерин жиберген.

Ал убактыда өзү букара жана айылы тууганы аз болсо дагы манап менен башка 133-бет: кишилер урушуп, эрегише алган эмес. Мындай эрдик жалгыз Көкөнүн уулу Жайчыбектин колунан келди деп айтууга гана болот.

1849-жылында Жайчыбек өзүнүн жакындарын алып, Чүйгө келип, Тынай атагындагы болгон Карабектин уулу Жантайдын элине кошулган[154]. Андан мурда Эсенгул эли атагында Ормон кандын элине караштуу болуп турган. Бирок Жайчыбектин көп туугандары Эсенгул элинде калган.

Бул калгандарынан 1852-жылы Ормон казак барып, жерине көчүп барып, кайта Кашкелеңди ашып келип, Чүйдүн көкүрөгү Кара-Булак, Бейшеке жана Кичи-Кеминге 134-бет: Ормондун эли келип конгондо, Карабектин уулу Жантай Жайчыбекти ээрчитип барып, өзүнүн жакын туугандары болгон Байгожонун үйүнө барып, Жантайдын өзүнүн жанындагы ээрчитип жүргөн баласы 13 жаштагы Шабдан деген баласын менен Байгожонун уулу Кутаалы менен дос-тамыр кылып, ошол достоштуруу аркасында Жайчыбек өзүнүн туугандарын Ормондун элинен өзүнүн жанына Тынай атагындагы элдин ичине токтотуп алып калган. Жана дагы Жантай Байгожо байдын казактан жылкы тийемин деп барып, казактын колуна түшүп калып, кадоодо йагны туткунда жаткан Кубат деген уулун казактан текке чыгарып алып келип берген. Мына ошондон тартып Жайчыбек өзүнүн урук 135-бет: туугандары болуп, Жантай уруктарын Эсенгул элинен Тынай атагында болгон элдин ичине өзүнүн жанына жыйнай баштап, азыркы 1-Жантай, Ажыгул, Акжол, Атабай, Атагул атагында болуп, Акчабуу, Кубат, Белек, Мендеке, Таштокум, Айуке жана Токтоокудан, эски Токтооку атагындагыларды баштап, Чүйгө алып келген жана 1849-жылдан тартып жыйнай баштаган Жайчыбек болгон.

Жайчыбек өзүнүн Эсенгулдан Тынай элине 1849-жылы көчүп келип, ошол жылы Чүйдүн Кичи-Кемин, Кертабылгы деген жеринде төө минип, Жантайдыкына келе жатса таңга жакын бир топ жылкы айдаган казактар алдынан чыгып, бул казактарды сайып, экөө качып кетип, бешөөңү колго түшүрүп

[154]С. Абрамзон да Меңназар, Карачолок, Жайчыбек тууралуу ушул окуяларды кайталайт (кара: «У истоков манапства (экспедиционные очерки)». //Советская Киргизия. 1931-ж. 1-апрель). Демек, макаланын ушул санжырадан алынганын түшүнүүгө болот.

алып, өздөрүн байлап алып, алып бара жаткан жылкылары менен кошуп, Жантайдыкына алып келген. Мына ошол алып келүү менен Жайчыбектин атагы менен бүткүл Тынай жана башкаларга билинип кеткен.

## 6.2 137-бет: Тыныбек балдары

Тыныбек Акийдин уулу болуп, Нуке мырзанын иниси болгон, йагни Сары деген Акийдин инисинин баласы болуп, Акийдин бир катыны Нуке мырзанын энеси. Нуке мырза менен бир тууган деп багып чоңойтуп, Нуке мырза өлгөндөн кийин Нуке мырзанын үйүн ээлеп турган. Мээр, Улак деген Нуке мырзанын эки карындашы бул кишинин карамагында болгон.

Тыныбектен Ажыгул, Кеней деген балдары болуп, Тыныбек калмакка түшүп, көзү калмакта өтүп, өзү өлгөндөн кийин Ажыгул кыргыз ичине качып келип, өзүнүн туугандарына кошулуп, Бердике, Бердиш деген туугандары катын алып берген. Мындан кийин бир балалуу 138-бет: болуп, баласынын атын Итигул койуп, Ажыгул калмак ичинде калган туугандарын истеп барып, туугандарын таба албай, калмак ичинде 12 жыл тургандан кийин кайта келген. Өзү кайта келгенде Итигул деген баласы он эки жашка толгон. Андан кийин Каработо, Карагул, Борук деген балдары болуп, Боруктан Атантай, андан Жумабай, андан Абдырайым, Касен. Буларды Борук уулу деп айтылган. Карагулдан Саманчы, Таранчы, Шабото үч уулу болуп, Саманчыдан Жаңыбай андан Сайнаке. Шаботодон Тотой, андан Абдылда. Каработодон Эшбото, андан Төлөгөн, андан Чокчон.

Итигулдан Шербото, Байбото, Бөкөнчү, Можо, Торпок беш уулу болуп, Шербото убактысында 139-бет: чоң болуп өттү. Шерботодон Сурантай, Бечел, Байтума, Тайбас, Бокбасар[155], Малдыбай деген балдары болгон. Жана дагы кичи катындан Жолдубай, Толубай деген балдары болуп, Байтума убактысында чоң болуп, бир болуштун сөзү Байтумасыз бүткөн эмес, йагны чоң Шабдандын убактысында 500 түтүн жантайды Байтума бийлеп, ушул бийлөө аркасында 2300 түтүн чамасында Атаке сарыбагышка кадырлуу болуп жүргөн. Байтума жана Байит экөө бийлеп турганда, 1885-жылы Шабданга таарынышып, Дайырбек жана Тыныбек тукумдарын Нарынга көчүрүп барышып, Эсенгул элине Кайдуунун 140-бет: уулу Чоконун жанына 1887-88-жылга чейин туруп, кайта Чүйгө келишкен. Бул Нарынга барышына ссебеп, биринчи Тилеген деген сайактын 25 жылкысын уурдап алып, казакка өткөзүп жибериши, ошол уурдалган жылкы туурасынан сайак Торгой менен Байтуманын урушу болуп, урушууга себеп тынымсейит Бактыйар уулунун копүйө (копия?) жазганда, сайак, сарыбагыш улут бийлеринин бүтүмүн туура жазбай, уурдап, кемитип жазышы жана сарыбагыш элинен Мамыт Жантай уулунун сайакка болушуу себептери менен ушул жогоруда айтылган Дайырбек жана Тыныбек тукумдары Нарынга барып, мал чарбасын жутка алдырып, кайта Чүйгө келишкен. 141-бет:

Итигулдун Бөкөнчү деген уулунун Мамырбай, Конушбай, Кондубай, Кочкорбай, Бозон деген балдары болуп жана Можон менен Торпоктон дагы тукумдары болду.

Итигулдун экинчи уулу Байбото, андан Жангарач, Мамыт, Бактыйар, Жабагы, Тилеген, Даныйар деген балдары болуп, бул киши убактысында чоң бай болуп, байлык менен Бактыйар деген уулуна Ормон кандын уулу Чаргындын кызын алып берген. Бул киши 1797-жылы туулуп, 1882-жылы өлгөн. 85 жшта өлгөн. Бул жогорудагы айтылган Дайырбек 142-бет: жана Тыныбек тукумдарынын калмакы аталышына себеп, аталарынын калмакка түшүп кетип, бир нече жылдан кийин кайта келиши тууралу айтылган. Жана дагы Коңкош, Кусуке тукумунан болуп, андан Шымалай, андан Ысмайыл, андан Токтомуш, андан Жанкулу, андан Атабай, андан Карала, андан Абдыгалы, Абдыжалы(и).

Токтомуштун Беккулу, Байбол, Жанкулу, Акжол деген уулу болуп, Беккулудан Олжобай, Момой, Чомой. Байболдон Түлөберди андан Жабуу, Жума, Карпык. Жабуудан Ыса, Абдыгапар, Мамыт,

[155] Ушул Бокбасардын бир уулу Токомбай, андан Аалы (кара: Эсенкул Төрөкан уулу... 1.Т. 73-б.

Сатар. Акжолдон Чопой, Эсеналы, Ырысменде жана дагы Калбай Кусеке тукумунан болуп, 143-бет: Калбайдан Тайыр, Шүкүр, Котон. Тайырдан Султамбай, Айтбай, Бейшеналы. Шүкүрдөн Тайлак, Мойнок.

Ушул жогорудагы Токтомуш жана Калбай тукумдары 1871-жылдарда азыркы Ат-Башынын шаарынын күн батышы жагындагы Эсенгул эли наамындагы элди Шабдан Жантай уулу Чүйдөн оруска айдатып кетиргенде, ошол Эсенгул эли менен кошо кеткен. Ошол бойунча туруп калышты.

Эшиге, Досон, Кусекенин сарт катынын баласы болуп, Эшиге тукуму байан кылынган эле. Досондон Баланыш, андан Кутулду, Мерек, Кенже үч уул. Кутулдудан Кочкор, андан Кожогелди, Калмакчы. 144-бет:

Кожогелдиден Чирикбай, Калмакчыдан Өсөрбай, андан Керимкул, Турдалы. Мерекден Сагындык, андан Бердибек, Муратбек, Качы. Бердибектен Байболот, Байтымбет. Байтымбеттен Дөнөмбай, Атамбай. Дөнөмбайдан Ысмайыл. Кенжеден Байкиши андан Меңназар, Төлөбай, андан Сары, Тыныс,? Андан Базарбай, андан Абдылда, Абды. Меңназар убактысында Ормон канга биринчи жакын киши болгон. Андан Эшкожо.

## 6.3 145-бет: Токо балдары

Токо Дөөлөстүн төртүнчү уулунун улуусу болуп, Жантай экөө бир энеден болушкан. Анын Абыла, Сабыр, Чагалдак, Өсүк, Чечей, Молой, Бешкөөрүк деген тондуу балдары болуп, Токо өзү өлгөндө кийинки өлгөн катынынын бойунда калып, андан туулган баласы Каракурсак аталган. Бул Каракурсак тукуму аз түтүн болуп, Бурана эли Шамшынын өйүзүндө турушат.

Токонун тондуу балдарынын ичинде Өсүк Токонун кызынан туулган жээни болуп, Жантайга башкасынан илгертен бери жакын болгон. Токодон Өсүк, андан Коңур, андан эки уул. Аккийиз андан, Кысыроо, андан Кожомшүкүр, андан Шайбек, андан Кулчун, андан Абыласан, андан Жээрембай, андан Жусуб жана Коңур, андан Түгөл, андан Гасыбек, Шарыбек. Гасыбек, андан Базар, андан Ыстамбек, андан Айтбай, андан Сарбоз. Бул киши өзү бай болуп, байдын ирээттүүсү болгон жана бир болушка кадырлуу болгон. Сарбоздон Токтосопу... жана Өсүктүн бир уулу Чолук, Асан, андан Тыныбек, андан Ноорус, андан Бекаалы, Бейшей. Бейшейден Андаш. Бул киши убактысында кадырлуу жана бай киши болуп, анын уулу Бообек Андаштын аркасы менен Токо, Жантай, чоң Шабдандын убактысында, чоң Шабдандан 147-бет: суранып болуш кылган. Жана Кожомшүкүрдөн Мырзабек андан Токой, андан Ырыскелди, андан Асан. Өсүк тукуму 1914-15-жылга чейин Атаке сарыбагыш ичиндеги болгону 400 түтүнгө жакындап, Жантай тукумдары болгон туугандары менен ар бир иште ынтымакташ болуп келген.

## 6.4 Молой

Токодон Молой, андан Мышык, андан Абуш, андан Кочкор, андан Казанчы, андан Ысмайыл, андан Жангарач, андан Осмон, андан Мамбеталы молдо.

## 6.5 148-бет: Чечей балдары

Токодон Чечей, андан Тасдөбө, андан Меңдияр, Алым. Алымдан Олоке, Караке, Бобогой, Сарык, Чоко. Олокеден Гасыбек, андан Мурат, андан Бейшебай, андан Меңназар, Кашка. Меңназардан Жамангул, Кашкадан Кыдыралы. Булар Тынай элинде болот. Нарын, Атбашыда да жок эмес.

## 6.6 Абыла балдары

Аргын деген уруктан, Абыла кичи жүз казагынан Сабыр деген иниси менен келип, Дөөлөстүн улуу уулу Токого келип бала болуп туруп калышкан. Жолдо келе жатып Меркеден[156] бир бала ала келишкен.

149-бет: Өзү чаалдак бала болгондукдан, Чагалдак деп айтылган. Булардын келиши өзүнүн жакын туугандарынан бир кишини өлтүрүп, качып келген. Токо өзү чоң киши болгону үчүн башка жактан ооп келген кишилер Токого келип бала болушкан.

Каратоко Манап ай,

үй башына бир жылкы

ала бергин санабай,- деген сөз Токо өзү убактысында чоң болуп, өзүнө караштуу элден бир жылкыдан алым йагни чыгым алып турушкан. Кыргыз ичинде чыгым салып алуу Токодон башталган. Чыгым салып алуу кыргыздын бир-нече уруктарынын ичинде сарыбагыштан башталса дагы, сайак уруктарында эки эсе деп айтаарлык эле.

Мисалы: Мырсабек, Дыйкамбай 150-бет: уулу менен Калпа Ысрайыл уулдары өзүнө караштуу болгон букараларды мал башына ээ кылган эмес.

Сарыбагыш уруктары ичинде Эсенгул тукумдарында манаптык башкалардан эки эселеп айтарлык эле.

Абыла Токонун тондуу балдарынан болуп, Абыладан Тагай, (андан Кочкор, Теке: автор буларды кайра сызып салган) андан (Сейит, муну сызып салган) Жанчегир, андан Кожомжар, Төлөгул, Эсенгул, Котон. Кожомжардан Ырай, Калпай, Олжо. Төлөгулдан Үчкемпир, Үркүнчү, Жортончу. Үркүнчүдөн Бекболот, андан Байтүгөл, андан Жоке, андан Төлө, андан .... Ырайдан Боромбай, андан Байымбет убактысында Абыланы бийлеп, башка сарыбагыш уруктарына 151-бет: дагы кадырлуу болуп, кыламын деген ишин кылып келишкен эле. Абыланын барлык түтүнү 1915-14-жылдары 200 түтүндөн ашып, 1930-жылдарда Чоң-Кеминде Төрткүл кыштагындагысы 120 чамалуу түтүн болуп, Чүйдүн башка жерлеринде дагы жок эмес.

Сабыр тукуму аз түтүн болуп, Ат-Башыда. Бешкөрүк дагы Токонун тондуу балдарынын бирөө. Булар дагы аз түтүн болуп, Үчүке элине[157] караштуу болгон Надырбек тукуму менен. Чагалдак Абылага жакын болуп, булар барча сарыбагыш ичинде таралып Атбашы, Нарын, Чүй куру эмес. Барлык түтүнү 1914-15-жылдарда дайындуусу 350 чамада бар эле. 152-бет: Билинген түтүнү 350 чамалуу болсо, билинбей калгандары да жок эмес. Бир нече жыл кыргыздын урук тарыхына аракет кылып жүрүп, бул чагалдактын айтып берчүү кишилерине жолукбадым. Тарых жазуучу айтып берген кишинин сөзүн жазат, айтып берүүчү болбосо кайсыны жазат.

[156] Казак улутунан деп айткысы келип жатат. Бирок Токо-Манаптын тушунда азыркы Меркеде казактар турганы белгисиз. Мис., 1738-ж. согуш туткуну, швед Г.-И. Ренат түзгөн картада казактардын ордосу (Kasaksi Horda) Балхаш көлүнүн түндүк-батышы, Чүй суусунун түндүгүнөн ары Сары-Суунун башында жайгашса, бурут-кыргыздар (Bruther Kirgiser) Сыр-Дарыянын оң жээги, Бухара (Bucha Rer) менен чектешип турган учуру көрсөтүлгөн. Эң кызыгы ал картада Талас суусунун сол куймасынын биринен (Үрмарал, же Күмүштак) баштап түштүк-батышты карай жүрүп, Самарканд шаарынын түштүк жагына жакын жерден Кара-Тегин, Гиссарды карай өткөн чекитчелер менен көрсөтүлгөн сызыкча берилген. Кыргыздар ошол сызыкчанын ичинде жайгашкан.

[157] Азыркы Кочкор районундагы Б. Исакеев атындагы айыл 20-кылымдын башында Үчүкө болуштугу, же кыскача Надырбек деп аталган.

## 6.7 153-бет: Элчибек балдары

Элчибек Дөөлөстүн эң кичүү уулу болуп, бул киши энеси Көкмончок деген калмактын канынын кызы болуп, Дөөлөс бий кандын алдына ак үйлүү болуп турганда, Дөөлөс бийге арзуу менен келип тийген. Бирок жүгүргөн албай, буйруган алат дегендей көңүлүндөгү максаты табылган эмес[158].

Элчибектен Атамат, Алыбек, Жунус деген балдары болуп, баштары таз болгон үчүн таздар атанган. Алибектен Мойунчу болуп, булар Кочкордо, Надырбек элинде Шарше Набай уулу деген жана дагы... 154-бет: Жунустан Тобокел, андан Райымбек, Шайбек, Дайырбек. Райымбектен Ыстам, Эсенгул, Жаман, Кубат, Мамбет деген уулдары болуп, буларды Райымбек уулу дейт.

Шайбектен Боботой, андан Карагул, андан Таштамбек, Тазабек, Алым. Таштамбектен Бозумбай, андан Мүсүралы, андан Максүт. Тазабек убактысында кадырлуу киши болуп, Солтоной, Жылкычы, Ногой деген балдары. Булар Борукчу элинде турушат. Солтонойдон Деркембай деген уулу болуп, бул дагы Борукчу элине кадырлуу болгон.

Атаматтан Беке, Чапча деген эки уулу болуп, Жайча тукуму Саркалпак аталып, Бекбодон Нурке, Жаныке деген эки уулу болуп, Жаныкеден 155-бет: Черикчи, Боктубай эки уулу болуп, Боктубайдан Бити, андан Жакып, андан Жамантай, Жабагы. Жамантайдан Жаңыбай, андан Абыке. Жабагыдан Жумабай, андан Төлөгөн. Черикчиден Эшмурат андан Токо, Ныша, Шапак, Айа, Байтөрө, Жаманболот, Токтоболот, Курман, Ийгилик, Карбоз жана тондуу уулдары Кудаке, Жолдош, Заит, Кокош болуп, булар Эшмурат атанган. Жана Нурукеден Жумаш, андан Итемген, андан Кабыл, андан Кодоң, андан Чоро. Булар Итемген аталып, Эшмурат менен бир тууган. Эшмураттын Шапак деген уулунан Сарбаш, андан Шабдан, андан Ысак, андан Таштуубай жана Сарбаштын 156-бет: Атагозу деген уулунан Мамбеталы, андан Султангары, Абдылдабек. Жана Эшмураттын Жамболот деген уулунан Чоңчокой, Кичичокой жана Токодон Качы, андан Күнтууган, андан Оторбай, андан Төлалы. Кичичокойдон Өмүрсак, андан Шайык.

Кудакеден Жоош, андан Жакып, андан Сарыбай, андан Токо, андан Токтомамбет, Жолдоштон Белек, андан Алыбек, андан Абдыралы. Жана Ийгиликтен Байтемир, андан Байган, Осмоналы. Жана Чоңчокойдон Боруке, андан Ныйазалы, Калбай. Жана Чапчадан Эшмат, андан Биткөчөк, андан Бердикожо, андан Байбото, андан 157-бет: Кошой, Раманберди. Бул Чапса тукуму Саркалпак атанат.

Кылжырдын өз аты Сарыбагыш, мойну кылжыр себептүү Кылжыр атанган. Кылжырдын Орозбак, Дөөлөс деген эки уулу болуп, Орозбак тукуму бугу аталып, Дөөлөс тукуму сарбагыш атанган. Дөөлөстүн төрт уулунун тукуму Жантай, Манап, Элчибек болуп, Манап тукумунан Түлкүдөн тараган Тынай атагынан башкалары байан кылынып, Тынай уругу акырына калтырылат.

[158]Ушул окуялар көп санжыраларда бирдей, Манапты мен төрөйт элем деген мааниде айтылат. Мис., Дөөлөстүн байбичеси Меншек туубас болгон, ошондо калмактын бир улугунун кызы «ушундан бир жакшы уул туулат» деп, жактырып, ага тиймей болот. Бирок Дөөлөс ага чейин үйүндө жүргөн Жезбийке деген күңүнө жакындашып алат жана анын боюна бүткөнүн билип калган Дөөлөс баатырдын байбичеси билгизбей кичинеден кийиз каттап, курсагын чоңойто берген. Кийин Жезбийке төрөгөндө баланы өзүнө алып, «мен төрөдүм» деп жарыя кылган. Балага Манап деген ат энчиленип, кийинчерээк калмак кызы айткан «жакшы уул» ошол болгон (кара: Эрмек Үмөт уулу жазып алган санжыра. //Кыргыз санжырасы. 269–79-б.). «Манап» деген ысым боюнча да бир нече пикир бар: мис., С. Аттокуров аны Мухаммед пайгамбардын 4-атасы Абд-и Манафка, Б. Солтоноев 1) орто кылымдагы Барскоон шаарынын башчысы манакка, 2) кыргыздын «манек» (толук денелүү, чымыр киши) деген сөзүнө байланыштырат. Көпчүлүк тарыхчылар (Ө. Осмонов, Т. Өмүрбеков ж. б.) Манапты 4-атасы Тагай бийдин тушунда түзүлгөн кыргыздардын конфедерациялык саясий бирикмесин бекемдөөнү уланткан инсан катары таанышат. Ошондуктан эреже катары кыргыз коомундагы кийинки чоң бийлер (мис., бир туугандар Үчүкө, Түлкү, Маматкул Үчүкө уулу, Болот, Черикчи, Эсенкул, Ниязбек, Калыгул Бай уулу) же хан (Ормон хан) негизинен Манап бийдин тукумунан таңдалышы мыйзам ченемдүү көрүнүш болуп саналат.

## 6.8 Орозбак балдары

Орозбак Кылжырдын уулу болуп, 158-бет: Орозбактыдан Арык, Асан, Карамырса, Мырзакул төрт уул. Арыктан Балтатыр, Жоотатыр деген эки уулу болуп, Балтатырдан Балбан, Сарыке.

Жоотатырдан Көчөк, андан Байым, Сейиткулу, Сейитказы, Калматай төрт уулу болду. Сейиткулудан Тагай, Дөнөк эки уул. Тагайдан Ныйаз, Токтош, Тыныш, Кудайберди төрт уул. Токтоштон Ыкай, Самтыр, Байбөрү. Самтырдан Жакып, Мырзабай, Ыйман. Мырзабайдан Беркимбай, Чаргын. Беркимбайдан Туматай. Барлык Арык тукуму эки болуш болуп, бири Ысык-Көлдүн айагы Ак-Өлөң, Ылакол жана Семиз-Белде. Экинчиси көлдүн башында болуп Кыдыр аке деген кадырлуу, журт билген киши болгон.

159-бет: Арык тукумунун түтүнү 1915-жылдарда 3000 түтүндөн ашып, Асан тукумунун түтүнү 10 түтүндөн ашкан эмес. Карамырза тукуму 100 гө чыкпаган түтүн болуп, булар Ысык-Көлдүн күн чыгышында Кең-Суу элинде турушат.

## 6.9 Мырзакул байаны

Мырзакул Орозбактынын уулу болуп, Мырзакулдан Тынымсейит, Алсейит деген эки уулу болуп, Алсейиттин улуу катынынан Боор деген эл болуп, булар дагы Кең-Суу элинде өзүнүн туугандары менен турушат.

## 6.10 160-бет: Икайа

Бир күнү Асан менен Карамырза Нарын шаарынын түштүк сол чеке жагындагы Аламышык деген тоого кийик уулап барып, ошол тоодон бир кыз таап алышып, үйүнө алып келген. Ошол кызды Арык, Асан, Карамыза, Мырзакул төртөө кеңешип турушуп Мырзакулдун кичи уулу болгон Алсейитке алып беришкен. Барча бугу атагында болгон элдин көпчүлүгү мына ошол кыздан таралып, бугу уругу ошол кызды мүйүздүү байбиче деп лакап ысым беришкен. Жана бугу деген аталуу Орозбак тукумунда жок[159]. Бугу деген атакты дагы ошондон алышкан. Йагни караңгылык менен алиги Аламышыктын тоосунан табылып, Алсейитке катын кылып алып берген кызды кайберендин 161-бет: кызы деп ойлошкон[160]. Чындыгында ал кыз кайберендин кызы болмойунча адам баласынын эле кызы болууга керек[161]. Ошол кызды Алсейит алып, андан Жамангул, Бапа деген уул болуп, Бападан бапа деген эл. Эшмукамбет Кенгирбай уулу[162] деген атактуусу болгон жана Алсейиттин кичи катынынан Желдең

[159] Санжырачы туура жыйынтык чыгарып жатат. Анткени кийинки учурда түшүнбөстүктөн Алсейиттин тукумунан башкалар да өздөрүн «бугу» уруусу деп эсептейт. Бирок мурун чоң ата (Орозбакты) жана анын балдары (Арыкмырза, Асанмырза, Карамырза, Мырзакул, ал түгүл Алсейиттин бир тууганы Тынымейит) өздөрүнүн уруусун келининин атынан аташы мүмкүн болгон эмес.

[160] Бул жерде да санжырачы өзүнүн илимий түшүнүгүн көргөзүп жатат. Чынында мүйүздүү кыздын тоо арасында кайып болуп жүрүшүн ж. б. өлгөндө сөөгү жок, боз үйдөн чыккан бир кайберендин изи гана калышын эч кандай илимий негизде түшүндүрүүгө болбойт. Бул жерден кээ бир урууллардын тайке-жээнине байланыштуу айтылып калышын эске алууга болот. Мис., З. Бабур (кара: Бабырнама. А., 1993. 41-б.) Аксак Темирдин тукумундагы Султан Ахмет мырзанын экинчи аялы тархан тукумунан болгондуктан, ал «Тархан бийке» аталып, ушул себептен ал чын аты тарыхта белгисиз калганын эскертет. Ал эми саяк урусундагы Түгөл да, анын уулу Маңгыт да чекир саяк болсо, Маңгыттын үч баласы Казыгул, Эсиркемиш, Сүйөркулдун энеси катаган уругунан болгондуктан алардын тукуму кайра «катаган» аталган.

[161] Уламышты кайберен эмес, адамга байланыштырган логика туура. Мис., Мухаммед Хайдарда (кара: Тарих-и Рашиди... 76–78-б.) Ак Бугу, Сары Бугу деген эмирлер эскерилет. Демек, Бугу аттуу кишилер бир кезде жашаган. Алымсейиттин 4-атасын Тагай бий деп таанысак, ал Абд-ар Рашиддин ордосунда жүрүп, ордо кызына үйлөнсө, анда анын тукуму да тектүү жерден кыз алууга укуктуу болмок.

[162] Кендирбаев Эшмуканбет (2. 2. 1938. азыркы Бишкек шаарында өлгөн) – Кыргызстанда Совет бийлигин орнотууга катышкан мамл. ишмер. 1918-жылдан Компартиянын мүчөсү. 1916-ж. Түркстан БКнын тапшырмасы (№ 100-буйрук) м-н үркүндө Кытайга

деген эл болуп, бапа, желдең экөө бир жерде турушат. Барыскон, Жууку деген Ысык-Көлдүн тескей тарабында болуп, эки болуш чамасында болду.

Жамангул Алсейиттин бир уулу болуп, Жамангулдан Кыдык, Белек, Төрөкочкор, Боккөт деген уулдары болуп, 162-бет: кыдык уругу кыдык аталып, булар дагы Ысык-Көлдүн тескей тарабы болгон Тоңдо. Төрөкочкор тукуму Кыдык менен.

Белек Жамангулдун уулу болуп, Белектин Алдайар, Алдаш, Сатке, Кожош, Элчибай, Шүкүр, Тогузбай, Токой, Токоч деген уулдары болгон. Жана Алдаштан Бирназар, Шапак, Тазабек, Меңмурат, Кудайменде, Түкүк деген балдары болуп жана Бирназардан Аалыбай, Нанжебес, Эсенаман, Байаки, Данийар, Мураталы деген болуп, Жылкыайдар, Айбаш, Куйбаш деген тондуу балдары болуп, Жылкыайдардан Тилекмат, андан Чыныбай убак 163-бет: тысында помошник болуп, Ысык-Көл айланасындагы болгон барлык бугу, сайак наамындагы бир ойоз элди бийлеп, кыламын деген ишин кылган. Чыныбайдан Жоламан, Баракан деген уулдар болгон. Жана Бирназардан Алыбай, андан Солтонкул, андан Сарыбай болуп, Сарыбай убактысында чоң бай болуп, байлыгы жеке бугу эмес, сарыбагыш уруктарынан ашкан. Байлыктын белгиси ушунчалык – атасы Солтонкулунун ашын бергенде, баш байгесине 1000 жылкы сайып ашка берген. 1914-15-жылында Орозбак тукуму он эки болуш чамасында болгон.

## 6.11 164-бет: Тынымсейит уругу

Орозбактын уулу Мырзакул, андан улуу уулу Тынымсейит болуп, Тынымсейиттин Кабели, Шалтак, Мортук деген үч уулу болуп, Кабели тукуму беш бала атанган. Шалтактын Чабалдай, Меңдибек, Бактыгул, Кабак деген бир нече уруктары болуп, булар Нарында турушат. Ысык-Көлдүн тескей тарабында дагы бар.

## 6.12 Мортук балдары

Мортуктан Токтогул, Жаманак деген эки уулу болуп, Жаманактын Кашкары, Кемпирэк, Кожойар деген балдары болуп, 165-бет: Жаманактын бир катынынан Айан деген эл болуп, үчүнчү катынынан Тотуйа деген эл. Айан уругунан Байсак, Бердимат деген кыйындары болгон. Булар Нарындан Оттук деген жеринде болуп, кыдык ичинде дагы бар. Тотуйа уругу Нарындын Эчки-Башы деген жеринде болуп, бул уруктун Жээналы деген карыйасы бар эле. Кемпирээк, Кожойар тукуму бөрү, жору деп айтылган. Булар дагы Нарындын Чуңкур-Суу деген жеринде болгон.

Кашкары Жаманактын улуу уулу болуп, Кашкарынын Ырыс, Торгой деген эки катын болуп, Ырыс деген катынынан 166-бет: Сопу, Чалбай, Молтой, Томчүчөк? деген төрт уулу болуп, булар төрт ата Ырыс аталып, Нарындын Мин-Булак деген жеринде турушат. Атакан, Ысмайыл, Акман деген карыйалары болгон. Жана Кашкарынын Торгой деген катынынан Сырдыбай, Сырымбет, Сарбала, Жумаш деген төрт уул болуп, Жумаш тукуму 1915-жылга 30 чамалуу болуп, булар дагы Нарындын Эчки-Башы деген жеринде эле. Сартбала тукуму Ороңкай аталып, Сартбаладан Кожомкул, андан Боку, андан Жапый, андан Тыныбек жомокчу, 167-бет: андан Актан комузчу. Сооромбай деген эки уулу болуп, Актан замандын биринчи акын тамашакөй жигиттеринен болгон. Булар ураңкай тукуму 1915-жылга 70 түтүн чамасында бар эле. Нарындын Эчки-Башы деген жеринде болгон.

---

качып, кайра келген кыргыздарды жайгаштыруу боюнча жооптуу кызмат аткарган. Совет бийлиги орногондон кийин Каракол жана Пишпек ш-нда ревкомдун төрагасы, Кара Кыргыз автономиялуу облусунун Жер иштетүү боюнча Эл комиссары, Жети-Суу обл. аткомунун төрагасы болуп иштеген. Түркстан БКнын чечими менен 1921-ж. Ферганадагы басмачыларга каршы күрөшкө катышып, өнөкөт жүрөк оорусуна байланыштуу 1926-ж. кайра туулган жерине келген.

Сырымбет тукуму 100гө жакын түтүн болуп, булар дагы Нарындын Миң-Булагын жердеп турушуп, Таабалды жана Алайбай деген бир болушка кадырлуу кишилери болгон.

Сырдыбайдан Байтемир, Темиржан, Текеш, Жоодан деген төрт уулу болуп, Байтемирден Боку, Токтор деген 168-бет: жана дагы бир нече уулдары болуп, Боку тукуму дагы Миң-Булакты жердеп турушат. Токтордон Ашыр, андан Арзымат, андан Ыса, андан Ырыскул болуп, булар илгертен бери Жаманак уругун бийлеп келишкен чоң болгон.

## 6.13 Токтогул балдары

Токтогул Мортуктун улуу уулу болуп, Токтогулдун улуу катынынан таралгандар Дөлөй атанган. Жана бир катындан Акбагыш, Дүрбөөн, Чыйбыт, Термечик деген балдары болуп, Дөрбөөн, Чыйбыт, 169-бет: Термечик балдары үч урук аталып, Чыйбыттын, Мамаке, Атасары, Айдарбек, Абылаке деген балдары болуп, Айдарбектин уулу Нанай, андан молдо Байток. Бул киши 1914-15-жылдарда 200 түтүн чамалуу үч урукту бийлеп, иштеп турган. Булар Нарындын Орто-Нура деген жерин жердеп келишкен.

Акбагыштын Үркүнчү, Норуз, Байгазак, Былжык, Мөңкө, Сырымбет деген алты уулу болуп, Норуз тукуму норуз атанып, Байгазак тукуму байгазак атанган. Булар Нарындын Ичке-Суу, Каракүб деген жеринде болуп, 1914-15-жылга Байгазак 80, Норуз тукуму 70 түтүн чамалуу бар эле. Байгазактан Эрназар, андан Ысайыл, андан Чаргын, андан Ысабек. Акбагыштын улуу уулу Үркүнчү болуп, Үркүнчүнүн Шопок, Бөжөкөй, Бердике деген үч уулу болуп, Шопок убактысында баатыр болуп, калмакка аталары түшүп кетип, Эрен-Кабырга, Эртиш деген калмактын ичине көп жыл тургандан кийин Шопок Какым көлүнүн кара кушун атып алып келип, калмактын канына тартуу кылып, калмактын канынан бир талай көп кыргызды туткунчулуктан куткарган. Шопок, (...), Асамбай болушкан. Шопоктун Чоробай деген улуу болуп, 171-бет: андан Алжан, Буйлаш деген эки уулу болуп, Алжандан Байшери, андан Досмат, андан Жамангул. Жана дагы Шопоктун Көзүайдар деген уулу болуп, булар Көзайдар уулу деп айтылат. Көзүайдар, андан Боогачы, андан Ажыбай, андан Кожо, Ыскак. Жана Таңсык деген Шопоктун бир катынынан Таңсык уулу атанып, Алсейит, Жамамбай дегени бар эле. Таңсыктан Эсенбек, Бөрү. Булар Нарындын көкүрөгү болгон Ийри-Суу, Коңурду-Бу(лак?) деген жеринде болушкан. Жана Үркүнчүнүн Бердике деген уулунан бердике деген урук болуп, булар Нарындын Орто-Нура деген жеринде эле. 1915-жылга Үркүнчүнүн Бөжөкөй деген уулунан 172-бет: Сарык, (Төжөк?? Тожук??), Калжа үч уул. Сарыктан Алыке, Байастан, Айылчы, Нусуп, Атаке, Матай, Атабек деген уулдары болуп, Алыке убактысында чоң болуп, анын уулу Табылды кыргыздын биринчи эр жигиттеринен болгон. Бирок өмүрү кыска болгон, жаш убактысында өлгөн. Табылдынын уулу Мамбетиса, андан Ырысалы, Жээналы.

Атабектен Кудайберген, Байгубат, Такырбаш, Мамыт, Жакып, Абдылда деген уулдары болуп, Кудайберген тынымсейит уругуна кадырлуу киши болгон. Кудайбергенден Газила.

Сырымбет Акбагыштын алты уулунун 173-бет: кичүүсү болуп, Сырымбет балдары Жылчымыш, Төлөмүш деген эки урукка бөлүнүп, Жылчымыш уругунан Сөлпү Курман уулу деген жакшысы болгон эле. Бул киши Микеңдин[163] убактысында 18 жыл бий болгон. Төлөмүштүн Даакы, Жабагы, Чон, Карбоз, Бактыбай, Чонду, Олжоболот, Самтыр, Кожомжар, Найман, Карасарт деген уулдары болуп, Чон өз убактысында баатыр болгон. Чондон Өзүмбай, Бердикожо, Сарыбай, Жаркымбай, Эшкожо, Шайдылда, Эшимбек, Сакөбөн, Сазан, Аттокур, Кудагелди деген уулдары болуп, Өзүмбайдын Жанай, Эраалы, Толуке, Ыбырай деген улдары болгон. Чондон барлык түтүнү балдарынан 1915-174-бет: 1916-жылында 40 түтүндөн ашкан эле.

Кожомжардан Аргын, Булан, Байаки, Мусакожо төрт уул болуп, Кожомжар өз убактысында кадырлуу киши болгон. Аргындан Шоорук, Саалы, Шааке. Буландан Чыңгыш, Байтели, Байгасы, Шамин, Сапал.

[163] Николай II айтып жатат.

Чыңгыш өз убактысында чоң болуп, 12 жыл чамалуу болуш болгон жана иниси Сапалды дагы болуш кылган. Уулу Садырды дагы болуш кылган. Өзүнүн башы жана ага-тууганы менен бай болуп жана туугандары көп болгон.

Тынымсейитин барлык түтүнү 1915-16-жыл жалаң каттагысыз 2000 ге жакын 175-бет: түтүн болуп, Токтогул, Жаманак деген эки атанын баласы эле. Мындан миң ашык түтүн. Токтогул уругу болуп, Токтогул уругунун көбү илгери убактыда калмактын чабуулуна түшүп кетип, бир нече жыл калмак ичинде тургандан кийин, туткундуктан кутулуп, кайта келишип, өз урук тууганы болгон тынымсейиттин ичине турушуп, кыргыздын бир-нече уруктары калмакы деп, бул Токтогул уругун айтып жүрүшкөн. Көп жылдардан соң тынымсейиттин Чабалдай деген уругунун карыйасы Боромбай деген кишинин айтуу менен Токтогулбуз деп түп атасынын атын айтып жүрүшөт. Токтогулдан Акбагыш, Дөрбөөн, Чыбыт, Термечик, Дөлөй... барлыгы тогуз уул, бир нечөөнүн тукуму калмакта калган имиш.

176-бет: Саяк Карачоро менен бирге ээрчип келип, Тагай бийге бала болуп туруп калган. Саяктын уулу Каба болуп, Кабанын улуу катынынан Түнгатар, Түнтөй эки уулу болгон. Каба өзү кичи ата болгону менен Тагай тукумуна кадыры орто киши болуп, бул киши жигит агасы болуп, жашы өйдөлөп калганда, элден жактырып жүрүп, бир кыз алган эле. Андан туулган баланын атын Шыкмамат койду. Бирок Каба Шыкмамат чоңойо электе өлгөн. Каба өлгөндөн кийин кичи катынын Мышый деген бир жактан ооп келген киши алган. 177-бет: Андан туулган баланын атын Чекир койгон. Киймине жана башка нерселерине жазуу жаза берүүчү болгону үчүн Чекир молдо деп ат койушкан. Бул Чекир молдодон Үчкуртка, Түгөл, Ыман деген үч уул болуп, булар Курманкожо, Кулжыгач, Чоро, Ыман уруктары аталып, Жумгал, Нарындын көчүгү йагни күн батыш жагы болгон Куртка, Терек, Тогуз-Тороо жактагы турган сайак уруктары аталган элдер. Бул бир жактан ооп келген киши өз аты Акмат болуп, кандын баласынан эле. Йагни кыпчактын канын башка жеңгенде, кыпчактын канынын баласы кыргыз ичине качып, өз атын жашырып, атым Мышый деп жүргөн.

178-бет: Кабанын Түнгатар уулу жесирге таарынып, атасы Кабадан бөлүнүп, Кетмен-Төбө, Талас тарабына барып турушкан. Булар дагы сайак ургу болуп, Садыр, Акмат, Дыйкан деген чоңдору болгон.

Түнтөй Кабанын уулу Түнгатардын иниси болуп, Түнтөйдөн Актери, Бозтери, Абат, Дуулат деген төрт уулу болуп, Актери, Абат тукумдары Нарында болуп, сайак эли жана чоро элинде Саке ажы деген аксаклы бар эле. Дуулат тукуму Анжиянда.

Бозтериден Элтынды, Досой бир тууган болуп, булар Ысык-Көлдүн күн батыш түштүк тарабында жана дагы Ысык-Көлдүн түн тарабы болгон Долоноту деген жерде. 179-бет: Бозтери тукумдары Кудайменде, Шереӊ, Ботугур, Каракучкач, Жаманбай уруктарына бөлүнүп, жана дагы Досой уруктарына бөлүнөт. Булар менен бирге Алагуш уруктары болуп, бул Алагуш Кабанын тондуу уулдарынна болгон. Кабадан Түнтөй, андан Бозтери, андан Элтынды, андан Асан, андан Каракучкач, андан Кожош, андан Бакы, андан Түлкү, андан Алчын, андан Дуулат, андан Нарымбай, андан Абышбай.

Элтынды уругунан Кетирекей болуп, андан Райымбек, андан Баатыркан болуп, Баатыркан өзү убактысында чоң болуп, Алакөз Каба уруктарын бийлеп, 1902-жылдарда агасы 180-бет: Байбек өлгөндө 25000 сом баш байгесине сайып, аш берген. 25000 сом ошол убактысында орто баа менен 8000 миң койдун баасы эле. Жана ашына Каракол, Пишбек ойозу, Нарын учаскесин чакырып, ашка келген элди 2000 түтүн чамалуу болгон. Алакуш, Каба түтүнүнө бөлүп алып кондурган.

Баатыркандын чоң атасы Кетирекейдин бир нече катынынан жакын уулу болгон.

## 6.14 Шыкмамат балдары

Шыкмамат Кабанын кийинки жактырып 181-бет: жүрүп алган катынын баласы болуп, Шыкмаматтын Кудаш, Култай деген эки уулу болуп, Култайдын Бакты, Ороз, Бөөбүй деген уулдары болгон. Бакты өз уругу Чоң-Саройдо болуп, Бөөбүй уругу ар кайсы жерде таралып жүрөт. Кудаш бийден Куртка мерген, Бектемиш, Чороке деген уулдары болуп жана Анжай, Ынжай деген тондуу уулдары болгон. Йагни насили калмак болгон эле.

Ынжай озү калмак болгону менен малсар киши болуп, Кудаш бийге ишеничтүү киши болгон. Бир күнү Кудаш бий жолоочулап барып, кайта келсе, Ынжайдын бөлөк айылы болуп конгонун көрүп, Кудаш бий эмине үчүн бөлөк кондуң деген. 182-бет: Ынжайдын тилин айылдагылар албай койгонунан мал-жайына карап, бөлөк конду деп айтышкан. Ынжайдын бөлөк конуу себептүү Бөлөкбай атанып кеткен. Бөлөкбайдын Калматай, Токтогул, Белек деген балдары болуп, Калматай балдары, Калматай аталып отурбай, Молтой деген кадырлуу кишилеринен болгон. Токтогулдан Чиркей, Олжобай, Чоңчарык деген улдары болуп, үч урукка бөлүнгөн. Белек тукуму Алдайар атанган. Анжайдан Кожойар, Кулжа эки уул болуп, Кожойардан Асказан, Эсембай, Эсентүңүл, Ырыстай деген төрт уулу болуп, төрт ата Кожойар аталат. Кулжа менен бешөө.

183-бет: Бул уруктар Ысык-Көлдүн түндүк тарабы болгон Күңгөй-Аксуу, Байсоорунда турушат. Садыр аке деген чоңу болгон.

Кудаш бийдин Чороке деген уулунан чороке деп аталып, бул уруктан Талкамбай деген кадрылуу кишиси болуп өттү. Бектемиштен Шайбек, андан Кожош, Кудайар, андан Жайыл, Назар, Кудайменде, Чулум деген төрт уулу болгон. Жайылдан Касы, андан Ырысменде, андан Каңгелди, Байгелди, Төлөгөн деген балдары болуп, Каңгелди убактысында кадырлуу бай киши болуп, 184-бет: Мекелей[164] убактысында 21 жыл чамалуу болуш болгон. Каңгелдиден Осмонкан, Мамыт. Кудайардын Назар деген уулунан Назар уулу. Кудайменде деген уулунан Кудайменде уулу. Чулум деген Чулум уулу болуп, Чулумдан Жоруп, андан Нурдөөлөт. Бул киши убактысында баатыр киши болу,п андан Чолпомбай.

Нурдөөлөт Ормон кандын убактысында болуп, бул киши баатыр киши болуп, бугу уруусу белек тукумунан болгон Балбай баатырлар болуп, бирге жүрүшкөн. 185-бет: Нурдөлөөт кийин орус чыкканда бир нече жыл болуш болуп, өкмөт кызматын дагы кылып турган. Уулу Чолпомбай дагы болуш болуп жүргөн. Жана Шайбектин бир уулу Кожош болуп, булар Кожош андан ошол жогорудагы айтылган Бектемиш тукуму Бакачы атанган.

## 6.15 Куртка мерген балдары

Куртка мергенден Дуулат, Акылбек, Торпок, Кабатай, Төлөк деген уулу болуп, Кабатай, Төлөк тукуму аңылдак атанган. Бул уруктар Солто деген киши нечен жыл бий болуп, Куртка мерген, Бакачы уруктарын бийлеп, чечендик менен эки дубанга кадырлуу болгон. Анын уулу Максүт болуш болуп, Куртка мерген уругун Бакачыдан бөлүп алып, 550 түтүндү мал башын бийлеп турган жана Каракол ойозуна жакын болуп алып, Каракол, Нарын учаскесине караштуу болгон нечен болуш элдерге ойоз менен бир жүрүп, шайлоо кылып, өзүнө жакын болгондордон болуш кылган, 1915-жылдарда.

Куртка мергендин Акылбек деген уулунун тукуму Акылбек атанып, бул уруктан Мажакып деген жакшысы болуп жана Касым Тыныстан уулу адабият бөлүмүнө баштык болгон. Куртка мергендин Торпок деген уулунан 187-бет: торпок уругу болду. Бул урук азыраак түтүн болуп, Турдалы, Масыл деген карыйалары бар эле.

[164]Же Николай II.

Куртка мергендин Дуулат деген уулунан Бокотой, Барак деген уулу болгон. Бproperly Барактан Байсейит, Тогол, Чекебай үч уул. Чекебай тукуму аз түтүн. Тогол тукумунан Миңжылкы балдарынан Жусуп Болотов жана Абдыракман Болотов деген жигиттер[165] замандын билимдүү жигиттеринен болуп саналат.

Байсейиттен Жээнбай, Борук эки уул болуп, Жээнбайдан Адый, Кеңеш эки уул. Адыйдан Багышбек, андан Сарыбай, андан Байымкул, 188-бет: андан Айдыралы. Боруктан Каракөчөк, Таберик. Табериктен Шадыкан, андан Табалды, андан Каткелди, Ырыскелди, Дөөлөт.

Барак тукуму 100 түтүн чамасында болуп, бул уруктарды илгертен Сарыбай жана анын уулу Райымкул бийлеп келген. Бул барча сайак атанган эл Карачоронун жанына ээрчип келген баладан таралган. Карачоронун атасы Тагай бий бул бала кайсы деп сураганда, бул селсайак жүргөн бала биз менен бирге келди деп, Карачор жооп берген. Ошол себептүү Сайак аталып кеткен. Бул уруктар көп болуп, бул уруктардын манаптарынан 189-бет: дагы Микелей убактысында чоң манаптар чыккан.

## 6.16 Чертики балдары

Чертики деген сөз кишинин аты болмойунча канга айыптуу болуп, Четтик деген шаардан бир киши келип, тамеки жана майда бакал сатып жүрүп, кыргыз ичине туруп, Тагай бийге караштуу болуп туруп калган. Четтик деген шаардан келгени үчүн Чертики аталган. Өз аты Жолборсбек болуп, андан Кулжыгач, андан Кедей, Додой. Кедей тукуму Анжиянда туруп калган. Додойдон Жоочалыш, андан Жармамат, 190-бет: Саркалпак, Сазай. Жармаматтан Карагуш, Мөңгөтөй, Кенжегозу. Карагуштан Жамболот, Көлбай. Жамболоттон Түлкү, андан Боккөтөн, андан Чот, андан Тагылык, Байжигит, Омот, Молжигит. Байжигиттен Ногой. Бул уруктардын түп атасы кыргыз ичине келип кыргыздан кыз алып, Тагай бийге бала болуп туруп калганы үчүн Тагайдын тондуу балдарынан болуп эсептелинет.

## 6.17 Фазли солто уруктары тууралуу

Тагай бийдин улуу уулу Богорстон болгон, андан Эштек, андан Солто. Солтонун Күнтуу, Култуу, Чаа деген үч уулу болуп, Күнтуудан Токбай, Карамерген, Төрө, Кулболду, Жолболду, Байгана, Чоңмурун деген жети уулу болуп, жетиси тең жети урукка таралып кетишкен. Күнтуу эли деген Пишбектин күн батыш тарабында турушат. Бул уруктан Сарымсак, Сагымбай деген кадырлуу кишилеринен болгон.

## 6.18 Култуу балдары

Култуу балдары Чылпак аталып кеткен.

192-бет: Култудан Адине, Мендеке. Адинеден Атакүчүк, Элчибек. Атакүчүктөн Абышка, Чал. Абышкадан Кашкары, андан Сейтек. Андан Сүйүмбай. Чалдан Байке, Тилеш. Бул уруктарды Айуукор деп аталган. Ссебеби кыргыз Абулай кандан качып үркүп, барып Кетмен-Төбө жана Анжийан багыты болгон Кокон-Кышлак тараптарын 11 жыл чамалуу жердеп туруп калышкан. Көбүнчө кыргыз уруктары ичинде солто, сарыбагыш уруктарынан мына ушул убактыда Чал Меркинин күн батар тарабында, бир тоодо калып калган. Мындан кийин Абулай кандын йагни чоңойо баштап, сарт кандары жана Абулай кан Чүйдө турган. Моңгол тукуму болгон калмактарды жана 193-бет: анын каны болуп Меркини жердеп турган коңтажы жоолап, Чүйдөн чыгара баштаганда, Чүй ээн болуп калат. Мына ошол убактыда көгөй уругунан койкоң Назар деген киши келип, Чүйдү чалып көрсө, Чүй ээн болуп калганын көрөт. Жана бир тоодон түтүн чыкканынан барышса, Чал эки кыз баласы менен олтурганын көрөт. Чалдын кыздары койкоң Назардан коркуп качып бергенде, чал балам

[165] Башкача айтканда Жусуп Абдыракманов. Официалдуу документтерде Юсуп Абдрахманов.

тим бол деп айткан. Мына ошол ссебептүү ошол жерди тимбол деп ат койушуп калган. Койкоң Назар чалдын жаткан үңкүрүнөн айуунун талпактарын көргөн. Чалды эки кызы менен ээрчитип барып, туугандарына кошкон. Койкоң Назар чалдын жаткан үңкүрүнөн көргөң айуу 194-бет: нун талпактарын элге айтып барып, ошол ссебептүү чалды айуунун этин жеди деп ойлошуп, айукор деп айтышкан.

## 6.19 Чаа уругу

Чаа солтонун уулу болуп, Чаадан Каракчы, Талкан, Тата деген үч уулу болуп, 80 ге чамалап баргандагы баласы болгондуктан, Тата деп ат койулган. Татанын Айтеке, Абыл, Аңкылдак, Кенжебай, Кулубай, Токобай, Соно деген уулдары болуп, бул уруктар Тата аталды. Бул уруктар дагы солтонун ичинде турушат.

## 6.20 Бөлөкбай балдары

Чаанын бир уулу Каракчы болуп, андан Байсейит, 195-бет: Кутуш эки уул. Бул Каракчы уругу Бөлөкбай тармагы бөлөк конгондон болгон. Байсейиттен Эсиркемиш, Боку, Кутумбет, Ногой, Чулу, Жалайыр, Чүнкөлөй, Айдарбек, Шайык деген тогуз уулу болуп, Эсиркемиштен Кебек, Мурат, Олжочу, Жылкычы деген уулдары болуп, булар Эсиркемиш аталды. Мураттан Бекбото, Нарке. Бекботодон Бердиш, андан Тайлак, андан Айдабосун, андан Абылмейис, Өмүралы, Жамангул үч уул.

Чулу казактан өлүп, Чүй суусунун бойуна Пишбектен Алматыга бара турган кара жолдун бойуна койулган. Чүй суусуна салынган көпүрөсү деп айтылат.

196-бет: Үкүдөн Жабагы, Тоймат, Эдилбай, Ту..., Кубат, Бузалдай алты уулу болуп, булар Үкү деп аталган. Жабагыдан Бекетай, Чоко. Тойматтан Балта, Эшкожо, Абай, Букар, Чүйнүм, Карабай, Кодоң, Чынкожо. Кутумбеттен Карга, Тобо, Мырза, Басыл төрт уулу болуп, Мырзадан Токучу, Адучу. Адучудан Корчу ажы, андан Сулайман болуп, бул киши кадырлуу киши болгон.

## 6.21 Бүтөш балдары

Бүтөштөн Жакып, Жетикашка эки уул болуп, Жетикашкадан Төлөн, Тубар...., бул уруктар Жетикашка аталып, Пишбекке .....

Акыркы 2 барактын беттери коюлган эмес, бирок ушул теманын уландысы жана фрагменттери!

....Тоной, Кенжекара, Шорук, Балбак, Тайлак, Торуке, Турдубай он бир уулу болгон. Жангарач убактысында бүткүл солтону сурап өткөн. Сурап өткөндүгү ушундан маалым болот, бир түндө кермесине кырк байтал байланган. Жангарачтан Токтоной, Касым, Кулжан, Чолпонбай, Черикчи, Төлө, Курман, Акылбек, Ашыр, Дыйкамбай деген он уулу болуп, Токтонойдон Соромбай, Күмүш. Касымдан Аманкелди. Кулжандан Жантай. Ашырдан Үмөталы. Дыйкамбайдан Алымбек.

## 6.22 Канай балдары

Канай Түлөбердинин уулу болуп...

...Жайыл аталды. Жана Талкандын бир уулу болуп, ....кы болуп андан Ашымбек, андан Дөөтбай, ...ыбай, Ыстамбек үч уул болуп, Дөөтбайдан

Араб тамгасынан которгон Асанов Т. И.

Басууга даярдап, комментариялаган Турганбаев Э.